
84.7
П 60

Элинор Портер

Поллианна



84.7
П 60

Элинор Портер

Полианна



ОБЩЕСТВЕННО-ПОЛИТИЧЕСКАЯ
БИБЛИОТЕКА
ИНВ № 24/26670
4724.

БИШКЕК – 2021

УДК 821.111(73)-93
ББК 84.7
Э 46

Даярдаган:
Тойчубек Сагындыков

Элинор Портер
Э 46 Поллианна; - Б.: 2021 – 176 б.

ISBN 978-9967-486-54-6

Дүйнөлүк балдар адабиятынын «Алтын казынасына» кирген Поллианна романынын жазылганына жүз жылдан ашты. Анын автору Элинор Портердин эстелигинде «миллиондогон жүрөктөргө жарык чачты» деген жазуу бар. Бир кылымдан бери көптөгөн тилдерге которулуп, окурмандар тарабынан сүйүлүп окулуп келаткан, элдин жүрөгүнөн түнөк тапкан бул чыгарманын сыры эмнеде?

Дүйнөлүк классикалык адабияттардын катарын толуктаган «Поллианна» чыгармасы кыргыз тилинде алгачкы ирет жарык көрүүдө.

Китеп мектеп окуучуларынан тартып бардык окурмандарга арналат.

ISBN 978-9967-486-54-6
УДК 821.111(73)-93
ББК 84.7
©«ОКУ!» басма үйү, 2021

ЭЛИНОР ЖАНА ПОЛЛИАННА

Америкалык жазуучу Элинор Портер 1868-жылы 19-декабрда Американын Нью-Гэмпшир шаарында жарык дүйнөгө келген. Бала чагында ден-соолугунан жабыркап, окуусун уланта албай калган. Элинор үйдөн окуп, бир канча убакыт музыка менен алектенген. Дары жасап иштеген атасы кызына музыкалык билим берүүдөн эч нерсесин аяган эмес. Бир жагынан апасынан кан аркылуу өткөн оорусу, бир жагынан жан дүйнөсүн эргиткен музыка Элинордун ан-сезимин, көз карашын өзгөртүп, назик жана сезимтал аялзатына айланткан. 23 жашында турмушка чыгып, чоң шаарга көчүп келген соң адабият дүйнөсүнө сүңгүгөн.

«Мисс Билли» «Кайчылаш агымдар» «Толкундар тартылганда» аттуу чыгармалары көпчүлүктүн көңүлүн бурган. Ага өзгөчө атак алып келген «Поллианна» чыгармасы алгачкы жолу 1913-жылы басылып, бүгүнкү күнгө дейре кадырын жоготпой келүүдө. Элинор Портер Поллианна романында кандайдыр бир деңгээлде өзүнүн жеке жашоосун жана башынан өткөргөн сезимдерин чагылдырган.

Ооба, дүйнөлүк балдар адабиятынын «Алтын казынасына» кирген Поллианна романынын жазылганына жүз жылдан ашты. Анын автору Элинор Портердин эстелигинде «миллиондогон жүрөктөргө жарык чачты» деген жазуу бар. Бир кылымдан бери көптөгөн тилдерге которулуп, окурмандар тарабынан сүйүлүп окулуп келаткан, элдин жүрөгүнөн түнөк тапкан бул чыгарманын сыры эмнеде? Албетте, америкалык жазуучунун китептери турмуштагы кыйынчылыктарды акчанын, революциялык күрөштүн же жомоктогу перилердин жардамы менен эмес, оптимизм жана кайрымдуулук аркылуу жеңүүгө чакырган.

«Оку» басма үйүнөн дүйнөлүк классикалык адабияттардын катарын толуктаган Виктор Гюгонун «Карыптар» романы кыргыз тилине которулуп, басылган болсо, эми минтип Поллианна чыгармасы да эне тилибизде алгачкы ирет жарык көрүүдө. Дүйнөлүк классикалык чыгармалар кыргыз журтчулугуна сунулуп, ары эне тилибизди, ары окурмандардын жан дүйнөсүн байытсын деген изги тилектер менен

«Оку» басма үйү

МИСС ПОЛЛИ

Июнь айы. Эртең менен мисс Полли Харрингтон шашкан бойдон ашканага кирди. Негизи шашма жан эмес, бирок бүгүн бир нерсе болгондой. Ашканада идиш жууп аткан Ненси башын көтөрүп таң кала карады. Анын бул үйдө кызматчы болуп иштеп баштаганына эки ай гана болгон. Ошентсе да мисс Поллинин минтип шашкалактаганын биринчи көрүшү.

— Ненси!

— Угуп атам, — деди кыз колундагы чөйчөктү майлык менен ааарчып жатып.

Мисс Полли дагы кыйкырды:

— Канча айтам сага! Мен сүйлөп жатканда жумушунду токтотуп угуп жүр дебедим беле!

Кызара түшкөн Ненси колундагысын текчеге коё салып сылык жооп берди:

— Угуп атам сизди, алаксып кетиптирмин. Өзүңүз идиштерди тез жууй кал дегениңизден улам шашып...



Мисс Поллинин кабагы бүркөлө түштү:

— Токтот болду! Мен сага актан деген жокмун, болгону мени ук деп атам.

— Макул эже, — деди Ненси үшкүрүп. «Бул аялдын ыраазы болгон күнү болобу деги» деп ойлонду ичинен. Кыз буга чейин «бирөөнүн үйүндө» иштеп көргөн эмес. Оорукчан апасы Ненсиден бөлөк чиедей үч баласы менен жесир калган болчу. Шордуу кыз үйдүн улуусу болгондуктан, апасын, бир туугандарын бакканга мажбур болуп, минтип иштеп жүргөн кербези.

Эки ай мурун үйүнөн алты миля* аралыктагы шаарга келип, Харрингтон ак сарайынын ашканасынан жумуш тапканда абдан кубанган. Ненси Полли айымды айтылуу Харрингтон тукумунун кызы жана шаардагы мен-мен деген байлардын бири катары билчү. Бирок бул кубаныч эки ай мурун болгон. Полли айымдын кол астында иштеп баштагандан бери анын бири жок.

Ненси мисс Поллиге оңой менен жага албасын, ачуусу чукул аял кашык түшүп кетсе деле, же эшик катуу жабылса деле жиндене берерин кийин байкады. Эки айдан бери анын жылмайганын бир да жолу көрө элек.

Унчукпай башын жерге салып туруп калган Ненсиге жаңы жумуш тапшырды:

---

* 1 миля 1,60934 километр

— Жумуштарыңды бүтүрөөр замат чатырдагы кичинекей бөлмөнү жыйнап чык. Ал жерге керебет киргиз. Бир сыйра шыпырып тазала. Бир да желе калбасын!

— Айтканыңыздай болот.

— Поллианна Уиттиер деген он бир жашар жээним келет. Мындан кийин биз менен жашайт. Ошол жакка жатат...

— Жээним келет дейсизби? Ой, кандай сонун! — деди Ненси кичинекей бөбөктөрү менен өткөн таттуу күндөрүн эстеп кубана. Кичинекей кыз томсоргон үйгө шаң кошот деп кыялданды.

— Эмнеси сонун! — деп таң калды аял, мисирейген калыбынан жазбай. — Бирок мен мындай сөздү айтмак эмесмин. Албетте колуман келгенин жасаганга аракет кылам дечи. Өзүмдүн мээримдүү аял экенимди билем жана мойнумдагы милдетти аткарбай коё албайм.

— Туура айтасыз эже. Неме... Мен кичинекей кыз сизге эрмек болуп, үйгө шаң кошобу деп ойлодум эле...

— Рахмат мени ойлогонуңа. Бирок мен андайга муктаж деле эмесмин деп ойлойм, — деди аял, мурдун чүйрүп.

Ненси келе турган белгисиз кызды жакшы маанай менен тосуп алууга пайдасы тийип калабы деген ой менен ары сынап, ары кубаттап мындай суроо узатты:

— Эжеңиздин кызы келе жатканына кубанып жатсаңыз керек?

Мисс Полли башын текеберлене көтөрүп:

— Чынын айтсам мен каалаган деле жокмун, — деди. — Ыраматылык эжем жашоодо эки чоң ката кетирди. Биринчиси турмушка чыгуу. Экинчиси болсо бала төрөө... Жер бети ансыз деле эч нерсеге жарабаган балдарга толуп кетти... Алардын санын көбөйтүп эмне кылат дейм да. Эми анын азабын мен тартканы турам.

Мисс Полли шагы сынып шалдайып калган Ненсинин таң калганына көңүл бурбай, сөзүн улай берди:

— Кудайга шүгүр, жоопкерчиликтеримди, милдеттеримди билген аялмын... Атасы өлгөндөн кийин жетим калган чиедей кызды көчөдө калтыруу мага жарашпайт.

Мисс Полли тапшырмасын берип болгон соң, ашканадан чыгып өз бөлмөсүнө барды. Эки күн илгери суук кабар сымал келген катты столдун үстүнөн алып, ачып кайрадан окуй баштады. Батыш жактагы шаарлардын биринен келген катта минтип жазылыптыр:

«Урматтуу мисс Полли Харрингтон!

Жон Уиттиердин он беш күн мурун өлгөнүн кайгыруу менен билдирем. Артында он бир жашар кызы жетим калды. Өзүңүз билгендей Жон Уиттиер китептеринен башка эч нерсеси жок

пастор болчу. Диний баян айткан кишинин андан башка эмне оокаты болмок эле. Жон менен сүйлөшкөндөн кийин, ортоңордо кандайдыр бир таарыныч бар экенин байкагам. Ал жубайы каза болгондо абдан кайгырган. Эгер өзү да ары карап кете турган болсо, кызын эжесинин кадыры үчүн сизди багып алар деген үмүтү бар экенин айткан. Бул катты батынып жазып аткан себебим да ушул».*

Мисс Поллинин ырайы бузулду. Катты андан ары окуду:

«Урматтуу айым!

Катым колуңузга тийгенден кийин жообун мүмкүн болушунча эртерээк жибересиз деп ишенем. Бул жакта жакын арада поезд менен силер тарапка барчу үй-бүлө бар. Эгер жообуңуз оң болсо Поллианнаны качан салып жибереримди телеграмма аркылуу сизге кабарлайм.

Сизден кубанычтуу жооп күтүп жатканын дагы бир жолу кайталап, Жеремия О. Уайт».

Кыжырданган Мисс Полли кагазды бүктөп, кайра конверттин ичине салды. Катка бир күн мурун эле жооп берген. Кызды кабыл аларын жазганы менен аны багууга көңүлү жок болчу. Конвертти колуна кармаган бойдон диванга отуруп, эски күндөрдү эстеди.

Кыздын апасы Женни көз алдына тартылды.

---

* Диний насаат айткан кызматкер

Жыйырма жаштагы эжеси үйдөгүлөр каршы чыкканына карабай Жон Уиттиер менен турмуш курам деп көгөргөн күндөр кадимкидей эсинде.

Мындан жыйырма беш жыл мурун... Мисс Поллинин жана бардык туугандарынын ою боюнча эжеси акмактык кылып шаардагы эң бай кишини чанып, сокур тыйыны жок кембагалга тийип кеткен. Болбосо, Женнинин колун улуу болгону менен байлыгы көп киши сурап келген.

Анын жанында Жон Уиттиердин жаштыгы, кыялга толгон башы менен сүйүүгө толгон жүрөгүнөн башка эч нерсеси жок болчу. Бирок Женни аны тандап, түштүк жактагы штаттардын бирине ээрчип кеткен.

Ал кезде Мисс Полли он беш жашта эле. Баары күнү бүгүнкүдөй эсинде. Атасы менен апасы Женниге абдан нааразы болушкан. Пастор менен баш кошуп, аны ээрчип түштүккө кеткен күндөн баштап эжесинин жазган каттарынын эч бирине жооп беришкен эмес. Женни акыркы каттарынын биринде үчүнчү кызын төрөгөнүн, каза болгон мурунку эки кызынын «Полли» жана «Анна» деген аттарын кичүү кызына ыйгарганын жазган болчу.

Бир канча жылдан кийин пастордун колу коюлган дагы бир кат келген эле. Женнинин өлгөнүн Харрингтон үй-бүлөсү ошол күнү, ошол кат аркылуу билишкен. Убакыт токтогон жок,

суудай агып жүрүп отурду. Андан бери бул Харрингтондордун заңгыраган үйүндө эмнелер гана болгон жок.

Мисс Полли Харрингтон көзүнүн кыйыгынан терезени карады. Дөбөдө жайгашкан үйүнүн алдында жайылып жаткан кең өрөөнгө көз чаптырып, улутунуп койду. Жыйырма беш жылда башынан эмнелер гана өткөн жок. Баары көз алдынан чууруп өтүп жатты. Эми минтип кыркка чыгыптыр. Эмдигиче турмушка чыга элек. Үй-бүлөнүн бардык мүлкү өзүнө калган. Апасы өлдү, анан атасы, кийин бир тууганы каза болду. Ошентип бул жашоодо коколой башы калды.

Ага боору ооруган курбулары турмушка чыгып, жалгыздыктан арылчы деп далай ирет кеңеш беришти, бирок укпады. Жалгыз жашаганына нааразы эмес экенин айтчу. Тынчтыкты жана жалгыздыкты жакшы көрчү. Бирок өзүнө жаккан ушундай бейпил турмушун жанагы кыз келип бүлүндүрөбү деп чочулап турду.

Мисс Полли ордунан туруп баратып жини менен колундагы катты столдун үстүнө ыргытып жиберди. Өзүнүн жакшы адам экенин, мойнуна түшкөн милдетти орундатканга эркин жетерин ойлогону менен, кайдагы бир кыздын азабын тартуу көңүлүнө чаппай жатты. «Поллианна имиш! Кандай гана күлкүлүү ат!» деп сүйлөндү ал.

ТОМ ЖАНА НЕНСИ

Ненси чатырдагы чакан бөлмөнү тазалап баштады. Бурчтарды сүртүп жатып: «Бул аялдын да ички дүйнөсүн ушинтип сүртүп, тазаласам кана» деп ойлонуп коёт анда-санда. «Кандай гана таш боор аял!.. Заңгыраган үйү бош турса, жээнине мындан башка бөлмөнү ыраа көрбөй койгонун кара! Кышында жылыбайт, жайында мончодой ысык. Бул жерге өзүн камап койсо да аздык кылат».

Ненси күңкүлдөп сүйлөнгөнчө швабраны жулкуй сүрткүлөп, бөлмөнү бат эле тазалап салды. Анан бөйрөгүн таянып: *«Мына эми оңо-ло түштү»*, — деди ичинен. *«Байкуш кыз үчүн колуман келгенин кылдым. Кир да калган жок, буюм дагы. Баарын сыртка чыгарып салдым. Үйүнөн алыс калган жетим балага бул бөлмө куп жарашып калат. Башка эмне дей алабыз».*

Ар кайсыны күбүрөнүп сыртка чыкты. Түш ооп калган эле. Түз эле бакчаны көздөй жөнөдү. Кожойке көрүп калган жокпу деп эки жакты акмалап, андан соң бакчада гүлдөрдү сугарып жүргөн Том атанын жанына барды. Улгайган багбан бул үйдүн бактарын карап, чөбүн жулуп,



гүлүн сугарып жүргөнүнө көп жылдын жүзү болду. Ненси үйдүн терезесинде эч ким жокпу деп дагы бир карады дагы:

— Том ата, бул жакка бир кыз келет экен, уктуңузбу? Ал кыз мисс Полли менен чогуу жашаган атыптыр, — деди.

— Ким экен ал? — деди Том, кабагын чытып.

— Кыз... Бияка келатыптыр...

— Кожоюнуңду шылдыңдайын деп турасыңбы? — деди Том. — Андай болсо, биротоло эртең күн батыштан чыгат экен деп койбойсуңбу, тамашаң толук болуп жатып калсын!

— Жок, Том ата! Тамашалаган жокмун. Чыпчын. Мага «жээним» деп өзү айтты. Он бирде экен.

Абышканын оозу ачылды. Бир саамга ойлонуп турган соң Ненсиге мындай деди:

— Мына кызык! Аңдадым окшойм. Сен айткан кыз болду-болбоду Женнинин кызы. Ансыз деле бул үйдө Женниден башка эч ким турмуш курган эмес. Дал өзү! Ошонун кызы болуш керек.

— Женни деген ким?

Абышка каргылданган үн менен улутуна сүйлөдү:

— Мисс Женни периштедей жан эле. Ата-энесинин тилин албай бул жерден кетип жатканда жыйырма жаштагы солкулдаган кыз болчу. Эки кыздуу болуп, экөө тең чарчап калганын уккам. Бир канча жыл мурун үчүнчү кызын төө-

рөгөнү тууралуу кабар келген. Эгер жаңылбасам, биякка келчү конок — ошол кыз.

Ненси артында турган үйдү жаңсап:

– Байкуш кыз чатырдагы үп бөлмөгө жайгашат экен. Таежеси уялып да койгон жок, — деди.

Том аргасыз жылмайды:

– Таң калып атам, жалгыз жашап көнгөн мисс Полли ал кыз менен кантип жашайт болду экен!

– А мен болсо, кыз мисс Полли менен кантип жашайт деп сарсанаамын.

– Сен мисс Поллини жактырбайт окшойсуң э?

– Мисс Поллини жакшы көрчү киши барбы бул жалганда?

Багбан каткырган бойдон ишин улантты. Бир нерсени эстегендей кайра артына бурулуп:

– Сен Мисс Поллинин сүйүү баянын уга элек турбайсыңбы, — деди.

– Тамашакөйлүгүңүз жанда жок, Том ата. Мисс Полли бирөө менен мамиле куруптур десе ким ишенет. Мен эле эмес, элдин баары андай нерсени укпаса керек.

– Уккан... Башкалар угушкан. Сен жаш болуп укпай калгансың да. Ал тургай мисс Поллиге ашык болгон киши азыр деле ушул шаарда жашайт.

Ненсинин бүйүрү кызыды:

– Мына кызык! Ким экен ал?

– Мен муну айта албайм. Сен мисс Полли-

ни менчелик тааныбайсың, албетте. Бир кезде абдан сулуу болчу. Кааласа азыр деле ошол кездегидей сулуу көрүнө алат.

– Мисс Полли сулуу деңизчи?

– Ооба кызым... Мисс Полли мурункудай чач жасалгасына, кийимине маани берсе, анын көркү ачылмак. Аны жашы өткөн аял деп ойлосоң жаңыласың.

– Анда неге улуу көрүнгүсү келе берет?

– Жигити менен мамилеси бузулгандан бери мисс Полли таптакыр өзгөрдү. Ошондон бери мүнөзү да кыйла кырс болуп, башкалар менен жылуу мамиле түзбөй, баарлашпай калды.

– Чын эле ошондой. Канчалык аракет кылба, аны ыраазы кылуу кыйын. Эгер үйдөгүлөр акчага муктаж болбогондо, бул жерде бир мүнөт да турмак эмесмин.

Абышка бул сөзгө макул болгон жок:

– Сени түшүнүп турам, кызым. Бирок мисс Полли чын-чынына келгенде жаман адам эмес. Биз кедей кишилербиз. Каякта гана иштебе, жаныңды тирүүлөй сууруган, куураткан кишилерден кутулам деп ойлобо.

Абышка айтып оозун жыйгыча үйдөн ачуу үн чыкты:

— Ненси!

Кыз шашкан бойдон чуркап баратып жооп берди:

— Келатам мына!

ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ
КИТЕПКАНА
17
ИНВ № 24/2670

ПОЛЛИАННАНЫН КЕЛИШИ

Арадан бир канча күн өттү. Июнь айынын акыркы күндөрүндө Поллианнанын бараарын маалымдаган телеграмма келди. Кичинекей кыз эртеси күнү, 25-июнда, саат төрттөгү поезд менен келмек. Телеграмманы кабагын карыш түйүп окуган Мисс Полли дароо чатырга чыгып, Поллианнага даярдалган бөлмөнү текшерип баштады. Кабагына кар жаап, жарыктык аял дагы деле көңүлсүз.

Чакан бөлмөдө бир керебет, эки жыгач үстөл, күзгүсү жок раковина жана кичинекей стол бар экен. Терезеде парда жок, дубалда сүрөт турчу эле, ал да жок. Күндүз кечке күн тийгендиктен чатырдын ичи мештей ысып чыгыптыр. Терезеде чымын тоскон торчо да көрүнбөйт. Андыктан терезе ачылбай, бөлмөнүн ичи мончодой ысып, үп болуп кетиптир.

Бир чымын сыртка чыга албай улам-улам терезени сүзгүлөйт. Мисс Полли чымынды былчыйта чаап, терезеден ыргытып салды. Ачууланган бойдон алдыңкы кабатка түшүп Ненсини чакырды:

— Ненси, чымындар бул үйдө эмне кылып жүрөт, айтчы? Терезени ачкан окшойсуң. Торчолорго буйрутма бердим, аларды алып келип такканга чейин терезелерди ачпа. Жээним эртең төрттө келет. Аны бекеттен тосуп ал. Тимоти сени ат араба менен алып барат. Телеграммада «Сары чачтуу, кызыл чаар көйнөк жана самандан шляпа кийген кыз деп айтылыптыр. Ушул маалыматтар сага жетиштүү болду го дейм.

— Макул эже. Бирок... Сиз...

Мисс Полли Ненси эмнеге сөзүнүн аягын жутуп алганын дароо түшүндү да, так кесе жооп берди:

— Жок, мен барбайм! Зарылчылыгы деле жок.

Ошентип, Поллианна үчүн даярдыктар соңуна чыкты.

Эртеси күнү саат төрткө жакын Тимоти менен Ненси арабага түшүп алып, кичинекей конокту тосуп келүү үчүн бекетти көздөй жөнөштү. Тимоти багбан абышканын бойго жеткен уулу болчу.

Бекетке келишти. Ненси мойнуна жүктөлгөн оор жоопкерчиликтен улам адаттагыдай сүйлөгөн жок. Конокту үндөбөй күтүп турду. Ичинен «Сары чач, кызыл көйнөк, саман шляпа» деп кайталап жатты. Жанына келген Тимотиге:

— Тиленип атам, буюрса жоош, түшүнүктүү кыз болсо экен. Буюмдарды кулатпай, эшиктер-

ди тарсылдатып жаппай жашаса экен, — деди.

Тимоти каткырып жиберди.

– Эгер андай болбосо баарынын көңүлү чөгөт дечи. Мисс Полли анын жинин баарыбыздан чыгарат. Анын балдарды жакшы көрбөгөнүн эстеп алып, эмитеден эле жээнине боорум ооруп баштады. Угуп атасыңбы? Поезддин үнү угула баштады. Аа, тигине, келатат!

Ненси кичинекей кызды тааный албай каламбы деп коркуп жаткан. Бирок жолоочулардын арасынан айырмаланып турган кызды бат эле тааныды. Арыкчырай келген кыз кызыл чаар көйнөк кийип алыптыр. Сары чачтары өрүлүп, эки ийнине арта салынган экен. Шляпасы калкалап турган жүзүндө кубанычтын белгиси бардай. Кыз бирөөнү издегендей эки жагын каранып атты.

Ненси жанына барып:

— Сиз мисс Поллианнасызбы? — деп сурады.

Кыз добуш чыккан тарапка бурулду да, чуркап келип Ненсиге боюн таштады. Ненси токтотконго жетишпей калды.

– Сизди көргөнүмө абдан кубанычтамын. Ооба... Поллианнамын. Мени тосуп алганы келгениңизге абдан ыраазы болдум. Келээриңизди сезгем... Келбей коё алмак эмессиз.

Ненси таңдана сурады:

– Келеримди билдиң беле? Кантип?

Кичинекей кыз тынбай божурап атты:

– Ооба, билгем мен. Ал тургай жолду катар сиздин кебетеңизди элестеткенге аракет кылдым. Так мен ойлогондой болуп калганыңызга кубанып отурам.

Ненси эмне дээрин билбей башы катты. Тимоти жанына басып келгенде ыңгайсыз кырдаалдан чыкканына сүйүнө түштү.

— Бул биздин Тимоти. Балким көтөртө турчу чемоданың, же башка оокаттарың бардыр.

— Ооба, бир чемоданым бар! — деди. — Муну мага кайрымдуулук фонду белек кылган. Кандай сонун боорукерлик э? Мени бул жерге чейин мистер Грей аялы экөө жеткирип келишти. Ушундай жакшы кишилер экен дейсиз, мактаганга сөз жетпейт. Ошентип келип калдым!

Поллианна бир канча мүнөт ичинде көп нерсе айтып жиберди. Байкуш Ненси Поллианна унчукпай калганда жаны тынчыгандай үшкүрүп алды. Кыз кулак-мээсин жеп салган эле.

Бир аздан кийин Поллианнанын кичинекей чемоданын арабага салышты. Конок кыз Ненси менен Тимотинин ортосуна отурду. Арабага отургуча эле бир топ суроолорду жаадырып жиберди.

Акыры араба ордунан козголду. Бул көрүнүш да Поллианна үчүн жаңы мүмкүнчүлүк жаратты:

— Бах, кандай сонун! Ат араба менен сейилдегенди жакшы көрөм! Барар жерибиз буюр-

са алыс жактадыр. Бирок алыс болбосо деле ыраазымын. Себеби үйүбүзгө эрте жетебиз... Ах! Кандай татынакай көчөлөр! Ансыз деле ушундай экенин билчүмүн. Атам айткан...

Атасы жөнүндө айткандан кийин үндөбөй калды. Ненси көзүнүн кыйыгы менен караса кичинекей кыздын ээктери титиреп, көздөрү жашка толуп чыгыптыр. Поллианна көп өтпөй башын өйдө көтөрдү. Үнүндө, жүзүндө шаңдуу жышаан пайда болуп калыптыр.

— Ооба, ооба! — деп сүйлөп баштады. — Буларды мага атам айтып берген. Баарын эстечү... Неме... Мисс Грей сизге түшүндүрүп бер деп бир кеңеш айткан. Эмнеге аза көйнөгү катары кара кийим эмес, кызыл кийим кийип жүргөнүмдү түшүндүрүп беришим керек экен. Аза кийими катары кара кийим кийбесем жаман сөз угушум мүмкүн экен.

Кыз божурап түшүндүрүүгө киришкенде Ненси да кызыга карап калды.

— Кара кийим кийбегенимдин себеби мындай. Өзүңүз билгендей, кайрымдуулук фондуна жиберилген буюмдар кутуларга салынып келет. Эң акыркы келген кутудан кара нерсе чыккан жок. Ичинде эскирген баркыт костюмдан бөлөк эч нерсе жок болчу. Биздин шаардагы аялдар фондундагылар мага кара көйнөк алып берели деп ойлошкон, бирок кийин ал акчага мекемеге килем алууну туура көрүшүптүр.

Поллианна укчукпай калганда Ненси учурдан пайдаланып кызды жубатты:

— Эч нерсе эмес. Баары жакшы болот деп ишенем.

— Минтип айтканыңызга абдан ыраазы болдум. Мен да ушинтип ойлогом. Албетте, кара көйнөк менен кубануу бир топ кыйыныраак болмок...

Ненси таңдана сурады:

— Кубануу дейсиңби?

— Ооба... Атам апам менен жолукканы бейишке кетти. Ал жерден башкалар менен да жолукса болот, аны билсеңиз керек. Бир жолу сүйлөшүп атканда: «Эгер мен өлүп калсам ыйлаба, кубан. Себеби өлгөндөн кийин апаңа жолугам» деп айткан мага. Ошентсе деле кызыл көйнөк менен мындай нерсеге кубануу оңой эмес экен. Ага ушунчалык муктажмын дейсиз.

Кичинекей кыздын үнү каргылданып кетти.

— Ооба, аны абдан сагынам. Атам ал жерде апамды жана башкаларды тапты. Ал тургай периштелер менен достошту. Чынын айтсам менин кайрымдуулук фондунун мүчөлөрүнөн башка эч кимим жок. Тагыраак айтканда, буга чейин ушундай болчу. Эми кыйынчылыктарга оңой чыдасам керек. Себеби мындан кийин жанымда сиз барсыз, Полли таеже. Ата-энем периштелер менен болсо, а мен Полли таежем менен биргемин.

Кыздын сөздөрүнө ичи жылып, эт жүрөгү элжиреп келаткан Ненси чочуп кетти:

— Ой, Поллианна, туура эмес түшүнүп алган турбайсыңбы. Жаңылып атасың кымбаттуум. Мен Полли таежең эмесмин. Ненсимин.

Поллианна таң калды. Ичиндеги оюн жашырган жок.

— Сиз Полли таеже эмессизби?

— Жок. Мен болгону Ненсимин. Анын үстүнө биз бири-бирибизге такыр окшобойбуз.

Поллианна дагы деле ишене албай турду:

— Сиз Полли таеже болбосоңуз, анда кимсиз? Аялдар фондундагы эжелерге да окшобой турасыз.

Ненси аптыга түшүндүрө баштады:

— Мен... Мен Харрингтон үйүндөгү кызматчылардын биримин.

Бир канча көз ирмемден кийин Поллианнанын дирилдеген үнү чыкты:

— Негизи... Полли эже деген бирөө бар да туурабы?

— Бар, — деди жанатан бери экөөнүн маегине кулак салып келаткан Тимоти. — Андай киши бар. Күмөн санабай эле кой.

— Анда маселе жок турбайбы, — деди женилдей түшкөн Поллианна. Бир саамга укчукпай турду да, кайрадан сөз баштады. Сүйлөгөн сайын ачылып отурду.

— Силерге дагы бир нерсе айтайынбы? Полли таежемдин мени тосуп алганы келбегенине сүйүндүм десем болот. Эми ал кандай аял болду экен деген кызыгуум дагы деле улана берет. Ал ортодо силер менен да достоштум.

Муну уккан Ненси күлүп жиберди. Тимоти болсо:

— Кандай ширин сүйлөйт. Кичинекей айымга эмнеге рахмат айтпай отурасың, Ненси? — деп сурады.

— Мен... Неме... Мисс Полли тууралуу ойлонуп аткам, — деп тайсалдады ал.

— Мен да аны ойлонуп атам, — деди Поллианна үшкүрүп, — Андан башка таежем жок. Чынын айтсам анын бар экени тууралуу кабарым жок болчу. Атам каза болордо гана айтып берген. Таежең дөбөнүн үстүнө салынган чоң үйдө жашайт деп айткан эле.

— Ооба, дагы деле ошол үйдө жашайт, — деп кошумчалады Ненси. — Тетиги дөбөнүн үстүндөгү чоң үйдү көрдүңбү? Ошол үй таежеңдики.

— Оо, кандай сонун үй! Бакчасында көп бак бар экен. Мынчалык жашыл кооздукту мурда көрбөптүрмүн. Полли таежем байбы ыя, Ненси эже?

— Ооба, мисс Поллианна. Таежең абдан бай.

— Мына, буга да кубансам болот экен. Адамдын көп акчасы болгону жакшы болсо керек. Ушуга чейин мисс жана миссис Уайттардан

башка бай кишилер менен таанышкан эмесмин. Алар абдан бай кишилер болчу. Үйлөрүнүн бардык жеринде килем төшөлгөн. Жекшемби сайын балмуздак жешчү. Таежем да жекшемби күндөрү балмуздак жейби?

— Жок, Поллианна. Дасторконунан такыр балмуздак көргөн жокмун, жактырбайт окшойт сыягы.

Поллианна таңданды. Кантип адам баласы балмуздакты жакшы көрбөсүн деп ойлонуп, бул пикирди кабыл алалбай атты. Биртке ойлонгон соң:

— Капа болдум... Неме... Полли таежемдин да килемдери барбы? — деп сурады.

— Ооба Поллианна. Анын көп килеми бар.

— Бардык бөлмөсүндөбү?

Ненси дароо чатырда жайгашкан кичинекей бөлмөнү эстеп, муңайым жооп берди:

— Ооба. Көпчүлүк бөлмөдө бар десек туура болот.

— Охоо, кандай сонун! Килемдерди жанымдай көрөм! Биздин такыр килемибиз жок болчу. Бир жолу кайрымдуулук фонду бизге эки кичинекей килем беришкен. Алардын биринде сыя тактары бар болчу. Анан... Ии баса, алардын үйүнүн дубалдарында жайнаган сүрөттөр илинип турчу. Сиз да сүрөттөргө кызыгасызбы?

— Билбейм. Ойлонуп көрбөптүрмүн.

— А мен аябай кызыгам. Биздин үйдө бир да картина жок болчу. Кайрымдуулук фондуна сүрөт беришчү эмес. Бирок, бир жолу эки сүрөт келип түштү. Бирөөсү ушунчалык кооз дейсиз... Атам мага бут кийим сатып бериш үчүн аны сатууга мажбур болду. Берки сүрөт болсо эски болчу, дубалга илерибиз менен сынып калды. Мен ыйлап жибердим. Бирок азыр ошондой нерселерибиз болбогонуна кубанам. Себеби андай жакшы нерселерди көрбөгөнүм үчүн, Полли таежемдин буюмдарын дагы көбүрөөк жактырсам керек.

Араба Харрингтон ак сарайына жакындап калган эле. Имараттын эки жагын карап сук-танган Поллианнанын оозу ачылды.

— Мына сага! Кандай керемет үй! — деп кыйкырды ал.

Араба үйдүн алдына келип токтоду. Тимоти секелек кыздын чемоданын түшүрүп жатып Ненсинин кулагына:

— Бул кыз келди, эми кызыктын баары кошо келди дей бер, — деп шыбырады.

Ненси бир аз кырс жооп берди:

— Байкуш кыздын көңүлү ачылбай жүрүп өтөт го дейм.

Ненси кызды колунан жетелеп, үйдү көздөй жөнөдү. Таш тепкичтер менен жогору карай чыгып башташты.

ЧАТЫРДАГЫ ЧАКАН БӨЛМӨ

Мисс Полли Харрингтон жээнин тосуп алуу үчүн ордунан турган жок. Болгону китептен башын көтөрүп, колун сунду. Муну милдети катары жасап жатканы турган-турпатынан эле белгилүү болчу.

— Кош келдиң, Поллианна, — деди. — Мен...

Аял сөзүн андан ары улаганга жетишкен жок. Поллианна шамалдай учуп келип таежесин кучактап калды. Ыйлап да алган:

— Ай, таежем ай, мени жаныңызга алганыңызга ыраазымын, сизге чоң ырахмат, таеже! — деп жатты бышактап. — Мурда мага кайрымдуулук мекемеси гана жардам көрсөтчү. Эми болсо сиз барсыз. Ненси эже дагы. Мындан артык кубаныч барбы?

Мисс Полли өзүн кучактап алган колдордон кутулууга шашты. Кабагын бүркөп:

— Ошондой болсо керек, — деп жооп берди. Өзүн оолак кармап, куулукка салды:

— Поллианна! Поллианна! Сураныч, бир аз алыс турсаң, кимге окшош экениңди көрөйүн!



Поллианна дароо колдорун бошотуп, артка эки-үч кадам басты.

— Туура айтасыз, сизге караганга мүмкүнчүлүк берген жок окшойм. Бирок таеже, бетимде сепкилдер бар болгондуктан, карап кереги жок го дейм. Неме... Эмнеге кара эмес, кызыл көйнөк кийип алганымды түшүндүрүп берейин. Жолдон Ненсиге атамдын айткандарын айтып бергем, ошону...

— Атаңдын айткандарын коё тур... Чемоданың бар болсо керек.

Кичинекей кыз кайрадан шаңдуу сөздөрүн улантты:

— Албетте бар, таеже. Кайрымдуулук мекемеси мага бирди белек кылган. Тилекке каршы башка буюмум жок. Акыркы күндөрү мен сыяктуу кичинекей кыздарга ылайыктуу садага буюмдар көп келбей калган. Болгону атамдын китептери жана биртке буюмдар бар. Атамдын айтуусу боюнча...

Мисс Полли кыздын сөзүн оозунан жулуп алды:

— Поллианна! Бир маселени жакшы түшүнүп алышыңды каалайм. Мындан кийин менин жанымда атаң тууралуу ооз ачпа! Түшүндүңбү?

Полланнанын көзүнө жаш айланды. Титиреген үнү менен:

— Полли таеже, сиз... Сиз... — деп бышактап атканда таежеси:

— Жүрү, жогору чыгып, бөлмөңө баралы, — деп сөздү башкага бурду.

Аял алдыга түштү, экөө артынан ээрчиди. Поллианна таежесине таянып келсе, анын кылганы бул. Кыздын көңүлү чөгүп көзүнөн жаш кылгырды. Ал минтип кабыл алат деп күткөн эмес. Ичинен: *«Атам жөнүндө айтпашымды талап кылуусу мени кубантыш керек. Балким атам тууралуу айтпаганым мен үчүн жакшыдыр. Ошон үчүн таежем эскертип жатса керек»* деп ойлонду. Мындай божомол, мындай *«жакшылыкка жоруу»* кичинекей кыздын көз жашын тыйды. Бул учурда кыз тепкичтерге келип калган эле. Эки жагын карап, тегерегине көз чаптыра баштады. Ачык турган эшиктердин ичтерин карап келатты. Көргөн көзүнө ишенбей, туш тарабын аландай карайт. Бут астындагы килемдер мамыктай жупжумшак экен. Атлас пардалар, жупжумшак дивандар, дубалда илинип турган алтын жалатылган шумдуктуу сүрөттөр көз жоосун алат. Өмүрү көрбөгөн кооздуктар кызга аябай таасир берди. Тепкич менен чыгып баратып:

— Полли таеже, үйүңүз кандай гана кооз! Бай болгонуңузга аябай сүйүнсөңүз керек, э?

Таежеси шарт бурулуп карады да:

— Поллианна, уят болот! Мени менен кантип ушундай сүйлөшүп атасың?! — деди.

— А эмне, бай эмессизби таеже?

— Кудай берген байлык менен мактанууну күнөө деп эсептейм. Албетте, мен байлык менен сыймыктанбайм!

Кичинекей кыз бул сөздөрдүн маанисин түшүнгөн жок. Мисс Полли болсо жээнине чатырдагы бөлмөнү берип туура кылган экенмин деп өзүнө ыраазы болду. Оюнда бул жаагы тынбай бабыраган кыз кооз буюмдарын бүлүндүрүп салбаарына кепилдик жок деп баратты.

Поллианна таежесин ээрчип келатып бир жагынан үйдүн ички жасалгасына суктанса, бир жагынан өзүнүн бөлмөсү да башка бөлмөлөрдөй кооз болуш керек деп элестетти.

Кооз парда, жумшак килем, сонун сүрөттөр менен жабдылган бөлмө аны күтүп жатат... Өзүнө гана тиешелүү...

Таежеси дагы бир эшикти ачты. Тепкич менен жогору чыга башташты. Дубалдын беттери бош, жогору карай кеткен коридор дагы... Негедир бул жер ысык болуп, кишиге дем жетпей кетет экен.

Таежеси акыры коридордун аягындагы эшикти ачып:

— Мына, сенин бөлмөң ушул. Чемоданыңды да алып келишиптир. Ачкычың жанындабы? — деп сурады.

Жолду катар ошончолук кооздуктарды көрүп келген Поллианна бопбош бөлмөсүн көргөндө үмүтүнө суу сепкендей болду. Ар кайсыны ай-

тып божурап келаткан кыз тилин жутуп алгандай үндөбөй калды. Суроосуна жооп ала албай калган мисс Полли ачуулана:

— Поллианна! — деп кыйкырды. — Мен сенден бир нерсе сураганда токтоосуз жооп бер, уктуңбу?!

— Уктум, таеже! Түшүндүм...

— Байкашымча эч кандай кем-карчың деле жок окшойт. Бир аздан кийин Ненси келип кийимдериңди ирээттеп, буюмдарыңды жайгаштырганга жардам берет. Кечки тамакты саат алтыда жейбиз. Кечиккенди такыр кечирбейм!

Мисс Полли айтчусун айтып алып шарт бурулуп чыгып кетти.

Бөлмөдө жалгыз калган Поллианна муңайып эки жагын каранды. Ыйлабаганга аракет кылып, өзүн араң кармады. Үмүтүн таш капты. Айланасы жымжырт, ээн. Ал тургай терезелерде парда да жок. Элестетип келген дубалдагы сүрөт, жердеги килемдин жыты да жок.

Буюмдарын жыйнаш керек эле. Бир-эки кадам баскандан кийин буттары шилтенбей калды. Тизелей отура калып бетин басып уңулдап жиберди. Чемодандын жанына бүк түштү... Канчалык өзүн кармаганы менен, баары бир ыйлап жиберди.

Бөлмөгө кирип келген Ненси анын бүк түшүп жатканын көрдү. Дароо тизелей калып, кызды тургузду:

— Ай, жаным ай! Сени ушундай көрбөсөм экен деп коркуп аттым эле!

Поллианна «жок» дегендей башын чайкады:

— Мен жаман, адепсиз кишимин, Ненси эже! — деп ыйлады ал. — Кудай менен периштелер атамды жанына алып кетишкенин кабыл алгым келбей атат.

— Бул күндөр да өтөт. Ыйлаба, кой эми... Ачкычты берчи, чемодандан кийимдеринди алып чыгалы.

Ыйы басыла элек Поллианна ачкычты сунуп жатып:

— Ансыз деле алып чыкчу эч нерсем жок, — деди.

— Кайра жакшы да, бат жыйнайбыз.

Поллианна күлүмсүрөп:

— Туура айтасыз, Ненси эже! — деп жооп берди. — Буга да ыраазы болушум керек, туурабы?

Анын сөзүнө бир аз таңыркаган Ненси бат-бат кыймылдап кийимдерди жыйнай баштады. Чемодандын ичин көрүп жүрөгү сыздайт. Кийимдери таза, бирок өтө аз, сапатсыз болчу. Алар менен кошо бир канча китеп бар экен.

Поллианна кийимдерди бүктөп алагды болуп аткан Ненсиден:

— Кандай дейсиз, Ненси эже, бул жер жакшы бөлмөгө айланабы? — деп сурады.

Ненси анын суроосун укмаксанга салып коюуну туура көрдү. Кичинекей кыз бош дубалдарды карап, улутунуп койду. Бул бөлмөдөгү аны сооротқон жападан жалгыз көрүнүш — күзгүнүн жоктугу. Себеби күзгү жок болгондуктан бетиндеги сепкилдер көрүнмөк эмес.

Аңгыча Поллианна терезенин жанына чуркап келип, сыртка көз чаптырды. Кубанганынан кол чаап, так секирди:

— Ой Ненси эже, караңызчы! Кандай сонун көрүнүш! Тээ алыста бактар, бытыкый үйлөр турат. Саат мунарасы дагы көрүнөт экен. Дарыя күмүштөй жаркылдап агып атат. Баары сонун, баары кооз! Мындай терезе турганда картинанын эмне кереги бар! Өзү эле эң кооз картиналардын бири тура! Таежем бул бөлмөнү мага бергени үчүн эми абдан ыраазы болдум!

Дал ушул сөздөр Ненсинин жан дүйнөсүн козгоп жиберди. Өзүн кармай албай, эчкирип ыйлап баштады. Поллианна Ненсинин ыйлап жатканын угуп жанына барды.

— Эмне болду, Ненси эже? Бул жер сиздин бөлмөңүз беле? Мага берип салганына абдан капа болдум, — деди.

— Менин бөлмөм... — деп мукактанды Ненси. — Сиз чынында бала периште экенсиз, кичинекей айым. Эгер айрым кишилер муну мойнуна алса... Апей, коңгуроо шыңгырап атат. Мени чакырууда. Кеттим мен.

Ненси шашкан бойдон тепкичтерди аттап-буттап төмөн карай түшүп кеткен соң, Поллианна кайрадан «картина» деп атап алган терезенин түбүнө келди. Бирок бөлмөнүн ысыгына чыдабай кетти. Илгичин тартып, сыртты карай түртүп койду эле, терезе шарт ачылып, бөлмөгө салкын аба кирип сергий түштү. Сары чачы сыдырым желге жайкалган сайын кубанычы артып турду. Терезеден башын чыгарып, табият жытынан кере-кере жутту. Анан кийинки терезени да ачып салды. Сырттан бир чоң чымын учуп келип ызылдай баштады. Анын артынан дагы бирөө кирди. Тигине, үчүнчүсү, төртүнчүсү... Поллианна буга маани берген жок.

Үйдүн түбүндө чатыр менен тең өскөн чоң бак бар эле. Жоон, узун бутактары терезеге чейин саландап турчу. Ал колун сунуп алаканын жайып, кызды өзүнө чакырып жаткандай сезилди. Поллианна кыткылыктап күлүп:

— Албетте, колуман келет, — деди да, оюна келе түшкөн жаңы пикирди ишке ашырууга бел байлап, терезеге чыкты. Ал жерден жакын турган бактын бутагын кармап, төмөн жактагы бутакты этияттык менен басты. Андан ары маймылдай жылып отуруп бактын сөңгөгүнө чейин келди. Ылдый карай түшүп келип, жерге секирди. Ошентип жашыл шибердин үстүнө кулады.

Караса үйдүн артына келип калган экен. Бак

короонун бир бурчунда улгайган киши эңкейип алып топурак майдалап атыптыр. Тээ алыста чоң дөбө, анын бетинде оңбогондой зор таштар менен карагайлар турат.

Поллианнанын мээсине ошол бакка баруу ою кылт этти. Дабыш чыгарбай тыпылдай басып жөнөдү. Жолдун кыска эместигин түшүндү, бирок ошого карабай кубанып баратты.

Поллианна бакчадан чыгып кеткенден кийин он беш мүнөт өтпөй үйдүн залындагы чоң саат алты ирет кагылды. Саат акыркы жолу кагылып жатканда Ненси да тамак убактысын билдирген башка коңгуроону шыңгыратты.

Мисс Полли конок залда Поллианнаны көпкө чейин күтүп отурду. Акыры келбеген соң сабыры түгөнүп, Ненсиге кыйкырды:

— Каякта жүрөт жанагы кыз?! Жок, чакырба! Ээн баштыктын, кечигүүнүн жазасын тартсын. Убагында келгенди үйрөнүшү керек... Ылдый түшкөндө ага сүт менен нан эле берип кой. Ашканада сени менен чогуу жесин.

— Макул эже...

Мисс Полли тамактанып туруп кеткен соң Ненси жашырынган бойдон жогорку бөлмөгө атып чыкты. Поллианна ыйлап отуруп уктап калса керек деп жоромолдоп койгон. Бирок бөлмөнүн бош экенин көргөндө чочуп кетти. Тынчы кетип: «Мисс Поллианна, сиз кайдасыз?!» деп керебеттин астын карады. Таппаган соң

шашкан бойдон алдыңкы кабатка түштү. Ал жерде да көпкө турбай бакчага атып чыгып, багбан абышканын жанына чуркап барды.

— Том ата! Том ата! — деп кыйкырды. — Мен анын периште экенин мурда эле билгем! Жана эле билгем!.. Бөлмөсүндө жок, асманга учуп кетиптир!.. Атасынын жанына...

Том кызматчы кызды таң кала карап койду:

— Асманга учуптур дейсиңби? Эмне деп атасың, Ненси?

Абышка эки жакка көз чаптырды. Кызарып батып бараткан күндүн кызыл боёгуна чулганган дөбөнү алаканын калкалай карады. Анан жымың этип бир күлүп алды да, ошол жакты жаңсады:

— Аа, тигине! Периштең тетиги аскада жүрөт. Учканга даярданып, асманга жакындайын деп арчалуу бетке чыгып кеткен тура!

— Өх! — деди Ненси, — Бүгүн учпайт окшойт анда! Мисс Полли мени издеп калса идиштерди жууганды унутпаганымды, бир аз сейилдегени кеткенимди айтып коюңузчу, Том ата!

Ненси талааны аралап тоону көздөй чуркап жөнөдү.

ОЮН

Ненси дөбөнүн үстүндөгү чоң таштардын арасында, карагайдын көлөкөсүндө көлөкөлөп эс алып жаткан Поллианнага кыйла дегенде араң жетип келди.

— Жүрөгүмдү түшүрдүң, Поллианна! Сыртка чыгып кеткениңди көргөн эмесмин. Бияка кантип келдиң? — деп сурады ал энтигип.

Поллианна кыткылыктап күлүп, терезеден кантип чыкканын, бак аркылуу жерге түшүп бул жакка келип алганын айтып берди. Сөзүнүн акырында:

— Сизди сарсанаа кылганым үчүн кечириңиз, Ненси эже, — деди. — Мурда атам да, кайрымдуулук мекемесиндегилер да сиздей болуп сарсанаа боло беришчү. Кийин көнүп калышты...

— Мунунду укса таежең сага эмне дейт болду экен деп ойлонуп атам!

— Сизди ойлондурбаш үчүн, барарым менен таежеме өзүм айтып берем...

Ненси чочуп кетти:

— Жок! Айта көрбө, кокуй! — деп жалбарып жиберди. — Ал ушундай жинденет дейсиң, сени

капа кылчу сөздөрдү айтарын бөркүңдөй көр! Бас кеттик, эртелейли!

Үйдү көздөй жол алышты. Бир аз баскандан кийин Поллианна адаттагыдай жайдары сүйлөп:

— Мени ойлоп сарсанаа болгонуңузга кубандым, Ненси эже, — деди.

— Ах, менин кичинкей сүйүктүүм! Курсагың да ачса керек. Таежең сени жазалаш үчүн сүт менен нан эле берип кой деди мага.

— Барганга жетишмек эмесмин. Ал учурда бияка чыгып кеткен болчумун да...

Ненси күлүп жибере жаздап, өзүн араң тыйды.

— Албетте, ал мунунду билген жок да. Сага сүт менен нан эле береримди ойлоп жаман болуп атам.


— А мен капа болгон жокмун. Тескерисинче абдан кубандым.

— Кубандым дейсиңби? Кандайча кубанасың?

— Ооба, кубанычтамын. Анткени сүт менен нанды өлө жакшы көрөм. Анын үстүнө сени менен чогуу тамактанам. Бул азбы?

Ненси кичинекей кыздын чатырдагы ээн бөлмөнү жактыруу үчүн өзүн мажбурлаганын эстеп:

— Поллианна, — деди. — Бардык кайгылуу окуянын кубанчу жагын таап атасың. Таң калганыман айтарга сөз таппай калып жатам.



— Анын эмнесине таң каласыз? Оюндун эң кызыгы дал ушул жерде да.

— Оюн дейсиңби? Эмне болгон оюн?

— Ооба, Ненси эже! Бул оюндун аты «ыраазы болуу оюну»... Өтө жакшы оюн. Муну мага атам үйрөткөн. Бул оюнду ойноп баштаганыбызда али кичинекей кыз элем.

— Мен оюндар жөнүндө көп деле билбейм...

Поллианна оор дем алып жылмайганга аракет кылды. Кичинекей жүзү кеч күүгүмдө арык жана муңайгандай көрүнүп турду.

— Ооба, мага атам үйрөткөн. Жана айткандай эле, кичинекей чагымда эле ойноп баштаганбыз. Эң биринчи оюнубузга кайрымдуулук мекемесине келген эки балдак себеп болгон.

— Балдакпы?

— Ооба, мен куурчак ойногум келчү, бирок куурчагым жок эле. Атам ал үчүн кайрымдуулук мекемесине кайрылган. Бирок алардан келген кутудан куурчактын ордуна балдардын балдагы чыгып атпайбы! Аларды салып жиберген аялдын куурчагы жок болгондуктан, балким кичинекей балага керек болуп калабы деп, үйүндөгү балдактарын бергенин жазыптыр. Оюн ошондо башталган.

— Ачыгын айтсам, бул жерден оюнга тиешелүү эч нерсе көргөн жокмун.

— Түшүбөй турган эмне бар? Оюндун максаты кайгырчу окуялардан дагы ыраазы бол-

чу жагдай табуу. Биз оюнду балдактар менен баштаганбыз.

— Кечирип кой, бирок дагы деле түшүнгөн жокмун... Куурчак күтүп аткан кишинин колуна эки балдак тийсе кантип кубанат?

Поллианна ого бетер кыткылыктап күлдү.

— Туура айтасыз. Башында мен да сиздей ойлонгом. Мага атам: *«Кызым, бул балдактарга муктаж болбогонуң үчүн кубанышың керек. Карачы, колу-бутуң соо. Эгер балдакка муктаж болсоң кандай болмок эле...»* деген болчу. Көрдүңүзбү, Ненси эже, опоңой эле!

— Абдан таң калыштуу. Күлкүлүү дагы...

— Бирок, бул күлкүлүү эмес, Ненси эже! Абдан жакшы оюн. Биз дайыма ойночубуз. Канчалык кыйын абалда болсок, ошончолук кубанычтуу болчу. Бирок атасы акыретке кетип, эч кимиси калбаган кызга бул оюнду ойноо абдан кыйын болот экен. Мен үчүн такыр оңой болгон жок.

Ненси анын сөзүн коштой:

— Ооба, — деди үшкүрүп. — Чатырдагы ичи бош, мончодой ысык бөлмөгө киргенде да бул оюнду ойноо оңой болбосо керек!

— Туура айтасыз, Ненси эже. Башында көңүлүм чөгө түштү, айрыкча жалгыз калганда, — деди Поллианна мойнуна алып. — Өзүмдү жапжалгыз сезип, айланамдан жакшы нерселерди көргөнгө зар боло баштагам. Оюн тууралуу уну-

туп калыптырмын. Кийин мени кубандырчу бир нерсе сөзсүз болуш керектигин эстедим. Анан бөлмөмдө бетимдеги сепкилдерди көргөзүп турчу күзгү жок экени кубандырды. Терезенин ары жагындагы укмуш кооз көрүнүш дубалдарда сүрөт жоктугун унуттурду. Ошентип ыраазы болчу нерселерди таба баштадым. Көрдүңүзбү, ыраазы болчу нерселерди тапкан сайын жаман ойлор кишинин мээсинен өчүп, унутула берет. Жанагы мен айткан куурчак сыяктуу...

— Хмм.. — деди Ненси, тамагына кептеле түшкөн нерсени жутканга аракет кылып.

Үйгө жакындап калышты. Ненси аны кызыгуу менен тыңшап келе берди:

— Бул оюнду ойноо көп деле эмгекти талап кылбайт. Мен буга көнүп калгандыктан кыйналбайм жана өзүм байкабай эле жакшы жагын таап алам. Бирок атам аркы дүйнөгө кеткенден бери кыйналып атам. Оюнду чогуу ойногонго дос таба албай жүрөм. Балким, Полли таежем ойнойттур, ыя, кандай дейсиз?

— Оо, Кудай! — деди Ненси. — Сага жакшы өнөк болуп берет деп ишенбейм. Бирок мен ойногонго макулмун. Албетте, колуман келишинче.

Кыз сүйүнгөнүнөн кол чаап жиберди.

— Ухуу! — деди кызматчы кызды кучактап. — Эң сонун! Экөөбүзгө көңүлдүү болот, тууразы?

— Ооба, балким, — деди Ненси күмөнүн жа-

шырбай. — Бирок, буюрса колумдан келишинче аракет кылам.

Ашканага кириштн. Ненси бир кесим нан менен жылуу сүттү Поллианнанын алдына койду. Кыз нанды сүткө малып тамшанып жеди. Андан кийин Ненсинин айтуусу менен таежесинин бөлмөсүнө баш бакты.

Мисс Полли окуп жаткан китебинен башын көтөрүп катаал үн менен:

— Тамагыңды жединби, Поллианна? — деп сурады. — Келбей жатып жаза берүүгө мажбур кылдың. Сүт менен нан гана берүү мени ыңгайсыз абалга салды.

— Бирок мен абдан ыраазымын, таеже. Сүт менен нан менин эң сүйүктүү тамактарым. Анын үстүнө Ненси эжени да абдан жакшы көрөм. Аны менен чогуу тамактануурга мүмкүнчүлүк бергениңизге кубандым. Мен үчүн кыпындай да капа болбоңуз.

Мындай жоопту күтпөгөн мисс Поллинин көздөрү чекчейди. Отурган жеринен бир аз обдулуп:

— Поллианна, сенин жатар убагың болду, — деди. — Узак жол жүрүп чарчасаң керек. Эртең күнүмдүк жашоонду иретке келтирчү программа түзүшүбүз керек. Андан соң буюмдарыңды бир сыйра текшерип, кем-карчыңды толуктайлы. Эртең менен саат жети жарымда нанүштө кылабыз. Убагында келгенди унутпа.

Макул, жакшы жат. Бейпил түн.

Суз мамилесине карабай Поллианна таежесин кучактап, бооруна кысты.

— Сиздин артыңыз менен жакшы күн өткөрдүм, таеже. Эмне деп рахмат айтарымды билбей турам. Мындан кийинки сиз менен бирге болчу күндөрүм абдан бактылуу өтөрүн сезип турам. Бул жакка келгенге чейин эле ушундай болорун билгем. Түнүңүз бейпил болсун! — деп кыйкырып, кубанган бойдон бөлмөсүнө чуркап кетти.

Жалгыз калган Мисс Полли өзүнчө күбүрөндү:

— Эмне деген кыз бул?.. Шумдугуң кургур!... Жаза берсем деле ыраазы, мени менен жашаганына деле ыраазы... «Мен үчүн кыпындай да капа болбоңуз» дегеничи... Мисс Полли мурдун чүйрүп, кайрадан китебине үңүлдү.

Арадан он беш мүнөт өттү... Дал ошол убакта чатырдагы бөлмөдө жуурканга чумкөнүп алып эчкирип ыйлап жаткан бирөө бар эле. Көзүнөн жаш буурчактап:

«Сүйүктүү атакем, периштелердин арасында жашаган атакебайым! Азыр оюнубузду ойнобогонумду билип турасыз. Мындай караңгы жерде жапжалгыз калган болсоңуз, сиз да оюнубузду ойной алмак эмессиз. Жанымда Ненси, Полли таеже же кайрымдуулук мекемесиндегилерден бирөө болгондо балким өзүмдү мынчалык жалгыз сезбейт белем...» деп жатты ал.

МИЛДЕТ

Поллианна эртеси эртең менен саат жетилерде ойгонду. Төшөгүнөн көңүлдүү туруп, табиятты көрүү үчүн терезеге барды. Сыртты карап атып таежеси бир абышка менен сүйлөшүп атканын көрүп калды. Дароо кийинип астыңкы кабатка түштү. Эшиктерди ачык таштаган бойдон бакчага чыгып, чуркаган бойдон келип таежесинин мойнуна асылды:

— Таежем го, менин! Бул таңда да тирүү ойгонгонума кубанычтамын!

— Поллианна! — деди мисс Полли кыздын салмагы оор болгонуна карабай боюн түз кармаганга аракет кылып. — Сен «Кутман таңды» күнүгө ушинтип айтасыңбы эми? Поллианна жерге түшүп, бутунун учуна туруп эки-үч ирет секирди:

— Жок, таежем. Мен дайыма эле мындай боло бербейм. Бир гана мага жаккан кишилердин жанында өзүмдү кармай албай калам. Сизди терезеден көргөндө жүрөгүм ысып, чыдабай кеттим. Анын үстүнө сиз жөн гана Аялдар ую-

муна мүчө болгондордун бири эмес, чыныгы таежем экениңизди ойлогондо ичим элжиреп кетти. Алыстан караганда сөз жеткис сулуусуз... Сизди кучактабай коё албадым. Же андай эмеспи, таеже?

Абышка нары карап кетти. Мисс Полли кабагын бүркөгөнгө аракет кылды, бирок күчү жетпеди. Багбанга бир канча түшүнүксүз сөздөрдү айтты дагы, шашкан бойдон үйгө жөгөдү.

— Сиз бул жерде күндө иштейсизби? — деп сурады Поллианна кызыгуу менен.

— Ооба, мисс. Мен бул үйдүн багбаны Томмун, — деп жооп берди абышка кыздын сары чачынан сылап. — Сен апаңа куюп койгондой окшош экенсиң. Аны алгач көргөнүмдө сенден да кичинекей болчу. Мен ошол кезде эле бул жерде иштечүмүн.

Поллианна толкундана түштү:

— Чын элеби? Демек апамды тааныйсызбы? Сураныч, мага апам жөнүндө айтып бериңизчи, мистер Том!

Ал ошол замат кеп укмакка жерге отурду. Бирок, дал ошол учурда үйдөн коңгуроонун үнү угулду. Артынан Ненси чуркап келип, колунан тартып тургузуп жатып:

— Бул нанүштөнүн коңгуроосу. Ушул үндү угар замат кайда болсоң да үйгө чуркашың керек. Кийин түшкү, кечки тамактардын коңгуроосу болот. Мисс Полли дасторконго кеч кел-

генди жактырбайт. Мына ошондо канчалык аракет кылсак да кубанарга шылтоо таппай калабыз, — деди.

Жетелешип алып чуркап жөнөштү. Ненси кызды шок жөжөнү уясына камагандай эле үйгө кууп кирди.

Тамактануунун алгачкы беш мүнөтү жымжырт өттү. Бир маалда мисс Полли ызылдап учуп жүргөн эки чымындан тажап:

— Ненси, булар кайдан келген чымындар? — деп каардуу сурады.

— Билбейм, эже. Ашканадан келиши мүмкүн эмес. Ал жакта бир да чымын жок болчу.

— Булар менин чымындарым окшойт, таеже, — деди Поллиана адаттагыдай эле жайдары калыбынан жазбай. — Жана мен жаткан бөлмөдө сайрандап жүрүшкөн.

Мисс Полли кызды акшырая карап:

— Сен терезелерди ачтың беле? Тору жок терезелер ачылбай турганын билишиң керек болчу, — деди. Анан кызматчысына кайрылып:

— Ненси! Дароо Поллианнанын бөлмөсүнө бар дагы, бардык чымындарды өлтүр. Терезелерди да жап. А сен Поллианна, өзүңдүн милдетиңди аткарган жоксуң!

— Кандай милдет, таеже?

— Сенин бөлмөң ысык, туура. Бирок буюртма берилген торлор келгенге чейин терезелерди

ачпашың керек болчу. Чымындар кир, жадатма курт-кумурскалардын түрүнө кирет жана оору жугузушу мүмкүн. Сага алар тууралуу жазылган китеп берем, жакшылап окуп чык.

Тамактан кийин шартылдай басып бөлмөдөн чыгып кетти да, көп өтпөй чымындар тууралуу жазылган китебин көтөрүп алып кирип келди. Поллианна рахматын айтып китепти таежесинин колунан алды да, эшикти тарс жапкан бойдон чатырды көздөй чуркап кетти. Мисс Полли эшик кантип жабыларын үйрөтүп коёюн деп артынан чыгып таппай калды.

Жарым сааттан кийин чатырдагы бөлмөгө келген таежесине Поллианна:

— Бах чиркин, таеже! — деди. — Мен буга чейин мындай кызыктуу китеп окуй элек болчумун. Мага оку деп бергениңизге абдан ыраазымын... Чымындардын кылдай ичке буттарында ошончо көп микроб бар экенин билбептирмин... Анан...

— Болду, Поллианна! — деп сөзүн бөлдү мисс Полли. — Мага милдетимди унуттуруп атасың. Азыр кийимдериңди алып чыкчы, сага кереги жокторду жакырларга таратып салайын.

Поллианна китебин жерге коё салып шкафын ачты.

— Баары эле сизге жакпаса керек деп корком. Фондго келген жардам баштыктарынан жалаң эле балдарга, карыгандарга ылайыктуу

кийимдер чыга берчү. Сиз да ошондой жардамдардан алчу белеңиз? Апей! Мен эмне деп атам? Сиздин бай экениңизди унутуп калган турбаймынбы. Бирок, бул бөлмөдө жүргөндө сиздин бай болгонуңуз эстен чыгып кетет экен, таеже.

Мисс Поллинин ырайы бузулду. Оозун тап-тап барып тим болду. Поллианна таежесинин талуу жерине тийип алганын сезбей сөзүн улантa берди:

— Келген баштыктардан дайыма эле күткөн нерсең чыга бербейт. Кээ бир күткөндөрүң такыр эле чыкпай коёт. Атам экөөбүздүн оюнубуз ушул жардам баштыктары келгенде татаалдашчу...

Поллианна таежесинин «Атаң жөнүндө ооз ачпа» деген эскертүүсүн эстеп тып басылды. Шаша-буша кийимдерин алып чыгып, эски-уску кийимдерин таежесинин астына таштады.

Мисс Полли колунун учу менен эски кийимдерин карап жатып, кыздын ыйлагысы келип турганын байкаган жок. Мурдун чүйрүп, жийиркенип койду.

— Эң жакшыларын кийип алгам, — деди Поллианна актанып.

Мисс Полли укмаксанга салып:

— Сен буга чейин мектепке барып көрдүң беле, Поллианна? — деди.

— Ооба. Атам... Тагыраагы үйдөн окугам.

— Күздөн баштап мектепке бара баштайсың. Сени кайсы класска киргизүүнү мектептин мүдүрү мистер Холл аныктайт. Ага чейин мага күнүгө жарым сааттан китеп окуп берип турасың.

— Окуганды жакшы көрөм. Эгер мени укпуңуз келбесе деле өзүмчө окуй берем. Айрыкча муну аткарып жатканда кубанууга аракет кылуунун кажети жок. Сыртымдан окуганга караганда, ичимден окуган жагат. Узун сөздөрдүн айынан...

— Шегим жок. А музыка сабагын алдың беле?

— Пианино черткенди бир аз үйрөнгөм. Бирок мага черткенге караганда укканжагат.

— Макул. Милдетимди аткарып, сага аз болсо да музыка үйрөтүшүм керек. Тиккенди билсең керек?

— Ооба, билем. Аялдар уюмундагы эжелер менен чогуу бир аз алектенгем. Бирок ар кимиси ар башкача үйрөтүп атып, башымды айлантышкан. Ошондуктан мага үйрөнүү кыйын болду.

— Түшүнүктүү. Эми андай кыйынчылык болбойт. Сага тигүүнү да үйрөтөм. Харрингтон тукумуна таандык кыз баарын билиш керек. Тамак даярдоо жаатында кандайсың?

— Жаңы үйрөнүп баштаган элем. Уюмдагы

эжелер биринчи кайсы тамактан башташ керектигин чече албай коюшкан. Болгону инжир менен торт жасаганды үйрөнө алдым. Кийин таштап салдым.

— Инжир кошулган торт?! — деди мисс Полли таң кала. — Ошол элеби? Тамак даярдаганды сага оңой эле үйрөтөбүз. Поллианна, эми күнүмдүк иштериңди мерчемдедик го дейм. Күнүгө эртең менен саат тогузда мага жарым саат китеп окуп бересиң. Ага чейин бөлмөңдү жыйнашың керек. Шаршемби жана ишемби күндөрү тогуз жарымдан түшкө чейин Ненси ашканада тамак жасоону үйрөтөт. Калган күндөрдө түшкө чейин мени менен кошо тигесиң. Ошондо түштөн кийинки убактарыңды... Түштөн кийин музыка үйрөнөсүң. Сага тез арада мугалим табышым керек...

Өңү бозоруп, көздөрү чекчейген Поллианна дирилдеген үн менен:

— Жакшы деңизчи, бирок мен качан жашайм? — деп сурады. — *Сиз мага жөн эле жашаганга убакыт калтырган жоксуз го?*

— Жашообу? Эмне дегиң келип турат? Буларды аткарып жатканда жашабай калчудай болосуң да!

— Аларды кылган учурда албетте дем алам деңизчи. Бирок жашаган болбойм да, Полли таеже. Киши уктап жатканда дем алат, бирок жашабайт. Мен үчүн жашоо бул каалаганын

жасай алуу дегенди билдирет. Бакчада ойноо, өзүмчө китеп окуу, бакчадагылар менен маектешүү, тоого чыгуу, кече биз басып келген көчөлөрдү кыдыруу. Мына ушуну жашоо десек болот, Полли таеже. Дем алса эле жашады деп эсептелбейт да!..

— Поллианна, сен менин жашоомдо кездешкен эң таң калыштуу баласың, — деди мисс Полли. — Албетте, ойногонго бош убакытың болот. *Сени тарбиялоо, билим берүү менин милдетим болгондой эле, мага жардамдашуу да сенин милдетиң.* Болбосо жакшылыкты билбестик кылган болосуң.

— Кайдагыны айтпаңызчы, таеже! Мен ошентмек белем. Сизди жакшы көрөм да. Сиз мурдагы эжелердей эмессиз, менин чыныгы таежемсиз!

— Абдан жакшы. Андай болсо милдеттериңди так аткар.

Мисс Полли сөзүн аяктап, бөлмөдөн чыгып кетти. Тепкичтерден түшүп баратканда артынан кыздын үнү угулду:

— Кечиресиз таеже, кийимдеримдин кайсынысын бөлмөк элем?

Мисс Поллинин үшкүрүгү Поллианнага чейин угулду:

— Сага айтам деп унутуп калыптырмын. Кийимдериңдин бирөө да жарашыктуу эмес. Менин жээним болуп туруп ушундай кийинип

жүргөнүңдү көрүшсө милдетин аткарган жок дешет. Түш оой, саат бир жарымда Тимоти бизди шаарга алып барат.

Бул жолкусунда Поллианна үшкүрдү.

— Полли таеже, — деди кайгылуу. — «Милдет» дегениңизде кубана турчу эч нерсе жокпу?

— Эмне? — Мисс Полли таң калып башын көтөргөндө жүзү кызарып кеткени көрүндү. Ачууланган бойдон ылдый түшүп баратып: — Тартиптүү бол, Поллианна! — деди.

Поллианна чатырдагы ысык, тар бөлмөсүндө ойго чөмүлүп отурду. Ал үчүн кийинки жашоосу баш-аягы жок «милдеттерди» аткаруу менен гана чектелчүдөй сезилди.

«Эмне кылып тартипсиздик кылдым экен? Болгону «милдетти» аткарууда кубануу барбы деп эле сурагам» деп үшкүрүндү ал.

Поллианна бир нече мүнөт унчукпай отуруп калды. Анан керебетте үйүлүп жаткан көйнөктөрдү кайгылуу тиктеди. Акырын ордунан туруп аларды шкафка сала баштады. *«Милдет аткаргандан башка кубана турган эч нерсе жок бул жерде»,* — деди ал үнүн бийик чыгарып. Анан бир нерсени эстегендей, күтүлбөгөн жерден күлүп жиберди...

ПОЛЛИАННА ЖАНА ЖАЗАЛАР

Поллианна ал күнү түштөн кийин жашоосунун эң бактылуу күнүн өткөрдү. Арабага түшүп, таежесин ээрчип шаарга келди. Биринчи жолу кайрымдуулук мекемесинине муктаж болбой, эң жакшы жана эң кооз буюмдарды тандап, сатып алды. Ич кийим, көйнөк сатып алып жаткандагы кубанганын айтпа.

Соода кылып келген соң, кечкиге даамдуу тамак жешти. Андан соң бакчага чыгып Том менен маек курду. Апасынын бала чагына чейин айтып берген абышка кыздын жарпын жазды.

Ошол кечте Ненси экөө ашканада сүйлөшүп отурушкан. Ненси ага өзүнүн үй-бүлөсү, кичинекей бөбөктөрү тууралуу айтып берди. Бир маалда Ненси өзүнүн аты жакпаарын, «мисалы Кларисса Мабель болсо сонун болмок» деген кыялын айтып берди. Муну уккан Поллианнанын боору эзилип калды.

— Жөн эле капа болуп атасыз. Мен Ненси деген атты жакшы көрөм. Себеби ал сизсиз.

Мисалы атыңыз «Хефзибах» болуп калбаганына кубанышыңыз керек.

— Хефзибах?!

— Ооба. Миссис Уайттын аты. Күйөөсү аны «Ха» деп чакырчу, бирок бул ага жакчу эмес экен.

Ненси:

— Мындан кийин Ненси дегенди укkан сайын Ха деген атты эстейм го, — деп күлдү. Анан бир нерсени эстегендей тып токтоп: — Азыр сен мени менен кубануу оюнун ойнодуңбу? — деп сурады.

— Ооба, Ненси эже. Бул оюнга ушунчалык көнүп калдым дейсиз, өзүм да байкабай калам. Кызык бекен? — деди Поллианна.

* * *

Кечки саат сегиз жарымда бөлмөсүнө чыкты. Таежесинин буйругу боюнча терезелер бекем жабылган болчу. Ошондуктан бөлмөнүн ичи абдан ысык эле. Торлор тагыла электигине байланыштуу терезелерди ачууга батынган жок. Чыракты өчүрүп, жатар алдындагы тилегин айтып төшөкө жатты. Бирок күндүн табын өзүнө сиңирип алган жууркандар чок көйнөктөй болуп ысыта берди.

Поллианна уйкусу келгени менен такыр көзү илинбей койду. Акыры төшөктөн туруп, бөлмөнүн ичинде ары-бери басып жүрдү. Бир аз салкын аба кирер бекен деп эшикти ачып



көрдү. Алдыңкы кабатка түшүп баратып тепкичтер жайгашкан жантык коридордун терезесин көрдү. Ачайын десе ал жерде да тор жок экен.

Терезеден башын чыгарып чоң үйгө улай салынган жапыз там турганын көрдү. Бул мисс Поллинин жаткан бөлмөсү эле.

«Керебетим ушул тамдын үстүндө болсо гана! Ал жерде таза абадан дем алып жатсам кандай жыргал болмок!» деп эңседи ал.

Поллианна эки жакты карап атып дубалда илинип турган ак мүшөктөрдү көрдү. Ненси буларга кышкы кийимдер салынарын айткан. Секирип атып эң жумшагынан үчтү алып түштү. Бирөөсүнүн ичинде мисс Поллинин тону бар болчу. Аны жамынып, экинчисин астына салынып, үчүнчүсүн жаздык кылмак.

Мүшөктөрдү сүйрөп келип терезеден тамдын чатырына ыргытты. Артынан өзү да секирди. Колун созуп терезени жапканды унуткан жок. Үйгө чымын кирбеш керектигин жакшы билип калган.

Сыртта аба сонун экен. Жалпак жабылган чатырда ары-бери кутуруп чуркады. Түн бир оокумда, айдын жарыгында тамдын үстүндө чуркоо абдан жакты. Чатыр да кыйла кенен болчу.

Салкын абадан кере-кере дем алган соң бир мүшөктү астына салынып, бирөөсүн жазданып, тонду жамынып жатты. Жымыңдаган

жылдыздарды карап жатып: «Терезенин торлору болбогонуна ыраазы болушум керек. Тор тосулган болгондо, мындай жердин бар экенин да билбей калмакмын» — деп ойлонду.

Бирок, бул убакта алдында таптакыр башка окуялар болуп жаткан. Поллианна жаткан чатыр мисс Поллинин бөлмөсү болгондуктан, үстүндөгү шумдуктуу үндү угуп аялдын эси чыкты. Халаты менен кепичин шаша-буша кийип, Тимотиге телефон чалды. *«Атаңды ээрчитип келе калчы! Бол! Кол чыракты да унутпа! Үйгө ууру кирди. Гүл өстүргөн устун менен тырмышып чатырга чыкты окшойт. Ал жерден кайра терезеге кирди го дейм. Чатырга кетчү эшикти илип койдум. Бол, эрте келе гөр!»* деп жалбарды жигитке.

Жаңы гана көзү илинип бараткан Поллианна кол чырактын жарыгынан ойгонуп кетти. Үч кишинин бирдей чыккан үнүн угуп дендароо болду. Көзү жарыкка көнө түшкөн соң маңдайында Тимоти турганын көрдү. Ал чатырга шаты жөлөп чыгыптыр. Том менен мисс Поллинин башы үйдүн терезесинен чыгып турган экен.

Уурунун сазайын берейин деп келген Тимоти көзүн ушалап аткан Поллианнаны көргөндө күлүп жиберди да, шаты менен ылдый түшүп кетти. Том да аргасыз жылмайып, үн катпай үйүнө жөнөдү. Жалгыз калган мисс Полли ачуусу менен:

— Бул жерде эмне кылып жүрөсүң, Поллианна?! — деп сурады.

Поллианна таежеси эмне үчүн ачууланганын түшүнбөй:

— Бөлмөм аябай ысык болчу. Ал жакта уктай албай койдум... Алдагы терезени чымын кирбегидей кылып бекем эле жапкам.

— Поллианна, бас бери! Алдагы мүшөктөрдү да ала кел!

Поллианна таежесин угуп, мүшөктөрдү берип терезеден ичке кирди. Ал жер үп экени дароо сезилди. Таежесинин колундагы шамчырактын жарыгы көлөкөсүн бирде чоң, бирде кичине көрсөтүп бараткан. Тепкичтер менен ылдый карай түшүп баратып:

— Бүгүн мени менен жатасың. Терезенин тору келген чейин жаныман чыгарбашым керек окшойт, — деди мисс Полли.

— Чын элеби, таеже? — деп кыйкырды Поллианна. — Сиз мененби? Сиздин төшөгүңүздө э?! Ай, Полли таежем... Кандай гана мээримдүү кишисиз! Бул түн жашоомдун эң бактылуу түнү болот турбайбы! Канчадан бери тууганымдын койнунда жаткым келип жүрдү эле!

— Жок! Бул сага жаза!

— Кайдагы жаза, таеже! Сонун да. Торлор келбегенине дагы бир жолу ыраазы болуп отурам. Сиз дагы сүйүнүп жатасызбы?

Мисс Полли албетте жооп берген жок. Адаттагы калыбынан жазбай боюн түз кармап басып кете берди. Кандай айла табарын билбей калды. Үч жолу жаза берди эле, үчөөнөн тең ырахат алган бул кызга кандай мамиле кыларын билбей башы маң. Поллианнанын эч кимге окшобогон түшүнүгү, жагымдуу сөздөрү, тунук акылы таежесин күндөн-күнгө таңдантты.

* * *

Арадан күндөр өттү. Харрингтон үйүндө жашоо өз нугуна түшө баштаган. Поллианна таежесин угуп, ал түзүп берген тартип менен иш кылып калган эле. Китеп окуп, кийим тигип, тамак бышырууга жардам берчү жана пианино чертчү. «Жөн эле жашоо» үчүн да өзүнө мол убакыт бөлгөн. Түштөн кийин саат экиден алтыга чейин бош болчу. Бул бош убакыт чарчаган Поллианна үчүн берилгенби, же кыздан тажаган Полли таежеге берилгенби, белгисиз. Себеби тигүүчүлүк жана үн чыгарып окуу боюнча сабактардан кийин Мисс Полли абдан чарчап калчу болду. Аны жоруктары үчүн урушкандан кийин, «Кандай шумдуктуу кыз!» деп таң калгандан башка айласы калчу эмес.

* * *

Июлдун алгачкы күндөрү эле. Тегеректе Поллианна куруктуу эч ким жок болгондуктан, досу жок жалгыз жүрдү. Бирок ага деле капа болгон

жок. Негизи эле башка балдарга салыштырмалуу кыйла өзгөчө кыз болчу. Чоң кишилер менен маектешкенден, токойлоду, көчөлөрдү кыдырып сейилдегенден ырахат алчу.

Суудай аккан күндөрдүн биринде Поллианна бир «киши» менен жолугуп калды. Бул таң калыштуу «киши» дайыма үстүнө кара пальто, башына цилиндр* кийип жүрчү. Кыз анын атын билбегендиктен «киши» деп атап алган. Ал да өзү сыяктуу басканды жактырган киши болгондуктан, дайыма жолугуп калышчу. Поллианна ал киши менен достошууну каалады. Акыры бир күнү жанына барып:

— Кандайсыз? — деп сурады. — Аба ырайы кандай сонун э?

Тигил эки-жагын каранып, эч ким жок экенин байкаган соң:

— Мага айтып жатасыңбы? — деп сурады.

Поллианна:

— Ооба, мырзам. Кандай жакшы күн! — деди жаркылдап.

Берки бир нерселерди сүйлөнүп алып шартылдай басып кетип калды. «Кандай тамашакөй киши» деп күлүп койду Поллианна. Бирок ал достошууну максат кылгандан кийин токточу беле. Эртеси күнү да алдынан чыгып:

---

* Цилиндр (немис тилинен — Zylinder) — европалык эркектердин баш кийими. Үстү жалпак, узун шляпа. XIX кылымда цилиндр күнүмдүк баш кийим катары кеңири тараган.

— Аба ырайы кечээкиге жетпегени менен баары бир жакшы деп эсептелет, — деди.

Киши бул жолу да ар кайсыны айтып жолго түштү. Үчүнчү күнү дагы жолугушту. Бул жолу тигил Поллианнадан:

— Эй кыз, кимсиң сен? Эмне себептен мени менен сүйлөшкүң келип атат? — деп сурады.

Поллианна кубаныччуу шаңкылдады:

— Мен Поллианна Уиттиер. Жалгыздай көрүндүңүз. Балким доско муктажбы деп ойлодум. Мени менен сүйлөшкөнүңүзгө абдан ыраазы болдум. Бирок дагы деле атыңызды биле элекмин.

— Оо, Жараткан, сабыр бер!.. — деген кобуранганча дагы басып кетти. «Эч нерсе эмес. Бул да болсо жарым таанышуу» деди Поллианна моюбай.

МИССИС СНОУ

Ашканада тамак жасалып жаткан. Мисс Полли колунда жок, оорукчан миссис Сноуго аптада бир ирет тамак жиберчү. Бул ишти негизи Ненси аткарчу. Поллианна ошол күнкү тамакты мен алып барайын деп суранды. Таежеси аргасыз макул болду. Поллианна үйдөн чыгып баратканда Ненси:

— Бул жүктү мойнуман алганыңа кубандым. Бирок бул милдетти сага жүктөгөнүмө капамын, — деди.

— Бул иш мени кубантат, Ненси эже.

— Бир жолу баргандан кийин кайра баргың келбей калат.

— Эмнеге?

— Себеби ал эч кимге жакпайт. Эгер абалы боор ооругудай болбогондо, жанына бир да киши жоломок эмес. Миссис Сноунун мүнөзү начар, эч нерсени жактырбайт. Бүгүн дүйшөмбү болсо жекшемби болбогонуна кыжырданат. Эгер муздак килкилдек алып барсаң тоок алып



келбейт белең дейт. Тоок алып барган күнү козунун шорпосун ичмекчимин деп чыгат. Байкуш кызына боорум ооруйт.

Поллианна кызыгып калды.

— Ал эмне болгон аял? Көргүм келип баштады. Мен өзгөчө кишилерди жактырам.

* * *

Поллианна Миссис Сноунун эски короосуна кирип, кызыгуу менен коңгуроону басты. Эшикти өңү сумсайган кыз ачты.

— Саламатсызбы? Мен мисс Полли Харрингтондун жээнимин, — деди Поллианна сылык учурашып. — Миссис Сноуну көргөнү келдим...

Кызы Поллианнага жол көрсөтүп, ээрчитип баратып:

— Апамды көргүсү келген алгачкы киши-сиң, — деди. Караңгы үйгө кириштн. Поллианнанын көздөрү кыйла барып араң караңгыга көнүп, мандайында төшөктө отурган аялды көрдү. Дароо жанына барып:

— Кандайсыз, миссис Сноу? — деп сурады. — Полли таежемдин саламы бар. Сизге бүгүн музоонун бутунан жасалган килкилдек берип жиберди.

— Ай кудай, ай! Килкилдек дейсиңби? Ырахмат. Бирок бүгүн козунун шорпосун ичким келип атпады беле!

Поллианнанын бир аз кабагы бүркөлө түштү.

— Аа, ошондойбу? Сизге килкилдек келген күнү тоок жегиси келет го деп ойлогом.

— Эмне дейсиң?

— Эч нерсе. Сизге килкилдек келген күнү тоок жегиңиз келгенин жана тоок келгенде козунун шорпосун ичкиңиз келгенин айтышкан. Же башкача беле, айтор унутуп калдым.

Бейтап аял ордунан обдулуп, ачуусу менен:

— Ок, жашабагыр! Бери карачы, кимсиң сен? — деп кыйкырды.

Поллианна бөлмөнү жаңырта күлүп:

— Атым Жашабагыр эмес, — деди. — Поллианна Уиттиермин мен. Мисс Полли Харрингтондун жээнимин. Аныкында жашап атам. Ошол үчүн килкилдек алып келгем...

Аял Поллианнаны угуп туруп килкилдек деген жерге келгенде жаздыкка сулк жыгылды.

— Рахмат, — деди. — Таежең кайрымдуу аял. Бирок бүгүн табитим жок. Анын үстүнө козунун этин жегим келип аткан. Кечээ түнү кирпик ирмебей чыктым.

Поллианна колундагы идишти столдун үстүнө коюп, четте турган отургучка отуруп мындай деди:

— Мисалы мен уйкуну жактырбайм. Уктагандан көрө, ошол убакытта канчалаган жакшы

иштерди кылса болот. Киши жакшы иштерди кылбаган соң, жашады деп эсептелбейт да.

Аял «кызыктай кыз экенсиң» деп күбүрөнүп:

— Кана, жакын келчи. Алдагы парданы аччы. Жарыктан жүзүңдү көрөйүн, — деди.

Поллианна кубанды, бирок анча эмес. Парданы ачып жатып:

— Бул жаккан жок, — деди. — Бетимдеги сепкилдерди көрүүңүздү каалаган эмесмин... Мына, парданы ачтым! Бирок мени көргүңүз келгенине абдан ыраазы болдум. Себеби мен да сизди көрүп жатам. Сиздин мынчалык сулуу экениңизди айтышкан эмес.

Кайгы басып отурган аял селт этти:

— Менби? Сулуумунбу?

— Ооба. Эмне билчү эмес белеңиз?

— Жок. Билген эмесмин.

Миссис Сноу кыркка чыккан аял эле. Бирок он беш жылдан бери ар нерсенин кемчилигин чукуп жашап келет. Ошондуктан болгонун болгондой кабыл алганды, ыраазы болгонду унутуп калган.

— Менимче көзүңүз менен чачтарыңыз сиздин көркүңүздү ачып турат экен! Экөө тең капкара тимеле! Беттериңиз да кандай сонун, кызарып турат... Сиз кандай гана сулуусуз, миссис Сноу! Күзгүгө карансаңыз, буларды сөзсүз көрөсүз!

— Күзгүбү? Ал... — деди оорукчан аял жаздыкка жөлөнө. — Сен да мен сыяктуу күнү-түнү жатсаң, күзгү эмне экенин унутуп калмаксың.

— Жок, мен сизге кошулбайм. Азыр мен сизге көргөзөм, — деп Поллианна чуркап кетти. Ары жактан шкафтын үстүндө турган күзгүнү көтөрүп келди. Аялдын түйдөктөшкөн чачын көрүп, күзгүнү столго коё салды дагы, чачын тарап баштады. Аял буга уруксат берди.

Поллианна:

— Оо, чоң ырахмат. Башка бирөөнүн чачын тараганды абдан жакшы көрөм. Мен көп деле нерсе кылбайм. Болгону сизге канчалык сулуу экениңизди көргөзүп коёюн, — деди.

Өрүлгөн чачын жазып тарап, кайра өрүп отуруп, аялдын чачы менен беш мүнөткө жакын алпурушту. Бирок аялдын чыдамы кетип баратканын байкаган деле жок. Акыры оңдоп бүтүп, жанындагы вазадан кызгылт түстөгү гүл алып, саамайына сайып койду. Анан күзгүнү колуна карматып:

— Мына! Эми сулуу келбетиңизди көрө бересиз болот, — деди Поллианна.

— Хм... Мен ачык кызыл гүлдү көбүрөөк жактырам. Бирок айырмасы кайсы, экөө тең кечке жетпей соолушат. Туурабы?

— Мен сиздин ордуңузда болсом гүлдөрдүн соолуганына кубанмакмын. Анткени алар соолуганда ордуна жаңысына ээ болосуз. Чач-

тарыңыздын тармалдашып турганы көңүлүмө толуп турат. Сизге да жактыбы?

— Мм... Ооба. Жаман эмес. Бирок мунун кандай пайдасы бар... Төшөктө ары-бери оодарылып жата берген соң.

— Албетте, андай эмес. Сиз чачтарыңыздын кара болгонуна кубанышыңыз керек. Себеби кара чач аппак жаздыкта дагы да кооз көрүнөт. Меники сыяктуу сары чачтар андай болбойт.

— Бирок мен кара чачтарды баалай бербейм. Себеби ак түшсө дароо билинип калат.

— А мен кара чачты аябай жакшы көрөм! Менин да чачтарым кара болсо гана! Кандай гана ыраазы болмокмун...

Аял Поллианнанын таасири менен оорусун унутуп, аз болсо да келбети жөнүндө ойлоно баштаганын өзү да байкаган жок. Кыялын да көргөзбөдү. Бирок көпкө узабай өз абалын эстеп кетти да, күзгүнү төшөккө таштап:

— Эгер менин ордумда болгонуңда эч кандай ыраазы болмок эмессиң... Кара чачың да, башкаң да сени кубанта алмак эмес, — деди.

Поллианнанын башы катты. Бираз ойлонгон соң:

— Ооба, мындай учурда аны табуу кыйын болмок, — деди.

— Эмнени табуу?

— Ыраазы болууга себепти табуу.

— Күндүр-түндүр ордуңан жылбай жатсаң кайдагы ыраазы болуу? Кана айтчы? Эмнесине ыраазы болоюн?

Поллианна дубалда илинип турган саатты карап ордунан турду дагы:

— Маселенин төркүнү дал ушул жерде! — деди. — Кыйын иш. Мен кетишим керек. Шашып атам. Жолду катар ойлонуп, кийинки жолукканда жообун айтам. Сиз менен жакшы убакыт өткөрдүм. Рахмат. Саламатта туруңуз!

Миссис Сноу зыяратчысын артынан узата карап калды. Анан жакасын кармап: «Эмне деген шумдук! Мындай жанга биринчи ирет жолугушум» деди. Күзгүнү алып чачын оңдоп кирди. Ичинен «Чачтарымдын мынчалык жакшы экенин байкабаганымды карасаң» деп шыпшынды. Бирок булардын баары жарты тыйын пайда бербесин ойлогондо, оор үшкүрүп эки жагын каранып отуруп калды.

Бир аздан кийин миссис Сноунун кызы Милли бөлмөгө баш бакты. Бул учурда күзгү жууркандын үстүндө жаткан эле. Милли таңыркап:

— Апа... Парда ачылып калган го... — деди терезе менен апасынын чачына тагылган гүлдү алмак-салмак карап.

— Ачылса эмне болуптур? — деп сүйлөндү апасы. — Ооруп калдым эле деп өмүрүмдүн калганын караңгылыкта өткөрөйүнбү...

— Туура айтасыз, апа. Көптөн бери сизди

жарык бөлмөгө көчүрө албай жүрөм.

Аял кызынын сөзүн жоопсуз калтырып, дагы бир жолу наалыды:

— Бирөө мага козунун шорпосунан көрө жаңы пижама* берсе сонун болмок.

— Койсоңузчу апа!...

Милли жөн жерден нааразы болгон жок. Артындагы сандыкта эки жаңы пижама кийилбей жатат. Канча айдан бери жаңысын кий деп апасына жалбарып, көндүрө албай койгон.

* Пижама — жатарда кийилүүчү кийим

ТАБЫШМАКТУУ КИШИ

Поллианна баягы кишини кайрадан көргөндө жамгыр жаап жаткан болчу. Ага карабай жылмайып учурашып:

— Бүгүн күн анчалык деле жакшы эмес. Дагы жакшы, күн сайын жаан жабайт. Мен ушуга ыраазымын, — деди.

Киши жакын басып келип:

— Мени эмнеге сөзгө тартып атасың? — деп бурк этип бир тийди. — Биз бул маселеге чекит койбосок болбой калды. Элдин баары эле сендей болуп аба ырайын ойлонуп жүрө бербейт да. А мен... Мага күн ачыкпы, жамгырлуубу айырмасы жок, байкабайм дагы.

— Ошо байкабаганыңызды сезип кабардар кылайын деп атпаймбы. Бүгүн жамгыр жаап атканына кубанышыбыз керек. Бул эртең күн тиет дегенди билдирет.

Киши эмне дээрин билбей, Поллианнаны баштан-аяк бир карап чыгып:

— Эмнеге өзүң куратуу дос издеген жоксуң? — деп сурады.

— Тилекке каршы биздин тегеректе мени менен тең бала жок. Чынында мен деле өзүм куратуу дос издегим келбейт. Чоңдор менен достошуу ого бетер кызыктуу. Балким кайрымдуулук уюмундагы аялдар менен жүрүп көнүп калгандырмын.

— Мен ал уюмдагы аялдардан эмесмин да?

— Аны мен деле билем. Бирок сиз алардан да өткөн дос болоруңузга ишенип турам.

Киши бул сөздөргө берер жооп таба алган жок. Кайрадан бат-бат басып, караанын көргөзбөй жок болуп кетти.

* * *

Бир канча күндөн кийин дагы кездешип калышты. Бул жолкусунда тигил сөз баштады:

— Кандайсың, кичинекей досум? Бүгүн күн ачык экенин билем.

— Сизди көрөр замат муну билгениңизди түшүнгөм. Жылмайганыңыздан жана көздөрүңүздөн көрүнүп турат.

Киши карс-карс күлүп алып жолуна улады.

Ошол күндөн тартып ал Поллианнага жолуккан сайын ал-акыбалын сурап өтүп жүрдү. Көңүл көтөрчү бир канча ширин сөздөрдү да айтты.



Бир жолу Ненси экөө сейилдеп жүрүп ал кишиге дагы жолукту. Ненси анын Поллианна менен учурашып, сүйлөшкөнүн көрүп абдан таң калды да, ал кеткенден кийин:

— Көргөн көзүмө ишенбей турам. Баарына ишенсе болот, бирок бул кишинин сени менен сүйлөшкөнүнө ишене албайм. Анын ким экенин билесиңби? — деп сурады.

— Дайыма эле атын айтканды унутуп калат. А мен болсо атымды айткам.

— Бул киши эч ким менен сүйлөшпөйт. Көп жылдан бери ушундай. Аябай түнт киши. Өтө зарыл учурларда гана үндөгөнгө жарайт. Үйүн жыйнап, тамагын бышырар эч кимиси жок. Ошондуктан күндө үч ирет шаарга келип, ашканадан тамактанат.

Бул маалымат Поллианнаны ого бетер кызыктырды. Ненси сөзүн андан ары минтип улантты:

— Угушум боюнча тамак аларда да үндөбөйт экен. Аты Жон Пендлтон имиш. Дайыма арзан тамактарды ичет дешти.

— Айла жок. Кедейлер дайыма эле ошондой тамактанышат, Ненси эже. Атам экөөбүз көп учурда арзан ашканалардан тамактанчубуз. Дайыма арзан тамак алып жечүбүз. Куурулган үндүк түшүбүзгө да кирчү эмес.

— Пендлтон кедей эмес болуп атпайбы. Анын атасынан калган заңгыраган үйү, кокодон

акчасы бар. Андай бай бул чөлкөмдө саналуу гана.

— А балким муктаждарга көбүрөөк жардам берейин деген ойдо акчасын ысырап кылгысы келбейттир, — деди Поллианна бир аз ойлонгон соң.

— Ак ниет кызсың, Поллианна. Кээ бирөө аны жинди десе, айрымдар жашоодон түңүлгөн байкуш дешет. Эмнеси болсо да, эч ким менен сүйлөшпөгөн киши. Ал тургай үйүндө кишинин сөөгү бар экен деп да айтып жүрүшкөн.

— Мына кызык! Коркунучтуу го?

— Бул табышмактуу киши, биз ойлобогон өлкөлөргө саякаттап келет экен.

— Балким, атам сыяктуу диний насаатчыдыр.

— Ай билбейм. Такыр андай ойлобойм. Элдин айтканына караганда, саякат учурунда көргөн-билгендерин жазып, китеп кылып басып чыгарат экен.

— Бул айткандарыңызды уккан соң, мени менен сүйлөшкөнүнө дагы көбүрөөк ыраазы болушум керек.

* * *

Кийинчерек Поллианна миссис Сноуго дагы тамак алып барды. Аял баягыдай эле бөлмөсүн тумчулап алып жатыптыр. Милли: «Мисс Поллинин үйүндөгү кичинекей кыз келиптир, апа» — деп, араң сүйлөп бөлмөдөн чыгып кетти.

Бөлмөдө экөө эле калды.

Төшөктө жаткан аял:

— Аа, сен келдиңби? Эстедим. Сени бир көргөн киши такыр унутпаса керек. Кечээ келсең болмок. Сени кечээ келеби деп күттүм эле — деп күңкүлдөдү.

— Аа, ошондойбу? Бүгүнкү күн менен кечээкинин айырмасы кайсы? — деди, Поллианна, парданы ачып жатып. — Дагы эле караңгыда жатасызбы, миссис Сноу? Сизге атайын белектерди алып келгем, караңызчы.

Аял онтолоп араң сүйлөдү.

— Куураган кекиртек тамак экенин сезип атат. Ии, кана, эмне алып келдиң? — деди тынчы кеткен аял, себетти карап.

— Ичинде эмне бар табыңызчы. Сиз эмне каалап жатасыз?

— Аа, мен эч нерсе деле каалаган жокмун. Баарынын даамы бирдей эмеспи, — деди, миссис Сноу, кабагын бүркөп.

Поллианна кыткылыктап күлдү.

— Ошентсе да таап көрүңүзчү. Эмне каалап аттыңыз эле?

Аял унчукпай калды. Колунда жок нерселерди талап кылып, ал эми ошол арзуусу алдына келгенде жактырбай коюу адаты пайда болгонуна көп жылдын жүзү болгон. Эми бир нерсе деш керек эле. Сары кыз болсо жообун күтүп

тигилип турат.

— Козунун эти болсо жакшы болмок...

Поллианна кубанычтуу кыйкырып жиберди:

— Мен дал ошол козунун этин алып келгем.

— Бирок мен козунун этин каалаган эмесмин да... Тоок болсо деп аткам.

Поллианна дагы күлдү:

— Аны да алып келгем.

Таң калган аял тескери бурулду.

— Экөөнү теңби?

Поллианна жеңишке жеткен жоокердей кубанды.

— Албетте! Ал тургай килкилдек да ала келгем. Каалаганыңыздын баарын жайнатайын деп чечтим. Бардык тамактан бир аздан салдырып алгам Ненси эжеме. Бул жакка келерде «менде жок тамакты сурап калса эмне болот?» деп ойлондум. Мынчалык алпурушкандан кийин эмгек талаага кетмек да — деп күлдү.

Аял жооп берген жок. Керебетинде отурган бойдон бир нерсесин издеген кишидей эки жакты каранып отуруп калды. Поллианна тамак салып келген чөйчөктөрдү столдун үстүнө тизди. Анан сылык кана:

— Булардын баарын калтырып жатам. Эртең козунун этин жегиңиз келери анык. Бүгүн кантип калыптырсыз? — деп сурады.

— Жакшы эмесмин. Таң аткандан бери кирпик ирмей элекмин. Кошунанын баласы музыка үйрөнүп атканбы, айтор, аспабынын үнү кулак жарат. Эмне кыларымды билбей, айлам кетип отурам.

Поллианна түшүнгөн кишидей баш ийкеди:

— Билем. Бул абдан коркунучтуу, — деди. — Мындай окуя аялдар уюмундагы миссис Уайттын да башынан өткөн. Жүрөгү кармап, төшөккө жатып калган. Ал кыймылдай алчу эмес. «Эх, бир жолу кыймылдай алсам гана!» деп арман кылчу. А сиз кыймылдай аласызбы?

— Кантип?

— Эми, ары-бери оодарылып, музыка тынчыңызды алганда орун которуп дегендей?

— Ооба. Кыймылдайм жакшы эле.

— Андай болсо буга ыраазы болушуңуз керек. Миссис Уайт такыр кыймылдай алчу эмес. Сулк эле жатчу. Ошентсе да өзүнүн абалына ыраазы болгонду үйрөнгөн.

— Кантип? Ошондой абалда дагыбы?

— Ооба да. Кааласаңыз башынан айтып берейин. Миссис Уайт кыймылдай албаганы аз келгенсип, аны да кошунаныкынан чыккан музыка жадатыптыр. Аны укканда тим эле ита-тайы тутулуп кетчү экен. Аны баккан кайын эжеси болсо дүлөй болчу. Эр болсоң дүлөйгө оюнду түшүндүрүп көр...

Аял Поллианнанын оозун тиктеп жалдырап отурду. Кыз сөзүн андан ары улады.

— Өзүн карап жүргөн күйөөсүнүн эжеси коңшу үйдөн чыккан музыканын үнүн укчу эмес. Мисс Уайт ошондо жок дегенде кулагы угарын эстеп өзүнө келиптир. Мурда тынчын алып жүргөн музыканы уга алганы үчүн Жаратканга шүгүр келтире баштаптыр. Анан ошол музыканы ырахаттанып укчу экен. Айтайын дегеним, мисс Уайт да ушул оюнду ойночу. Ага муну мен айтып берген элем.

— Оюнбу?

— Ооба, оюн... Аа! Эми таптым! Сизди эмне бактылуу кыларын билдим!

— Таптыңбы? — деди аял какшыктагансып. — Эмне экен?

— Ыраазы кылчу нерсени таптым. Башка кишилер сиздей болуп оорубаганына кубанып, ыраазы болсоңуз болот.

Кыз бул сөздөрдү ишенимдүү айтып жаткан эле. Аял нес болуп калды. Көзүнөн заар учуп күңк этти:

— Издеп атып ушуну араң таптыңбы?

Бирок Поллианна да оңой жеңилип берчү кыз эмес. Оюнду түшүндүрүп баштады. Аялга кайрымдуулук мекемесине келген кутуларды, балдактарды, келбей койгон куурчагын баяндап берди.

Аңгемеси аяктап калган кезде сырттан Милли баш багып:

— Таежең сени күтүп атыптыр, мисс Поллианна. Маңдайдагы үйгө телефон чалыптыр. Тез келсин дейт, — деди.

Поллианна кыйылып атып ордунан араң турду.

— Азыр барам. Чуркаганга буттарым бар болгонуна сүйүнүшүм керек, туурабы миссис Сноу? — деди күлүмсүрөп.

Жооп болгон жок. Миссис Сноу көзүн бекем жумуп, ойго чөмүлдү. Милли болсо энесинин кубарган жаагынан жаш агып баратканын көрүп, таң калганынан көздөрү алайды.

КУБАНЫЧТУУ ЖАҢЫЛЫК

Июль күндөрү биринин артынан бири өтүп жатты. Бул кезде Поллианна Харрингтон үйүнө көнүшүп калган. Өзүн бактылуу сезип, көңүлү жайдары. Таежеси түзгөн программа, күндө өтүлчү сабактар баштагыдай тажатпайт.

Бир күнү түштөн кийин мисс Полли чатырдагы кампасынан тыбыт жоолугун алганы үстүнкү кабатка чыкты. Таежесин баскан үнүнөн тааныган Поллианна дароо бөлмөсүн ачып, жолдон тосуп алды. Жүзүндө жылмаюу.

— Таеже, мени көргөнү келгениңизге аябай ыраазымын! Буга чейин эч ким конокко келген эмес. А мен конокту абдан жакшы көрөм! Таеже, бияка келгенге чейин өзүмө тиешелүү бөлмөм да болбоптур. Эми болсо, Кудайга шүгүр, бөлмөм бар. Түркүн-түстүү оюулары бар килемдери, картиналар, пардалары болбогонуна карабай, бөлмөмдү абдан сүйөм...

Мисс Поллинин кабагына кар жаады. Кичинекей кыз шарт токтоп калды. Сепкил баскан беттери албырып чыкты. Сөздү башкага бургусу

келип, мукактанып сөз таппай баштаганда бөйрөгүн таянган мисс Полли айкырды:

— Кекечтенбей бат-бат айтчы! Сөзүңдүн аягына чык да! Оюңдун аныгын билейин!

Мисс Полли жоолукка келген болчу. Эми анысы эсинен чыгып, Поллианнанын акңгыраган бөлмөсүнө кантип кирип барганын өзү да билбей калды. Эми минтип кенедей кыздын куйкасын куруштурган сөзүнө аргасыз чыдап, керебетте отурган чагы. Бирок кыздын сөздөрүнүн аягы аны тынчсыздандырып жатты.

Поллианна анардай кызарды. Сөзүнүн башаягын таппай атып мындай деди:

— Балким, туура эмес сөздөрдү сүйлөп алгандырмын. Кечирим сурайм. Айтайын дегеним, бул бөлмөгө келерден мурун кооз килемдер, картиналар, пардалар бар го деп ойлогом. Көрсө алар балалык кыялдарым тура. Буга чейин андай баалуу нерселерге ээ болбогонуман улам ошондой ойлосом керек. Бир жолу кайрымдуулук мекемесине келген кутулардан эки кичи килем чыккан эле. Алардын бирөөсүнө сыя төгүлгөн окшойт, көгала болчу. Экинчиси тамтыгы чыккан, чүпүрөктөй жука килем экен. Дагы бир күнү кутулардан эки картина чыккан. Бирөөнү колго кармаар замат бычырап сынып калган. Беркинисин атам...

Поллианна үндөбөй туруп калды. Таежесинин атасы тууралуу айтпа дегенин эстеп кетти.

Сөзүн оңдоп:

— Акчага муктаж болуп ал картинаны сатып жибергенбиз. Бул бөлмөгө биринчи келгенде ошол окуялардын таасиринен чыга элек болчумун. Бош бөлмөгө киргенде жаман болбой койгон жокмун, албетте. Бирок издеген сайын ыраазы болчу жактарын таап аттым. Мисалы, күзгүнүн жоктугунан бетимдеги сепкилдер көрүнгөн жок, ошондуктан кайгырган жокмун. Анан... Терезедеги көрүнүш кудум эле эң кооз сүрөт тартылган картинадай экен. Ушул жакшылыктардын баарын тартуулаган сизге рахмат. Ушунчалык жакшы адамсыз, таеже. Бул кылгандарыңызды эч качан унутпайм!

Бети чоктой кызарган мисс Полли ордунан туруп:

— Болду, Поллианна! Жетишет! — деди да, бөлмөдөн чыгып кетти. Алчу жоолугун унутуп, тепкичтерди тарсылдаткан бойдон ылдыйкы кабатка жөнөдү.

Мисс Полли эртеси таң атпай Ненсини чакырып, чечкиндүү түрдө буйрук берди:

— Поллианнанын буюм-тайымдарын астыңкы кабаттагы кечээ мен жыйна деген бөлмөгө көчүр! Менин жээним мындан кийин ошол жерде уктайт.

Ненси кудуңдаган бойдон үстүңкү кабатка учуп чыкты:

— Полли... Поллианна, сүйүнчү! Сага сү-

йүнчүм бар! — деп кыйкырды. — Мындан ары астыңкы кабатта жатасың. Азыр буюмдарыңды ошол жерге көчүрөм!

Поллианна ишене албай:

— Кандай дейсиз, Ненси эже? Чын элеби? Ура! — деп так секирди.

— Ооба, чыпчын — деп күлдү Ненси. — Буюмдарын алдыңкы кабаттагы бөлмөгө ташы деди таежең.

Поллианна кызматчынын сөзүн акырына чейин уккан жок. Дароо тепкичтерди экиден бир аттап чуркап жөнөдү. Таежесинин жанына баргыча эки эшикти ачты эле, экөө тең дубалга тарс этип бир тийди. Алдында турган үстөлдү да кулатты.

— Таеже, таеже! — деп кыйкырды толкунданып алган Поллианна. — Полли таеже, чын эле ушундай деп чечтиңизби? Ал бөлмөдө баары бар да. Килем десең килем, пардалар, үч картина... Терезеден карасаң сырттагы кооздук да көрүнөт. Рахмат, Полли таеже!

— Макул, Поллианна... Бөлмөңдүн алмашуусу сага жакканына кубанычтамын. Поллианна, сураныч, тиги отургучту өйдө тургузуп койчу. Акыркы жарым мүнөттө эки эшикти тарсылдаттың, — деди. Аял катуу сүйлөп жаткан болчу. Анткени өзү түшүнбөгөн бир себептен улам ыйлайын деп турган.

Поллианна үстөлдү тургузду. Сүйүнүчүн

жашыра албай толкунданып мындай деди:

— Ал эшиктердин үнүн уктум. Мага тигил бөлмөнү бергениңизден толкунданып кетпедимби, — деген соң дагы бир сөздү баштап таежесин жарга такады.

— Таеже, өмүрү эшикти катуу жаап көргөн эмессизби?

— Жок, албетте! Андай нерсе эсимде жок — деп тайсалдады таежеси.

— Мына ушуга капа болдум. Сизге боорум ооруп атат, таеже. Киши абдан сүйүнгөндө эшиктерди тарсылдатып ачып-жапкысы келет. Демек сиз эшиктерди шарактатканды каалаганчалык сүйүнбөптүрсүз. Кандай өкүнүчтүү!

— Поллианна! Эй кыз!

Тилекке каршы бул эскертүү суу кечкен жок. Себеби Поллианна буюмдарды көчүрүп аткан Ненсиге жардам берүү үчүн жебедей сызып жок болгон. Чуркап баратып дагы эки үстөлдү кулатып, алдынан чыккан бардык эшикти тарсылдатып ачып-жаап өттү. Таежесинин сөздөрү кулагынын сыртынан кетип, абага сиңип жок болду.

ЖИММИ МЕНЕН ТААНЫШУУ

Август айы биринчи күндөн тартып кызыктуу окуялар менен коштолду. Бирок Ненси кичинекей кыз келгенден бери таңдаануну унутуп калгандай. Күтүлбөгөн окуяларга туш боло берип көнүп калган окшойт кыязы.

Алгачкы таң калтырган окуя Поллианна кир, кибиреген мыймый кучактап келген күн болду. Кичинекей кыз жолдо баратып ачкасынан мыёолоп аткан мышыктын баласын таап алат. Аны аяп ээсин издейт. Бирок ээси чыкпаган соң бооруна кысып үйгө көтөрүп келе бериптир.

Таежесинин бөлмөсүнө мыймыйын бооруна кыскан бойдон кирди. Таежеси каршы чыккынына карабай аны жоошутуп, муютуп, анан ашканага келди.

Ал жерде Ненси оокатын кылып жүргөн.

— Ненси эже, Полли таежем кандай мээримдүү киши э?! Боорукерлигине сөз жетпейт. Караңызчы, быйтыйган байкуш мышыкты мага

кошуп бакмай болду, — деди Поллианна Ненсиге. Чынында мисс Полли мышыктарды жек көрчү.

Поллианна эртеси да сейилдөөгө чыгып, итирейген, көчөдө калган ит ээрчитип келди. Кечээки сөздөр кайра кайталанды. Мисс Полли бул ирет да жээнинин «кайрымдуусуз» деген сөздөрүнө эргип, ал айткан касиетке шайкеш болууга аргасыз болду. Мындай күтүүсүз жаңылык Ненси менен Томду тандантпай койгон жок.

Арадан бир жума өтпөй Поллианна үйгө кароосуз калган, жүдөгөн бир баланы ээрчитип келсе болобу. Андан да кызыгы, Поллианна бул баланы да багып алалы деп таежесинен суранды. Мына ошондо сабыры түгөнгөн мисс Полли кыздын тизгинин тартууга мажбур болду.

Бул окуя мындайча болгон:

Аптанын бейшемби күнү Поллианна адаттагыдай эле миссис Сноуго тамак жеткирип барат. Чынында, Поллианна менен миссис Сноу абдан ынак болуп калышкан. Миссис Сноу дагы кичинекей кыз менен бирге ыраазы болуу оюнун ойноп жүргөн болчу. Аял ал күнү Поллианна алып келген тамакка ыраазы болду.

Поллианна аялдын үйүнөн кубанып чыгып, жолдо келатып бир балага жолугуп калат. Кыздын айткан саламына ал кайдыгер гана жооп берет. Поллианна жанына отуруп өзүн тааныштырганда да көңүлсүз өзү жөнүндө күбүрөнөт. Акыры ал сөзгө жибип, бир топко чейин маек-



тешип отурушат. Поллианна анын айтып берген жашоо таржымалынан аябай таасирленет.

Бала аты Жимми Бин экенин, быйыл он бирге толгонун айтат. Өткөн жылы Жетимдер үйүнө барып жашап, такыр жакпаганынан кетип калыптыр. Эми өзүн багып алчу үй-бүлө издеп жүргөнүн, апалуу болгусу келгенин айтып Поллианнанын зээнин кейитет.

Ал үчүн төрт-беш үй-бүлөгө барып акыбалын түшүндүргөнүн, бирок бирөөнөн да оң жооп албаганын баяндап берет.

Боору ооруган Поллианна мышык менен итти кабыл алган Полли таежеси Жиммини да кабыл алса керек деп үмүт кылып, тигиге бул пикирин айтып көрөт. Ошентип, экөө ээрчишип алып Харрингтон үйүнө келишкен экен.

Поллианна жаңы досун Полли таежесинин бөлмөсүнө ээрчитип кирип, шашылбай тааныштырып жаткан. Кыздын сөзүнүн төркүнү каяка баратканын сезген аял адегенде өңү кубарды, андан соң манаттай кызарып туруп:

— Поллианна, бул селсаякты да багып ал деген турасыңбы, ыя? — деп сурады.

Ак жүрөк кыз:

— Муну чатырдагы бөлмөгө жашатууга уруксат бериңизди үмүт кылып атам, таеже. Ага айкөлдүк кыларыңызга шегим жок. Байкуш мээримге ушундай суусаптыр дейсиз!... — деди кулдук урган элчидей эпилдеп.

Мисс Полли артында турган диванга боюн таштады. Ал кызды дагы тыя албай каламбы деп коркуп турган. Анан болгон кайратын жыйнап:

— Ушунчасы эле жетишет, Поллианна! Үйүмө сасыган мышык, итирейген итиңен бери ээрчитип келдиң. Ал аз келгенсип кайдагы бир тилемчини да сүйрөй келиптирсиң! Алар...

Бала да чарт жарылды. Өзүнүн тилемчи эмес экенин, болгону курсагын тойгузган, баш калкалаган үй издеп жүргөнүн, анын акысына иштеп берерин, бул үйгө Поллианна өзү суранып ээрчитип келгенин айтты. Айтты да артын карабай чыгып кетти.

Поллианна мындай окуя болуп кетет деп күткөн эмес. Ызаланып ыйлап жиберди. Ал ыйлап дагы, анын мээримдүүлүгүнө таянып ушул ишти кылганын таежесине айтып да жатты. Кызды угуп отурган аялдын кулактарына «мээрим» деген сөздөр жаңырып, мээсин жеп турду.

Мисс Полли Поллианнага «ыраазы болуу, кубануу» деген сыяктуу сөздөр кокосуна чейин жеткенин, мындан ары чыдабай калганын айтты. Кыз болсо: «Жимми экөөбүздүн кубанганыбызды көргөндө сизди да кубанат го деп ойлогом» деп бышактады. Анан эки жагын каранып, баланы издеп үйдөн чуркап чыгып кетти.

Короодон чыгып бараткан баланын артынан кууп жетти.

— Эй бала! Эй! Жимми Бин! Мени кечирип

койчу, — деди аны колунан кармап.

— Мен сени күнөөлөбөйм, бирок мен кайырчы эмесмин!

— Албетте, андай эмессиң! Бирок, таежеме ачууланбашың керек! Балким, мен туура түшүндүрө албай койдум окшойт.

Бала ийин куушуруп, бурулуп кетти.

— Эч нерсе эмес. Мен өзүм таап алам. Бирок кайырчы эмесмин, эсиңде болсун, — деди катуу ызаланган бала.

Поллианна кашын чытып көпкө ойлонду. Анан бир маалда күтүлбөгөн жерден жүзү нурданып чыкты.

— Укчу мени, Жимми! — деди ал. Анан Аялдар уюму тууралуу түшүндүрүп, эртең ошол жакка жардам сурап барарын айтты. Башында көңүлдөнбөй турган Жимми Биндин үмүтү кайрадан жанып, макул болду. Ошентип, эртеси жолугалы деп тарашты.

* * *

Харрингтон үйүндө түшкү тамактануу жымжырт өттү. Баары талкан жуткандай үндөбөйт. Бүгүн Аялдар уюмунун жыйыны бар эле. Поллианна таежесинин Аялдар уюмуна телефон чалып атканын көрүп калды. Таежеси башы ооруп атканын айтып, чогулушка катышпай турганын билдирди.

Алардын сөзүн тыңшап отурган кыз буга

абдан кубанды. Таежеси жокто Жимми Биндин тагдыры тууралуу уюмдагы аялдарга кененкесир айтып бере алмак. Себеби, таежеси ал жерде да баланын тилемчи экенин айтып, бир ооз сөз менен баарын бузмак.

Поллианна аялдар уюмунан бир кайрымдуу аял чыгып Жиммини багып алат деп үмүт кылып атты. Кантсе да кайрымдуулук мекемеси эмеспи. Кичинекей кыз жыйналыш өтчү имаратты жана жыйындын убактысын билчү. Катышуучулар толук келгенден кийин кирип бармак.

Саат үчтө имараттын астына барган Поллианна дагы жарым саат күтө турайын деп ойлоду. Туура отуз мүнөт өткөндө жыйын өткөн чоң залды карай бет алды. Залга жакындаганда ичинен сүйлөшкөн үндөр, каткырыктар угулду. Поллианна эң ылайыктуу учур деп терең дем алып, залдын оңбогондой чоң эшигин түртүп ачты.

Аялдар кичинекей кыз кирип келгенин көргөндө аң-таң болуп, зал жымжырт боло түштү. Поллианна да бир аз тартына түштү. Жай жылып трибунага чыкты да өз ишин баштады. Жагымдуу үнү менен:

— Кандайсыздар, урматтуу айымдар? — деп сүйлөп кирди. — Мен Поллианна Уиттиермин. Неме... Кай бириңиздер мени тааныйт болушуңар керек. Мен да айрымдарыңарды тааныйт экенмин.

Поллианна кудум насаатчы атасындай болуп сүйлөп атканын өзү да байкаган жок.

— Мен... мен... бир маселе боюнча жардам сурайын деп келдим эле...

Аялдардын арасында отурган уюмдун жетекчисинин жубайы:

— Кызым, сени таежең жибердиби? — деп сураганда кызарган Поллианна мукактанып:

— Неме... Жок... Бияка өзүм эле келдим, — деп максатын түшүндүрүүгө киришти.

Аларга Жимми Бин жөнүндө айта баштады. Баланын үй-бүлөгө муктаж экенин, айрыкча эне мээрими абадай керек болуп жатканын, барган үйүндө иштей турганын баса белгилеп: «Араңыздардан кайрымдуу, боорукер бирөө чыгып, ушул байкуш баланы жетимсиретпей багып алат деп ишенип турам» деп сөзүн бүтүрдү.

Поллианна айтчусун айтып, үндөбөй туруп калды. Баары жымжырт. Отургандардын көбү кыздын сүйлөгөнүн кызыктай кабыл алышты.

Поллианна тынчсыздануу менен аялдарга көз чаптырып, алардын терең ойго чөмүлүп отурушканын көрдү. Кээ бир аялдар кызга бир канча суроо берип, бала тууралуу маалыматка ээ болушту. Анан өз ара кызуу талкууга кирип кетишти.

Бир кезде уюм башчысынын аялы ооз учунан «Балага көмөк көрсөтүүнү биздин уюм

мойнуна алса кандай болот?» деп оюн ортого салганын четте карап турган Поллианна эшитип калды. Бармактай балага көмөк көрсөтө албай миң түрдүү сөздөрдү сүйлөп жатышты. Кээ бири терс пикирин билдирсе, айрымдары негизги максаты мындай иштер эмес экенин, башка иштер менен алпурушуш керектигин баса белгилешти. Алардын сөздөрүн, максаттарын Поллианна түшүнө албады. Аялдар эмне максатта жардам берип жүргөнү тууралуу түшүнүгү жок болчу. Эң көп жардам берген аял тизмеде эң биринчи сапка жазыларын, аялдар ушул нерсе менен сыймыктанышарын кайдан билсин...

Поллианна кужулдашкан аялдардын сөздөрүнөн кутула тажаганда, таза аба эңсеп сыртка чыга качты. Ал жерден чыкканына сүйүнгөнү менен балага жардам бере албаганына кейиди. Бул жаман кабарды Жимми Бинге кантип айтат?

КОКУСТУК

Поллианна имараттан чыккандан кийин үйүнө түз барган жок. Жимминин абалын ойлоп санаасы санга бөлүнүп турду. Ушунчалык ойго батып кеткенинен Пендлтондун үйүн көздөй баратканын да байкабай калды.

Аңгыча оюн иттин үргөнү бузуп жиберди. Караса бактардын арасынан бир ит чыгып, өзүн көздөй чуркап келатыптыр.

Поллианна качкан жок. Ит да жанына келип куйругун шыйпандатып туруп калды. Поллианна итти башынан сылап жатып мурда каяктан көргөнүн эстей албай убара болду. Даана эле бир жерден көргөндөй болгон. Көп өтпөй баягы кишинин, тагыраагы Жон Пендлтондун жанынан карыш жылбаган ит экенин эстеди.

Поллианна анын аянычтуу үргөнүнөн бир кырсыкты кабарлап жатканын сезди. Итти ээрчитип, ары-бери басып көрдү. Бактарды аралап өткөн ичке жол менен басып келатканда ит алдыга озуп чыгып чуркап кетти. Ошентип итти жоготуп алдым го деп турган кезде кайрадан



пайда болуп, турган ордунан чимирилип улуп жиберди. Экинчи ирет алдыны карай чуркап жөнөгөндө Поллианна артынан кошо чуркады. Бир маалда жол жээгиндеги чоң жардын түбүндө жаткан кишини көрдү. Жакын барганда Жон Пендлтон экенин тааныды.

Жанына отура калып:

— Сиз белеңиз, Пендлтон мырза? Жаракат алдыңызбы? — деп сурады.

— Эмне айырмасы бар? Жөн эле күнөстөп жатам, — деп жооп берди Пендлтон.

— Сизди көрүп коркуп кеттим.

— Коркпо кызым. Неме... кызым, сенден бир нерсе суранайын, колуңан келер бекен... — деди да, чөнтөгүнө колун салып топ ачкыч сууруп чыкты. — Бул ачкычты алып үйүмө бар. Эшикти ачып, ичине кир.

Киши Поллианнага кайсы кабатка чыгарын, ал жерден кайсы бөлмөгө киреринайтып:

— Телефон чалганды билесиңби? — деп сурады. — Аа, анда жакшы... Столдун үстүндө турган дептерде доктор Томас Чилтондун телефон номери бар. Ошого чалып, менин биякта, Бүркүт Жарында жатканымды, бутумдун сынганын айт... Калганын өзү билет.

Поллианна муну угуп аябай кайгырды. Көзү жашка толуп үйдү көздөй чуркады. Бул үйдү мурда алыстан эле көрүп жүрчү. Короосуна киргенде заңгыраган жасалгалуу, бирок ичи жан киши

жок ээн имарат экенин көрдү. Үйдүн колонналары менен балкондорун көрүп калтаарый түштү. Бир аз олку-солку болуп барып токтоду. Анан кайратын жыйнап, чөп баскан бакчаны аралап эшикке жетти.

Ооба, бул Жон Пендлтондун табышмактуу ак сарайы эле. Бул имаратка ээсинен башка эч ким кирчү эмес. Поллианна босогону аттайын деп жатып, «үйүндө кишинин сөөгү бар» деген сөздү эстеп калтырап кетти.

Үйгө кирип коридордон чуркап өттү да, тепкичтерди экиден-үчтөн аттап үстүңкү кабатка чыкты. Коридордун аягындагы бөлмөнүн эшигин ачып, телефон турган столго келди. Үстүндө жаткан дептерди баратап, калтыраган сөөмөйү менен доктор Чилтондун атын таап номерине чалды. Апкаарыган үнү менен Жон Пендлтондун сөздөрүн айтып, дарыгердин суроолоруна жооп кайтарды. Телефонду койгондо тердеп кеткен экен.

Поллианна буту сынган кишинин жанына бат эле келип калды. Тигил анын бат келгенинен шектенип: «Эшикти ачтыңбы? Деги үйгө жеттиңби?» деп сурады. Поллианна ага дарыгер менен сүйлөшкөнүн, досуна жардам бергенге тез келгиле деп чакырганын, алар бир аздан кийин жетип келишерин айтып берди.

Жон Пендлтон Поллианнанын «дос» деп атаганына кызыктай болуп:

— Негизи өзүңө ылайыктуу дос таап алуу колуңан келмек, — деди.

Поллианна кыткылыктап күлүп койду.

— Мен сиздин достугуңузга абдан ыраазымын. Сиз болгону сырттан карагандарга орой кишидей сезилесиз. Ал эми жан дүйнөңүз андай эмес.

— Ошондойбу? Муну кайдан билдиң?

— Оо, бул жөнүндө көп уккам. Жөнөкөй эле нерсе... Итке жасаган мамилеңизден эле билинип турбайбы, — деп Пендлтондун итти сылап аткан колун көрсөттү. — Кишинин ички дүйнөсүн иттер менен мышыктар башка кишилерге караганда жакшыраак билет, бул да кызык, туурабы?

Кичинекей кыз Пендлтондун кыйналып атканын көрүп:

— Башыңызды көтөрүңүз, муну жаздап коёюн, — деп күрмөсүн чечти.

Киши башын көтөргөндө бутуна күч келди окшойт, бети-башы бырыша түштү. Бирок Поллианнанын күрмөсү жерге караганда жылуу жана жумшак экенин сезди.

Көпкө чейин сүйлөшүшкөн жок. Поллианна анын уктап жатканын, же ойгоо экенин билбей отурду. «Бирок, уктабаса керек» деп ойлонду ичинен. Пендлтон болсо онтобогонго тырышып, бекем тиштенип жаткан.

Арадан чай кайнамдай убакыт өттү. Бир маалда тилин саландатып жаткан ит кулагын тикчийтип тура калды да, үрүп кирди. Бактардын арасынан замбил көтөргөн үч киши чыга келди. Үчөөлөп көтөрүп Пендлтонду замбилге жаткырышты. Арасынан узун бойлуу, сүйкүмдүү киши Поллианнага ыраазычылык билдирип:

— Оо, кичинекей айым... Медайым оюнун ойноп жатасыңбы? — деди. Поллианна анын доктор Чилтон экенин билчү.

— Жок, дарыгер мырза. Мен болгону башын жөлөдүм. Ага дары берген жокмун. Бирок бул жакка келгениме абдан кубанычтамын.

— Мен дагы...

* * *

Ал күнү Поллианна кечки тамакка кечигип барды. Ненси аны эшиктен тосуп алып, тамакка кечиккенин эскертти. Поллианна күтүүсүз себептерден улам убагында келе албай калганын айтып, «Ошондуктан Полли таежем мени күнөөлөй албайт» деди.

— Кааласа да күнөөлөбөйт, Поллианна. Ал шаардан чыгып кетти, — деди Ненси жымыңдап.

— Эмне, башка шаарга кеттиби? Ошондо менин айымдан шаардан чыгып кеттиби?

— Кайдагыны айтасың да. Сенин айыңан кетмек беле? Алыскы шаарлардын биринде турган бөлөсү күтүүсүз каза болуптур. Таежең

ошонун тажиясына кетти. Үч күндөн кийин кайтат. Эми кубансак болот. Үч күн бою үйдү экөөбүз башкарабыз.

— Кантип кубанмак элек, Ненси эже? Бирөө өлүп атса кубанганды айтасыз да. Турмушта оюнга сыйбай турган нерселер да болот экен. Өлүм да ошолордун бирөөсү.

Көңүлү түшкөн Поллианна Ненсиге кырсык тууралуу айтып берди.

* * *

Эртеси күнү түштөн кийин Поллианна Жимми Бинди издеп тапты. Ал кечээки аялдардын окуясын угуп капа болду. Поллианна башка шаардагы аялдар уюмуна кат жазууну ойлоп аткан. Буга Жимми да макул болду. Оюнда аялдардын жардамын иштеп берип актамак.

Эки дос жаңы үмүттөргө туйтунуп өз жолдоруна түштү.

* * *

Жон Пендлтон кырсыктагандан бери туура бир апта өткөн болчу. Поллианнанын да улгайган досуна зыяратка барганга чамасы болгон жок. Таежеси үч күн мурун келген. Бүгүн сурануунга бел байлап, таежесине кайрылды:

— Таеже, миссис Сноунун бул жумадагы тамагын башка бирөөгө алып барганга уруксат бересизби? Буга миссис Сноу деле капа болбойт деп ишенем.

Дагы эмненин башын кылтыйтып атат деп чочулаган таежеси:

— Таң калып бүтпөй койдум сага, Поллианна. Негизи эле сени түшүнүп болбойт, — деди.

— Немечи... Полли таеже, буюрса ачуулан-байт деп ишенип турам. Туура көрсөңүз тамакты бул жолу башка кишиге алып барайын. Жакшы тамактанган киши бат айыгат эмеспи. Көп болсо бир-эки жолу алып бараттырмын. Андан кийин-килерин кайрадан миссис Сноуга жеткирем.

— Макул, жарайт. Токточу! Ким экен ал?

Поллианна «Жон Пендлтон» дээр замат мисс Полли отургучтан секирип турду. Поллианна эч нерсе байкабай сөзүн улай берди:

— Ооба. Атын Ненси эжеден сурап алгам. Балким сиз деле тааныса ңыз керек?

Мисс Полли жооп берген жок. Тескерисинче кайра суроо узатты:

— Сен аны жакшы тааныйсыңы?

— Ооба, мага дайыма күлүп жооп берет. Кээде сүйлөшүп калабыз. Мүнөзү жаман болгону менен, өзү сонун киши... Мен тамакты алайын.

Поллианна акыркы сөздөрүн ашканага чур-кап баратып айтты.

— Токто, Поллианна! Уруксат бербейм. Та-макты бүгүн да миссис Сноуго алып барасың. Сөз бүттү. Бара берсең болот.

Поллианнанын башы айланды.

— Полли таеже, миссис Сноуго дайыма эле алып барып атпайбызбы. Досум кечке эле ооруп жата бермек беле. Бат эле айыгат. Буту сынгандан бери бат эле бир жума өтүп кетти.

— Ооба, эстедим. Жон Пендлтон кырсыкка кабылыптыр деп уккам, — деди мисс Полли барган сайын өктөм сүйлөп. — Бирок ага тамак жибергим келген жок, Поллианна.

— Сырткы кебетесин, мамилесин көрүп алып эле жактырбай жатсаңыз керек. Тамакты сиз жибергениңизди айтпайм. Ага тамак жеткирүү мени кубантканы турат, таеже.

Мисс Полли ойго батып туруп калды да, бир маалда мындай суроо узатты:

— Мистер Пендлтон сенин ким экениңди билеби, Поллианна?

— Айта албайм. Бир жолу айткам, — деди кичинекей кыз үшкүрүп. — Бирок атымдан чакырып көрө элек.

— Жок дегенде сенин каякта жашарыңды билеби?

— Муну да айткан эмесмин.

Ортодо жымжырттык орун алды. Бир нече көз ирмемден кийин мисс Полли өктөм үн менен:

— Мейли, тамакты бере берсең болот, — деди. — Бирок ага тамак өзүңдүн белегиң экенин айт. Дагы кайталайм: «Тамакты мен берген жокмун».

* * *

Поллианна Жон Пендлтондун үйүнө экинчи ирет келиши. Бирок бул жолу үйү өткөндөгүдөй коркунучтуу сезилген жок. Пардалар тартылган, терезелер ачылган, ары жакта бир аял кир жайып жүрөт. Дарыгердин ат арабасы да короодо экен. Иттин үргөнүнөн улам киши келгенин байкаган кызматчы аял үйдөн чыгып эшикти ачты да, кыздын колунан тамакты алып, рахмат айтып кайра жабарда доктор Чилтон үйдөн чыгып калды. Бейтапты дарылап бүтүп үйүнө жөнөгөнү жатыптыр. Артынан Пендлтонду багып аткан дагы бир аял кошо чыкты. Поллианнаны көргөн дарыгер оорулуу караган аялга:

— Кичинекей айымды бейтаптын жанына алып барыңыз, — деди.

— Мырзам, бирок кожоюн эч кимди көргүсү келбей атканын айтпады беле.

— Сураныч, мен айтканды кыла бериңиз. Бул кичинекей досубуз бейтабыбызга эң күчтүү дарыдан да жакшы таасир берерине ишенип турам. Күн сайын бул кыз тууралуу жаңы кызыктарды угуп атам. Эң негизги өзгөчөлүгү — бардык нерсеге ыраазы болууну, кубанууну өздөштүрүп алыптыр. Эгер бул аймакта ушул сыяктуу беш-алты бала болгондо, дарыгерлер ачка калмакпыз. Бейтаптарга дарынын ордуна булардын атын жазып берип турмакмын.

Дарыгерге каршы чыгалбаган аял кызды

Пендлтондун бөлмөсүнө ээрчитип баратып «кучунашы кармап, эч нерсени сүйбөгөн Пендлтон бул кызды он секунд да кармабай кууп чыгат го» деп ойлоду. Бирок кыз бөлмөгө кирип кеткен бойдон жоголду.

Жарым сааттан кийин дары бергени бөлмөгө кирип таң калыштуу көрүнүшкө туш болду. Кичинекей кыз менен мистер Пендлтон жылуу маек куруп отурушкан экен. Ал тургай катаал, орой деп билген кишиси улам-улам каткырып куунак отурат. Керебеттин жанына чейин бутунун учу менен басып келип:

— Кечиресиз мырзам... Дарыңызды ичер маалыңыз болду, — деди.

Дары ичпестин айласын издеп, ар жолкусунда ар башка шылтоо тапкан мистер Пендлтон көңүлү шат:

— Бергилечи уудай ачуу дарыңардан, — деп бакылдады. — Коногум кеткиче биздин тынчыбызды алып, тоскоол болбогула.

Жардамчы аял чыгып кеткен соң мистер Пендлтон жактырбагандай сүйлөп:

— Ушул доктор Чилтондуку өттү! Бул сизди багат, мунусу жумуш кылат деп атып бир топ чоочун кишини үйгө толтуруп салды. Тынчымды алганы аз келгенсип, кылгандарынан дагы көп акча сурашат экен булар.

Поллианна ичинен күлүп:

— Туура айтасыз, — деди. — Менимче акча маселеси өтө маанилүү. Ушунча эмгек кылып чогултканыңызды, тапкан-ташыганыңызды чачып салууга аргасыз болгонуңуз абдан кейиштүү.

Пендлтон сөздүн төркүнүн түшүнбөй кабагын бүркөдү:

— Эмне дегиң келип атат?

— Ненси айтып берген. Акчаңызды жакырларга жардам берүү үчүн чогултуп атыптырсыз. Дайыма арзан тамактарды жейт экенсиз. Ошондон кийин сиздин кайрымдуу, боорукер киши экениңизди билип калгам.

— Ким ал Ненси деген? Мени акча чогултуп атат дедиби?

— Ненси Полли таежемдин кызматчысы. Мен болсо Полли таежемдин жээнимин.

— Полли таеже деген ким болуп кетти эми?

— Мисс Полли Харрингтон...

Пендлтон талкан сугунгандай үндөбөй калды. Бирткеден кийин араң:

— Мисс... Полли... Харрингтон дейсиңби? Сен аны менен чогуу жашайсыңбы?

— Ооба, мен анын жээнимин. Апам өлгөндө мени үйүнө чакыртып алган. Азыр ошонун колундамын. — Поллианнанын үнү каргылдана баштады. — Апам анын эжеси экен. Атам өлгөндө жапжалгыз калгам. Бир гана кайрымдуулук

мекемесинин көзүн карап жашоо өткөрчүмүн. Кийин таежемдикине келдим.

Төшөктө жаткан Пендлтон ошол бойдон көпкө чейин сүйлөгөн жок. Кызарып-татарып, тескери бурулуп отуруп калды. Бир нерсе болгонун байкаган Поллианна ордунан туруп:

— Анда мен кете берейин, — деп суранды. — Неме, тамак жакты го деп ойлойм.

Пендлтон каргылданган үнү менен араң сүйлөдү:

— Демек сен Полли Харрингтондун жээни экенсиң да?

— Ооба, мырзам. Сиз... сиз балким аны тааныйттырсыз?

Жон Пендлтондун жүзүндө жылмаюу пайда болду:

— Эх десең! Ооба, аны тааныйм... Бирок, бул тамакты мисс Полли берип жиберген жок да, же калп айтамбы?

— Жок, туура айтасыз. Таежем жиберген жок. Өзү бул тамакты берип жибербегенин баса белгилеп айткан. Бирок мен...

— Мен да ошентип болжогом.

Поллианна ордунан туруп:

— Мен үйгө кетейин эми. Сакайып кетиңиз, — деп бөлмөдөн сыртка чыкты. Кичинекей кыз каалгадан башы чыгары менен доктор Чилтондун үнү угулду:

— Мисс Поллианна, сизди үйүңүзгө жеткирүү үчүн күтүп жатам.

Дарыгер кызды сүйөп арабага отургузган соң, ат арабанын астына отуруп камчысын шилтеп, жолго чыгышты. Жолду катар сүйлөшүп келишти. Доктор Чилтон Поллианнанын сүйлөгөнүн, сөздөрүн, пикирлерин абдан жактырды. Башка балдардан өзгөчөлөнүп турганына өз көзү менен күбө болду.

Ат араба Харрингтондордун үйүнүн астына келип токтоду. Доктор менен Поллианна коштошкон соң ат араба жолго түшүп, сапарын улады.

Поллианна үйгө кирер замат жанатан бери терезеден карап турган мисс Полли аны сурака тартты:

— Ким ал?

— Доктор Чилтон болчу.

— Доктор Чилтонбу? Ал эмне кылып жүрөт?

— Мени үйгө жеткирип келди. Өзү болбой... Неме... Тамакты Пендлтон мырзага бердим, анан...

— Эмне анан? Поллианна, тамакты мени берип жиберди деп ойлоп калган жокпу?

— Жок, Полли таеже. «Тамакты таежем берген жок» деп айттым. Мисс Полли ого бетер ачууланды. Көздөрү чекчейип:

— Таежем берген жок дединби?

— Ооба, таеже. Өзуңүз ошент деп айтпадыңыз беле!

— Ай, Поллианна. Мунуң уят. Кантип ушинтип айтсын. Мен билбеши керектигин сага түшүндүрөйүн дегем да. Оо, Кудайым ай. Чалмакейди чалдың го!

Поллианна жер караган бойдон сыртка чыгып баратып: «*Ушул чоң кишилерди түшүнүп болбойт! Муну айтып койгондун неси уят?*» деп ойлонду.

ДОКТОР ЧИЛТОН

Поллианна Пендлтонду зыярат кылгандан бир жума өткөн. Мисс Полли кечке жуук аялдар уюмунун жыйынынан ачууланып кайтты. Сыртта жаан жаап, шамал болуп жаткан. Чачтары суу болуп кирип келген аял:

— Поллианна! — деп кыйкырды. — Жанагы тилемчи бала үчүн фонддун жыйынына менден уруксатсыз эмнеге бардың?

Поллианна болсо жемени байкаган жок. Ал бул учурда таптакыр башка нерсени ойлонуп жаткан. Таежесинин суу болгон кара чачтары көңүлүн бийлеп алды. Ары таң калып, ары суктанып:

— Оо, таеже! Сиздин мынчалык сулуу экениңизби байкабаптырмын. Менин чачтарым да сиздикиндей кара болсо гана! Алдагы тармалдашкан учтары кандай керемет! — деди.

— Поллианна! Суроомо али жооп бере элексиң! Ал жакка эмнеге барганыңды, неге сандырак сөздөрдү айтканыңды түшүндүрүп бер!

Таежесинин сулуу чачтарына арбалган кыз:



— Таеже, анын сандырак экенин өзүм деле кийин түшүндүм. Кичинекей балага ал жерде эч ким көмөк көрсөтпөй койду. Ошондуктан биздин шаардагы аялдар уюмуна кат жазгам. Буюрса алар Жиммиге жардам беришээр... Ал эч нерсе эмес... Таеже, алдыгы чачтарыңыздын сулуулугу өзүңүзгө байкалып атабы? Ийиндериңизге жайып алсаңыз кандай сонун жарашып калат... Бах чиркин! Чачыңызды тарап берейинби?

Мисс Полли баягы айласыз абалга кайрадан түшө турган болду.

— Поллианна, аялдар мага сенин жыйында сүйлөгөнүңдү айтышканда жерге кирип кетейин дедим. Мен...

Поллианна таежесинин андан ары сүйлөшүнө мүмкүндүк бербей, тарак менен күзгү алып келгени бөлмөсүнө чуркап кетти. Аял кызга жыйынга барганы уят экенин түшүндүрөйүн деп жанталашып аткан, бирок өзү байкабай артынан кошо жүгүрдү. Дал ошол учурда Поллианнанын бөлмөсүнүн эшигинен бетме-бет келе түшүштү. Кубанычка бөлөнгөн Поллианна:

— Мына буга ыраазы болдум, таежем! Чачтарыңызды тараганга уруксат берип, бияка чейин келгениңиз кандай гана кичи пейилдик! — деди.

Каршылык көрсөткөнгө жарабаган мисс Полли бир маалда күзгүнүн алдына кандай отуруп калганын билбей калды. Поллианна

шыпылдап, ийкемдүү манжалары менен чачтарды кубултуп тарап жатты. Мисс Полли ар убак кептелип жүргөн айласыз абалга дагы бир ирет түшүп калганын аңдап, таң калып отурду. Бетин жаап калган чачтардан жүдөй түшүп:

— Поллианна, мындай ыңгайсыз нерсеге эмнеге уруксат бергенимди билбейм, — деди.

— Полли таеже, сулуулукту сиз да сүйсөңүз керек. Мен сулуу нерселерди көргөндөн ушунчалык ырахат алам дейсиз!..

— Бирок, бирок...

Поллианна бул жемелерди укчу абалда эмес болчу. Ишине берилип кеткен.

— Оппаа! Таеже! Оюма бир нерсе келди... Бирок бул сыр бойдон калсын. Азыр сизди бир канча мүнөт жалгыз калтырам. Мен келгиче күзгүгө карабай туруңуз, сөз бериңиз, — деди да аткан бойдон бөлмөдөн чыгып кетти.

Аял каршы чыга алган жок, бирок чачтары менен ойноп атканына ачууланган болчу. Көзүн ачып маңдайындагы күзгүдөн өзүн көрдү. Албетте, жаш эмес болчу, бирок чырайлуу келбети өзүнө жагымдуу көрүндү. Негедир бети кызарып чыкты.

Поллианна бөлмөгө кирип келип, таежесинин көзүн таңды. Мисс Полли кой дейин деди, бирок аны угар жан жок! Кыз колундагы жибек жоолукту таежесинин ийинине салып, көздөрү таңылган бойдон балконго жетелеп барды.

«Мени каяка алып барасың, Поллианна?» деп сүйлөнүп аткан таежесинин чачына бир тал гүл такты. Анан көзүн таңган жоолукту чечти. Мисс Полли үстү-башын караган соң, эки жакка көз жүгүртүп жатып, бир маалда «ой» деген бойдон үйгө кире качты. Поллианна таежесин эмне чочутканын билиш үчүн мойнун созуп төмөн жакты карап жатып короонун алдында турган ат арабаны көрүп, анын үстүндө отурган кишини жазбай тааныды. Кубана кыйкырып:

— Доктор Чилтон, кош келипсиз. Мени көргөнү келдиңизби? — деп кыйкырды.

— Ооба, кызым. Мистер Пендлтон сага жолуккусу келип жатат. Сени араба менен жеткирип, кайра алып келип таштап коём.

— Таежемден уруксат алып келе калайын.

Поллианна дароо бөлмөсүнө чуркады. Кийимин алмаштырып келип, арабага түшүп жолго чыгышты.

— Демек, таежең уруксат бердиби? — деп сурады дарыгер.

— Ооба, «Бар, каалаган жериңе бар! Жана эле кетсең эмне!» деди. Бир аз жинденди окшойт...

Дарыгер калп күлүмүш болду. Бирок көздөрү токтоп, ойго чөмүлүп бараткан эле. Бир топко чейин сүйлөшүшкөн жок. Акыры дарыгер жаш балача улутунуп:

— Балкондо турган аял таежең беле? — деп сурады.

— Ооба... Аны мен сулуулап салгам... Таежем сизге да жактыбы? Сулуу болуп калыптырбы?

Дарыгер шар жооп берген жок. Кыйладан кийин:

— Ооба, Поллианна. Таежең аябай сулуу болуп калыптыр, — деди.

— Демек сиз да ошентип ойлондуңуз. Абдан кубанычтамын! Таежеме да айтайын муну...

Дарыгер чочугандай кыйкырып жиберди:

— Кой, Поллианна! Айта көрбө! Менин эмне дегенимди таежең укпасын, макулбу Поллианна!

— Айтпа десеңиз айтпайм анда, — деди Поллианна таңыркай. — Таежем сизди көргөндө кире качты. Жанагы кебетесин көрүп калганыңызга жаман болду окшойт.

— Мен да ошентип ойлодум...

* * *

Жон Пендлтон ал күнү кичинекей кызды кубануу менен тосуп алды. Анын көңүлү күндөгүдөн алда канча куунак эле. Поллианнанын башынан сылап:

— Сени абдан капа кылдым окшойт, Поллианна. Алгачкы жолуккандан бери орой мамиле кылып келдим. Тамак алып келген күнү

болсо рахмат айтканга да жарабаптырмын, мен акмак... — деди.

— Сизди жакшы көргөнүм үчүн эч нерсе эмес...

Жон Пендлтон дагы жылмайды.

— Билем, кызым... Сага дайыма терс мамиле жасаган, буту сынганда ого бетер катаал кишиге айланган немени дагы деле көрүп келгениңе таң калам!

— Сизди жактырбасам келмек белем? Анын үстүнө сизди жыгылып жатканыңызда таап алганыма абдан кубандым. Тагыраагы, бутуңуздун сынганына кубандым деген жокмун, албетте. Бирок жардам бере алганым үчүн кубанычтамын.

— Эмне дегиң келгенин сонун түшүнүп турам, кызым. Жана алып келген тамагың үчүн да чоң ырахмат.

— Жактыбы?

— Абдан жакты. Бүгүн тамак алып келбейт го деп аткам. Тиги, таежең жибербеген тамак бар го, ошону алып келбесе керек деп ойлогом.

— Неме.. Жоок. Өткөндө Полли таежем жиберген жок деп айтып, атайын тарбиясыздык кылайын деген эмесмин.

Киши жооп кайтарган жок.

Бир аздан кийин:

— Мейли эмесе, башка сөзгө өтөлү... Азыр

сенден башка нерсе суранайын. Китепканама кирип, айнек шкафта турган кичинекей кутучаны алып келип бересиңби?

Поллианна жүгүргөн бойдон барып кутуну алып келди. Пендлтон оозун ачып, ичинен кичинекей айкелдерди, нефрит ташына чегилген кудайчаларды алып чыгып тизе баштады. Ар биринин өзүнчө тарыхы бар эле. Пендлтон буларды саякатка барган өлкөлөрдөн алып келген. Биринен бири өткөн кооз. Поллианна алардын окуясын угуп жатканда бир Кытайга, бир Африкага барып келгендей болуп атты.

Бүгүнкү маектешүү Поллианнага аябай жакты. Экөө ар кайсы теманы сүйлөшүп отурушту. Кутудагы айкелден баштап, Ненси, Полли таеже, күнүмдүк турмуш туурасында кеп козгошту.

Акыры Поллианна кетмекчи болуп ордунан турган кезде Пендлтон колунан кармап:

— Сенден бир нерсе өтүнөйүн, Поллианна. Меникине бат-баттан келип турчу. Сага муктажмын, — деди. Катаал кишиден мындай сөз күтпөгөн Поллианна таң кала карап калды. — Соксоюп жалгыз жашарымды билесиң. Муну кезеги келгенде айтып койбосом болбойт. Ким экениңди алгач укканда эле экинчи ирет көрбөйм деп сөз бергем. Себеби, сен мага эчен жылдар мурунку элестерди эстеткенсиң.

Кичинекей кыз ого бетер таңданып угуп жатты.

— Ооба, Поллианна. Сени кайра көрбөйүн дегем, бирок эрким жеткен жок. Сени кантип унута алмак элем. Сени көргөн сайын унуткум келген киши эсиме түшөт. Балким муну айтпасам жакшыраак болмок, мейли эми. Чындыкты айтсам бат-баттан келеби деп ойлодум жаман оюмда. Эми бар. Бара бер, кызым... анан... Айткандарымды эсиңен чыгарба.

Жон Пендлтон кебин айтып болгон соң ары карап отуруп калды. Поллианнага анын жүзү саргарып кеткендей көрүндү. Жылаажын үнү менен:

— Сарсанаа болбоңуз, Пендлтон мырза, — деп тыпылдады. — Сизди жакшы түшүнүп турам. Тез-тез келип турганга аракет кылам.

— Рахмат кызым, бар эми, барагой.

Поллианна толгон-токой суроолорду мээсине жыйган бойдон үйүнө кайтты.

* * *

Ошол күнү кечки тамактан соң Поллианна Ненсиге Жон Пендлтондун кебин төкпөй-чачпай айтып берип, экөө окуяны талкуулап отурушту. Ненси:

— Унуткусу келген бирөөнү эстетип жаткандыгы айттыбы сага? — деп кайталап сурады. — Мына кызык! Негедир бир нерсени түшүнгөнсүп турам. Мына сага! Укмуш!

— Эмнеси укмуш, Ненси эже?

— Түшүнгөн жоксуңбу, кичинекей айым... Эстегенге аракет кыл. Том ата бир жолу эмне деп атты эле? Бир убакта мисс Поллиге бирөө куда түшүп келгенин, кийин ортодо кандайдыр бир нерселердин кедергиси тийип, таарынышып кеткенин айтпады беле. Ооба, ошол киши Пендлтон эле болуш керек.

Поллианна ишене албай:

— Бирок, андай болушу мүмкүн эмес! — деди. — Полли таежем Пендлтонду жактырбайт. Эгер жактырган болсо «тамакты мени жиберди деп айтпа» демек беле?

— Сен али жашсың. Сүйүшкөндөр бири-бирине таарынганда ушинтип калышат.

Экөө тең толкунданып, үндөбөй отуруп калышты. Бир маалда Ненси ооз учунан акырын күбүрөдү:

— Поллианна, бул сөздөр ортобузда калсын. Таежеңе айта көрбө! Экөөнө тең ыраазы болуу оюнун үйрөтө алсак кандай сонун иштер аткарылмак. Балким элдин оозун ачырган окуялар ишке ашаттыр, — деди.

ХРУСТАЛЬ ПРИЗМА

Августтун аптаптуу күндөрүндө Поллианна Пендлтондун үйүнө байма-бай каттап турду. Бирок барган сайын көңүлсүз кайтчу. Бейтап досунун капаланып отурганын көрүү анын кайгысына себеп болор эле. Чынында Пендлтон Поллианна менен сүйлөшүп, ага түрдүү китептерин, буюмдарын көрсөтүп, бүйүр кызыткан окуяларын айтып берчү. Бирок төшөккө ныкталып жатып калганына өзү абдан кайгырчу. Муну ачык айтчу эмес, бирок Поллианна сезип жүрдү.

Поллианна Пендлтон таежесинин мурунку жигити болгонуна ишенип жүргөн кез эле. Аларды элдештиргиси келчү. Жалгыз, бактысыз эки кишинин башын кошуп, кубанычына күбө болууну самачу.

Деген менен кичинекей кыз муну кантип ишке ашырарын билбей жүргөн. Анда-санда, кезеги келе калганда Пендлтонго таежеси тууралуу кыйытып калчу. Ал киши кээде муюп укса, кээ бирде кабагын бүркөп калчу. Айрым учурда катаал жүзүндө кызыктай жылмаюу пайда боло кала турган.



Поллианна үйгө келгенде Полли таежесине Пендлтон тууралуу айтып берер эле. Таежеси көпкө чейин чыдап укчу эмес, ар жолкусунда сөздү чеберчилик менен башкага буруп жиберчү. Бардык сөздөрдү, ал тургай доктор Чилтон жөнүндө кеп козголуп калса деле жактырбай, сөздү буруп салчу. Поллианна бул маселенин себебин балкондо болгон окуяга байланыштырчу. Жасанып алганын доктор Чилтон көрүп калганына таежеси ары уялып, ары ачууланып жүргөнүн билчү.

Ненси экөө сүйлөшкөндөн кийин Поллианна болгон дитин ушул ишке коюп алды. Эң жөнөкөй окуяларды дагы өз алдынча жоруп, «Ненси туура айткан экен» деп тыянак чыгарчу.

* * *

Августтун салкын кечтеринин биринде Поллианна суукка урунуп, сыркоолоп калды. Дене табы көтөрүлүп, төшөккө жатып калганда мисс Полли сарсанаа боло баштады. Жээнинин дене табы түшпөсө дарыгер чакырууну ойлоду. Муну уккан Поллианна доктор Чилтон келсе керек деп абдан кубанды. Аны өзү да көргүсү келип жатканын айтты. Бирок мисс Полли доктор Чилтонду эмес, үй-бүлөлүк дарыгер Уорренди чакырарын айтканда кыздын кубанычы суу сепкендей өчтү. Поллианна канчалык жалбарса да, мисс Полли доктор Уорренден башкасын чакырбай турганын айтып, көгөрүп туруп алды.

Поллианна чыдабай:

— Таеже, ал күнү сизди сулуулаганымда доктор Чилтон кокустан эле келип калган. Сизди көрүп калганы үчүн анын күнөөсү жок да? — деди, бирок таежеси эчак бөлмөдөн чыгып кетиптир.

Поллианна таежесинин ушул жоругуна эч түшүнө албай койду. Эмнеге доктор Чилтонду көргүсү келбейт? Ал деген элдин баары жакшы көргөн дарыгер эмеспи.

Бактыга жараша, көп өтпөй дене табы түштү. Дарыгер да чакырылбай калды.

* * *

Августтун акыркы күндөрүнүн биринде Поллианна Жон Пендлтонду көргөнү барды. Бөлмөсүнө кирсе дубалга нур чагылып, кадимки асан-үсөндөй жаркырап турган экен. Кочкул кызыл, коюу сары, жашыл, алтын түстүү нурлар жаркылдап атыптыр.

— Оо, мистер Пендлтон, асан-үсөн сиздикине конокко келген го? — деди, Поллианна. Пендлтон терезе жакты жаңсады. Көрсө терезеде айнек термометр күнгө чагылышып, нуру дубалга тийип атыптыр. Кыз аны көрүп абдан таң калды. Ого бетер кызыгып кубана түшкөнүн байкаган үй ээси кызматчысын чакырып, чоң асма чыракты алып келүүсүн суранды. Аял бетине бир топ хрусталь тагылган асма чыракты көтөрүп келди.

Пендлтон жиптер менен байланып турган хрусталдарды чечип бириндетти дагы, башка жип берип, тизип чыгуусун сунуштады. Кичинекей кыз кубануу менен баарын жипке тизип чыккан кезде башаламан түстөрдөн ажайып кооздук пайда болду...

Кызыл, жашыл, кочкул кызыл, коюу жашыл... түркүн түстөр. Поллианна сүйүнгөнүнөн бакырып жибере жаздады. Бир топ хрусталдардан чагылган күндүн нуру караңгы бөлмөнү асанүсөн желеси керилген өргөөгө айлантты.

Поллианна:

— Кандай гана керемет! — деди. — Күн да биздин оюнубузду ойноп атат го. Мындай хрусталь көп болуп, башкаларга да белек кыла алсак гана! Ал тургай Полли таежем да кубанганынан эшиктерди тарсылдатып баштамак.

Пендлтон да күлүп калды.

— Менин билишимче, таежең мындай жалтырак хрусталь призмаларга сүйүнүп эшикти тарсылдаткыдай аял эмес го дейм... Коё турсаң, сен кайсы оюн жөнүндө айтып жатасың?

Поллианна тээ башынан баштап түшүндүрүп кирди. Куурчактын ордуна келген балдактарды, андан беркилерин... Акырында «Ошентип, оюнду сиз да үйрөнүп алдыңыз» деп кебин жыйынтыктады.

Чымын учканы угулчудай жымжырт туруп калышты. Анан Пендлтон:

— Менимче бул хрустальдардын эң сулуусу сенсиң, Поллианна, — деди.

— Бирок, мага күн тийгенде көк, жашыл, кызыл нурларды бөлүп чыгарбайм да.

Экөө тең күлүп калышты.

— Чын элеби? — деген Пендлтондун жаагындагы төмөн карай кулап келаткан тамчы жашты көрүп, Поллианна айраң таң болду.

* * *

Поллианна сентябрда мектепке бара баштады. Ал үчүн жашоонун жаңы баракгары ачылган эле. Бул күндөр Поллианнага, Поллианна классташтарына кызыктай сезилди. Бирок андай чочуркоо көпкө узаган жок. Бат эле бири-бирине көнүп кетишти. Поллианна таежесине мектеп жакканын, ал дагы өзүнчө жашоо экенин айтып берди. Бирок буга нааразы болгон бирөө бар болчу. Ал Жон Пендлтон эле. Поллианна эски достору менен бат-баттан жолукпаганы менен, аларды эсинен чыгарган эмес. Жон Пендлтон кичинекей досунун анда-санда гана келип калганына канааттанбай, маанайы чөктү. Ал турсун бир күнү нааразычылыгын ачык билдирип:

— Минте берсек болчудай эмес, Поллианна! — деди. — Сени мурдагыдай бат-баттан көрө албас болдум... Келип, мени менен чогуу жашашынды каалайм...

Поллианнанын оозу ачылып калды.

— Бирок, мистер Пендлтон, сизди үйүнө эч кимди киргизгиси келбейт, чогуу жашабайт го деп ойлогом, — деди ал.

— Ал мурда болчу, кызым... Сени менен таанышып, тиги оюнду үйрөнгөн соң абдан өзгөрдүм. Эми жанымда мага кам көрүп жүргөн кишилер бар экенин көргөндө кубанчу болдум. Жакында буюрса төшөктөн туруп баса баштайм.

— Андай болсо бул оюнду жеткиликтүү ойнобой жатыптырсыз. Эгер толук ойногон болсоңуз минтип сүйлөмөк эмессиз.

— Сени ансыз деле ушул үчүн көргүм келди, кичинекей айым! Бул оюнду ойногонго жардам беришиң керек... Келесиңби, Поллианна?

— Мистер Пендлтон, менимче тамашалап жатат окшойсуз...

— Жок кызым... Чын жүрөктөн айтып жатам. Келесиңби?

Кыз чындап таң кала баштады. Эмне деп жооп берерин билбей делдейип туруп калды.

— Бул мүмкүн эмес го... Полли таежем... Ал буга көнбөйт. Мен таежеме таандыкмын.

— Полли таежең макул болсо меникинде жашайт белең?

Поллианна өмүрү мындай жарга такалып көргөн эмес. Терең ойлонуп баштады. Акыры:

— Ай, билбейм, макул болбойт го. Уруксат берген күндө деле абдан таарынат. Анын үстү-

нө... Мага аябай көп жакшылык кылды... Жападан жалгыз, талаада калган кезимде канатына калкалады.

Жон Пендлтонду кайгы басты. Шыпты тиктеп:

— Көп жыл мурун... Тээ көп жыл илгери бирөөгө ашык болгон элем, — деп сөз баштады ал. — Ал кишини ушул үйүмө алып келип, очор-бачар өмүр сүрөбүз деп кыялданчумун. Бирок... Эх... Айтор аны алып келе албай койдум, кызым. Ошол күндөн бери үйүм болгону менен, уям болбоду. Бир үйдүн очогун түтөтүп, уяга айлантуу аялдын гана жүрөгү менен колунан келет. Же бала уяга айланта алат. Мен эми уя кургум келет...

— Мистер Пендлтон, демек... Демек сиз ушунча жылдан бери ошол аялдын колу менен жүрөгүн эңсеп келдиңизби?

— Ии... ооба, Поллианна.

— Оо, кандай гана бактылуумун! — деп кыйкырды Поллианна. — Ошондо экөөбүздү тең үйүңүзгө алып келет турбайсызбы...

Пендлтон таң калды.

— Экөөбүз дейсиңби? Кимдерди айтып жатасың?

— Неме... Полли таежем экөөбүздү дейм... Негизи таежемди али көндүрө элекмин, бирок мага айткандарыңызды ага да айтсаңыз, оңой

эле элдешесиңер. Ошентип, баарыбыз бактылуу уяда жашап калабыз.

— Ошондо Полли таежең бияка келеби?

— Албетте, сиз аныкына барбайсыз да. Негизи таежемдин үйү мынчалык кооз эмес деңизчи, бирок ошентсе да...

— Каяктагыларды эле айтып атасың, Поллианна? Бир нерсе түшүнсөм өлөйүн.

Поллианна ого бетер алактады.

— Ой, мен каякка жашаарыбызды түшүндүрүп берейин деп атам...

Дал ошол маалда каалга акырын ачылып, кызматчы аял баш бакты да:

— Дарыгер келди, — деп кабар берди.

Пендлтон шашкалактап:

— Буларды эч кимге айта көрбө! — деди.

Бир мүнөт өтпөй дарыгер да кирип келди. Жүрөгүнүн кагышын текшерүү үчүн билегин кармады. Жүрөгү дүкүлдөп тез-тез согуп атканын көрүп:

— Эмне кылдыңыз эле? — деп сурады.

Жон Пендлтондун эриндери араң кыбырап, каргылданган үнү менен:

— Сенин «дары» деген неменди көп ичип алсам керек, — деди.

МААНИЛҮҮ СУНУШ

Поллианна бир канча күндөн кийин мектептен келатса алдынан доктор Чилтон чыгып калды.

— Жүрү, сени үйүңө жеткирип коёюн. Жолду катар кобурашып барабыз, — деди. Кыз бул сунушка кубанып, ат арабага түштү.

— Сага барайын деп аткам. Мистер Пендлтон бүгүн сени көрөт элем деп ак эткенден так этип атат. Абдан маанилүү сөзү бар экен.

— Эмне сөз экенин билем, — деди Поллианна жылмайып. — Анын дарыгери болгонуңуз үчүн сизге да айта берсем таарынбастыр...

— Ооба да, айта бер.

Поллианна кудум жомок айтып аткансып:

— Билесизби? — деп баштады сөзүн. — Мистер Пендлтон мени өзүнүн үйүнө чакырып, «кел, чогуу жашайлы» деп атат. Анын себебин билесизби?

Доктор Чилтон оозун таптап барып тим болду. Болгону кызыктай карап койду.

Поллианна кубануу менен сөзүн андан ары улады.

— Ишенесизби... Өзүнчө эле махабат дастанындай болгон окуя... Мистер Пендлтон көп жыл илгери бирөөгө ашык болуптур. Бирок ортодо чатак чыгып, бири-бирине таарынышып калышыптыр. Ошентип Пендлтон куда түшкөн кызына үйлөнө албай калган экен. Бирок баягүнү Пендлтон мени чогуу жашоо үчүн чакырганда Полли таежем менен гана бара аларымды айткам... Кандай экен? Туура айтыптырмынбы?

— Полли таежең менен чогуубу?

— Ооба... Ненси мага айтып бергенге чейин эч нерсе билчү эмесмин. Ненси Полли таежемдин көп жыл мурда жигити болгонун айтты. Бирок таежем жигити менен урушуп, эки башка жолго түшүшүптүр. Ненси деле ким экенин так билбейт экен. Ошентсе да маселенин төркүнүн түшүнүп, баарын билдик. Көрсө, таежемди алам деген жигит Пендлтон экен!

Доктор Чилтон эмне дээрин билбей:

— Охоо! — деди. — Жок... Андай эмес... Неме, билген эмесмин. Укпаптырмын... Харрингтондун үйүнө жакындап калышкан эле. Поллианна шашып-бушуп сүйлөй берди.

— Ооба, дал ошондой. Доктор, мен ушунчалык кубанып турам! Пендлтон үйүнө көчүп келүүмдү суранып атат. Бирок таежем мага эбегейсиз жакшылык кылган, аны кантип унутам.



Аны жалгыз калтырып кетүү кайрымсыздык, уятсыздык болот. Анын үстүнө, Пендлтон эски сүйгөнүн дагы деле сүйөрүн байкадым. Элдешкиси келет экен. Полли таежем экөөбүз анын үйүнө барып жайгашабыз. Же Пендлтон биздин үйгө келсин. Айтор, Полли таежем буларды уга элек. Менимче, Пендлтон ушул маселе тууралу сүйлөшүү үчүн чакырып атса керек, кандай дейсиз?

— Ии... Ошо. Мен деле ошол ойдомун, кызым — деп, күбүрөнүп койду доктор Чилтон.

Үйгө жеткенче сүйлөшүшкөн жок. Чынында Поллианна дагы эле сүйлөшкүсү келип жаткан. Болгону доктор Чилтон ойго чөмүлүп кеткендиктен, маекти улантууга дааган жок. Үйдүн астына келгенде аттын тизгинин тартып, кызды түшүрүп койду.

* * *

Поллианна ал күнү да бейтап досунукуна барды. Пендлтон кызды чыдамсыздык менен күтүп атыптыр. Эшиктен кирери менен:

— Поллианна! — деп сөз баштады. — Өгүнү айткан сөздөрүңдү талдап, түк түшүнбөй койдум. Кудум табышмак сыяктуу. Айтчы, Поллианна, Полли таежеңдин менин уя курганым менен эмне байланышы бар?

— Неме... Мен Полли таежем экөөңүздөр көп жыл мурун кыз-жигит болгонуңуздарды,

кийин таарынышканыңарды уккам. Биз... Ненси экөөбүз ушинтип ойлоп атабыз. Бирок дагы деле сүйүп жүргөнүңүзгө абдан кубандым. Эгер жарашсаңар, буюрса, чогуу уя кура алабыз.

Пендлтон жер жарылта каткырып күлдү.

— Ненси экөөң жаңылып атасыңар. Муну айтайын деген эмес элем. Бирок эми айтканым дурус болор... Поллианна, ал кезде бирөөнү сүйгөнүм чын. Бирок ал киши Полли таежең эмес болчу, кызым. Мен... апаңды сүйгөм, Поллианна!...

Поллианнанын көзү чекчейип, жүрөгү токтоп кала жаздады.

— Менин апамдыбы?

Пендлтон ичиндеги көп жылдык арманын төгүп кирди.

— Ооба, кызым... Тагдыр экен, апаң мени эмес, атаңды тандады... Аны менен баш кошуп, алыстарга кетип калды. Анын кетиши менин көңүлүмдү чөктүрдү. Жашоонун кызыгы кетти. Таптакыр өзгөрүп, ачуулуу, кырс, орой кишиге айландым. Убакыт суудай акты... Ооба. Арадан көп жыл өттү. Анан бир күнү сен чыга келдиң... Караңгы жашоомо жарык чачтың. Анын кызы экениңди билгенде жүзүңдү карай албай койдум. Анткени, сени караган сайын апаң көрүнүп туруп алды. Бирок убакыттын өтүшү менен сенсиз жашай албасыма көзүм жетти. Мени жанданттың, үмүт бердиң, кызым... Ошондук-

тан сен менин үйүмдө, биякта жашашыңды суранам... Келесиңби Поллианна?

— Бирок, мистер Пендлтон, мен... — Поллианнанын көзүнө жаш толуп чыкты. — Менин Полли таежем бар да!

— Поллианна, мен сенин артың менен бактымды таптым, бактылуулук эмне экенин түшүндүм. Менин кызым болсоң бардык нерсеге ыраазы болуп, кубанып гана жашамакмын. Бардык мал-мүлкүмдү сенин бактың үчүн каржаганга даярмын.

— А бирок, мистер Пендлтон, колунда жоктор үчүн чогулткан акчаңызды мага коротконуңузга макул болот деп турасызбы?

Пендлтон кызарып чыкты. Бир нерсе дегенге оозуп таптап баратты эле, Поллианна сөзүн улап кетти.

— Сиздей бай киши бактылуу болуш үчүн мага муктаж болбосо керек. Мисалы, жакырларга жардам берип, аларга белек таратып бактылуу болсоңуз болот.

— Кызым, тиги «ыраазы болуу оюнун» толук кандуу ойной билүүм үчүн сен да менин жанымда болушуң керек экен.

— Бирок, Полли таежеме кыянаттык кылгым келбейт. Ал мени бакты, кам көрдү.

— Сага жакшы мамиле кылган болушу мүмкүн. Бирок, таежең сага менчелик муктаж эмес жана сени каалаган жок. Бөркүңдөй көр.

— Ошондой болгон күндө деле таежем жанында жүргөнүмө ыраазы. Мен билем...

Пендлтондун сабыры түгөнүп, чарт жарылды.

— Ыраазы?! Ха! Кайдагы ыраазылык?! Мисс Полли эч нерсеге ыраазы эмес, мен буга кепилдик берем! — деп кыйкырды. — Ооба, ал сени болгону милдетин аткаруу үчүн гана жашатып жүрөт. Милдетин так аткарган киши экенин тана албайм. Бирок ал бактылуулук, кубануу деген эмне экенин түк билбейт. Ишенбесең барып өзүнөн сурачы, сени коё береби, коё бербейби.

Пендлтондун үнү каргылданып чыкты. Тамагы буулуп:

— Эх, менин кичинекей кызым! Сенин шыңгыр күлкүңдү угуп, бала бакытына тунуп, сага кам көргүм келгенин бир билсең гана!

Поллианна үшкүрүп, ордунан турду да, кыйылып туруп мындай деди:

— Мейли... Таежемен сурап көрөйүн. Сиз менен чогуу жашагысы келбей атат деп ойлоп калбаңыз. Бирок бул маселени кечээ таежеме айтпаганым ырас болуптур. Анткени таежемди да көргүсү келип атат деп болжогом да. Кандай ойдо калмак, ким билет... Баса, доктор Чилтон эмне деп ойлоду экен?...

— Буларды доктор Чилтонго да айттыңбы?

— Ооба, дарыгерлер баарын билиш керек да. Алардан уялганга болбойт. Атам да ошентип айтчу.

— Анан, доктор Чилтон бир нерсе дедиби?

— Эч нерсе деген жок. Негедир укчукпай койгонуна таң калдым.

* * *

Поллианна Жон Пендлтондун үйүнөн кайрадан толгон-токой суроолорду мээсине жыйнап чыкты. Дөңдөн түшүп келатып жамгыр жаап атканын байкады. Орто жолго жетип калганда алдынан Ненси тосуп чыгып, мисс Полли суу болду го деп абдан кабатырланып жатканын жана кол чатыр берип, жээнин тосуп келүүсүн суранганын айтты.

Поллианна болсо таежесинин кабатырланбаганын, «Милдетинен кутулуу үчүн гана жиберсе керек» деп ойлогонун билдирди. Бирок Ненси Поллианнанын айткандарына кошулбасын, мисс Полли акыркы күндөрү абдан өзгөргөнүн саймедиреди.

Поллианна:

— Таежем анын жанына барышыма чын дилинен уруксат берет деп ойлойсузбу? — деп сураганда Ненси чачырап кетейин деди.

— Кара булутту көрөрү менен кол чатырды карматып, жолдон тосуп ал деп жибергени өзгөргөнүн билдирбейби?

Ненси Поллианнага таежесинин өзгөргөнүн тастыктаган бир топ далилдерди санап берди. Жактырган бөлмөсүн бергенин, окутканын

жана башка жакшылыктарын айтып келип:

— Поллианна, эсиңдеби, биринчи келген күнү сени жакшы көр... — деп баратып туура эмес сүйлөп алганын сезип, сөздү башкага буруп кетти. — Айта берсек мисал толтура. Поллианна, сен таежеңди чындап жибиттиң. Өзүң билгендей, мышык менен итти да сенин кадырың үчүн үйгө киргизди. Мага дагы мурдагыдай кырс мамиле жасабай калды. Эгер сен кетсең таежең абдан капа болот.

Поллианнанын көзү ачылып, Ненсинин сөздөрүнө ынанды. Буга чейин туура эмес ойлонуп жүргөнүн сезди.

* * *

Ошентип, Поллианна акыркы чечимин чыгарды. Бирок бул чечимди Жон Пендлтонго билдирүү кыз үчүн оңойго турмак эмес. Жон Пендлтонду да жакшы көрчү. Көптөгөн жыл жалгыз жашаганына, бактысыз жашоо сүргөнүнө боору ооруган. Бул маселенин апасы менен түздөн-түз байланышы бар экени кызды ого бетер кайгыртты. Мистер Пендлтон жашаган үй көз алдына тартылганда короодо соксоюп жалгыз отурган кишинин акыбалы зээнин кейитти. Карып кишини жалгыздыктын кучагынан канткенде куткара аларын ойлонуп отурду.

Дал ошол учурда кыздын оюна Жимми Бин келди. Поллианна так секирип сүйүндү да,

Пендлтондун үйүн көздөй чуркады. Көп өтпөй экөө китепканада сүйлөшүп отурушту. Жон Пендлтон жумшак үн менен:

— Поллианна, сени угуп атам. Мени менен кошо бактылуу оюнду ойномой болдуңбу?

— Ооба да.

— Ошондо сунушума макул болдуңбу?

— Аа. Тилеке каршы ага макул эмесмин.

— Таежең көнгөн жокпу?

— Айла жок. Полли таежем менсиз кантет? Ансыз деле андан сураган жокмун.

— Поллианна!

Поллианна болгон кайратын жыйып:

— Анте албайм, мистер Пендлтон, — деди. — Кайрымсыз эмесмин. Кыянаттык кылгым келбейт. Анын үстүнө таежем да мени жактырып, мамилеси өзгөрө баштады. Неме... мен да аны менен жашагым келет. Ошол мистер Пендлтон, таежемди таштап кете албайм!

Пендлтон тунжурап ойлонуп калды. Анан бир маалда башын көтөрүп:

— Туура айтасың кызым... Кайрымсыздык жаман нерсе, сага жарашпайт, — деди.

— Баса! Сизди кубантчу бир нерсе ойлоп койдум! Уксаңыз таң каласыз.

— Жок, Поллианна. Мени мындан кийин эч нерсе кубанта албайт.

жана башка жакшылыктарын айтып келип:

— Поллианна, эсиңдеби, биринчи келген күнү сени жакшы көр... — деп баратып туура эмес сүйлөп алганын сезип, сөздү башкага буруп кетти. — Айта берсек мисал толтура. Поллианна, сен таежеңди чындап жибиттиң. Өзүң билгендей, мышык менен итти да сенин кадырың үчүн үйгө киргизди. Мага дагы мурдагыдай кырс мамиле жасабай калды. Эгер сен кетсең таежең абдан капа болот.

Поллианнанын көзү ачылып, Ненсинин сөздөрүнө ынанды. Буга чейин туура эмес ойлонуп жүргөнүн сезди.

* * *

Ошентип, Поллианна акыркы чечимин чыгарды. Бирок бул чечимди Жон Пендлтонго билдирүү кыз үчүн оңойго турмак эмес. Жон Пендлтонду да жакшы көрчү. Көптөгөн жыл жалгыз жашаганына, бактысыз жашоо сүргөнүнө боору ооруган. Бул маселенин апасы менен түздөн-түз байланышы бар экени кызды ого бетер кайгыртты. Мистер Пендлтон жашаган үй көз алдына тартылганда короодо соксоюп жалгыз отурган кишинин акыбалы зээнин кейитти. Карып кишини жалгыздыктын кучагынан канткенде куткара аларын ойлонуп отурду.

Дал ошол учурда кыздын оюна Жимми Бин келди. Поллианна так секирип сүйүндү да,

Пендлтондун үйүн көздөй чуркады. Көп өтпөй экөө китепканада сүйлөшүп отурушту. Жон Пендлтон жумшак үн менен:

— Поллианна, сени угуп атам. Мени менен кошо бактылуу оюнду ойномой болдуңбу?

— Ооба да.

— Ошондо сунушума макул болдуңбу?

— Аа. Тилеке каршы ага макул эмесмин.

— Таежең көнгөн жокпу?

— Айла жок. Полли таежем мексиз кантет? Ансыз деле андан сураган жокмун.

— Поллианна!

Поллианна болгон кайратын жыйып:

— Анте албайм, мистер Пендлтон, — деди. — Кайрымсыз эмесмин. Кыянаттык кылгым келбейт. Анын үстүнө таежем да мени жактырып, мамилеси өзгөрө баштады. Неме... мен да аны менен жашагым келет. Ошол мистер Пендлтон, таежемди таштап кете албайм!

Пендлтон тунжурап ойлонуп калды. Анан бир маалда башын көтөрүп:

— Туура айтасың кызым... Кайрымсыздык жаман нерсе, сага жарашпайт, — деди.

— Баса! Сизди кубантчу бир нерсе ойлоп койдум! Уксаңыз таң каласыз.

— Жок, Поллианна. Мени мындан кийин эч нерсе кубанта албайт.

— Бирок, сиз «бир бала болсо үйүм уяга айланмак» деп айтпадыңыз беле? Сизге бир бала алып келейин деп атам...

— Ким ал? Эмне болгон бала?

— Жимми Бинди багып алсаңыз балага болгон кусалыгыңыз тарамак. Биздин шаардагы аялдар уюму да ага кол сунбай койду. Эгер менин айтканымды уксаңыз, байкуш бала кандай гана кубанмак!

— Аның жакшы экен, бирок сенден башкасы мага бакыт тартуулай албайт... Ушуну сезсең гана! Жок, Поллианна, аны үйгө киргизе албайм.

Үмүтү таш капкан Поллианнанын ыйлагысы келди. Үнү каргылданып:

— Ал сизге абдан ылайыктуу бала. Мистер Пендлтон, сиз уя курбай эле, жеке өзүңүздү ойлоп атасыз, — деп кабагын түйүп чыңкылдады.

Эриндери дирилдеген Поллианнанын кайгылуу көз карашы Жон Пендлтондун жүрөгүн мыжыгып жиберди.

— Көрөбүз, көрөбүз, — деди кызды жооткотуп. — Кийинки келгенде ээрчите келчи, кандай бала экенин көрөйүн. Бирок алам деп сөз бербейм. Сенден башкасын каалабайм...

* * *

Кыз менен Пендлтондун кызуу талкуусунан бир канча күн өткөн. Миссис Сноу жаңы дарысын кандай ичерин билип келмекке Поллиан-

наны доктор Чилтонго жиберген. Поллианна доктор Чилтондун үйүнө келип, миссис Сноунун суранычын билдирди. Анын үйүн биринчи ирет көргөн кыз эки жагын карап суктанып туруп:

— Үйүңүз абдан сонун экен! — деди.

Доктор Чилтон калп жылмайып:

— Аа, ошондойбу? Мага жакшыдай деле сезилбейт. Бул жер болгону бөлмөлөр жайгашкан имарат. Чыныгы уя эмес, — деди.

— Демек сиз дагы Пендлтон сыяктуу ойлонот экенсиз. Андай болсо эмнеге сүйгөн айымыңызды алып келбейсиз, же Жимми Бинди багып албайсыз?

— Аял деген суранып койсоң эле келип калбайт да, кызым, — деди Доктор Чилтон жылмайганынан жазбай. Бирок Жимми Бин тууралуу түшүнгөн жок. Поллианна анын суроолуу көз карашын байкабаган тейде сөзүн уланта берди.

— Сиз билчү белеңиз, мистер Пендлтондун жаш кезиндеги сүйгөнү Полли таежем эмес, апам экен!.. Кызык бекен? Сизге айтып бергендеримди эч кимге айткан жоксузбу?

— Жок Поллианна... Эч кимге айткан жокмун, — деди доктор Чилтон дарынын колдонуу эрежелери жазылган баракты кызга карматып жатып. — Жаңы дарысын мен жазгандай колдонсун. Муну миссис Сноуго алып барсаң болот.

Анан бетин сепкил баскан кызга ичи ысып туруп мындай деди:

— Поллианна, баарыбыз үчүн жакшы тилектериң бар экенин билем, кызым. Бирок, бул маселелер ушунчалык оор болгондуктан, кээде чоң кишилер да балача ойлонуп, намысыбызды жеңе албай калабыз. Айтор... Кайгырба. Баары жакшы болот, буюрса.

КЫРСЫК

Шаардын калкын кайгыга салган кырсык октябрдын аяк ченинде болду. Поллианна мектептен чыгып шашкан бойдон үйүнө чуркап келе жаткан. Чоң жолдон өтүп баратканда аны катуу келаткан машина сүзүп кетти. Кырсык кандай болгонун, күнөө кимде экени эч кимге белгисиз. Болгону саат беш чамаларында эсин жоготкон Поллианнаны бөлмөсүнө көтөрүп келип, мисс Полли менен эртеден бери ыйы басылбаган Ненси экөө төшөгүнө жаткырышты. Өң-алеттен кеткен таежеси дароо доктор Уорренге телефон чалып, ал көп өтпөй жетип келди.

Доктор кичинекей кызды текшерип жаткан кезде Ненси сыртка чыкты да, Томдун жанына чуркап келип:

— Ишенисизби, мисс Полли чындап кайгырып жатат. Жөн гана милдети катары кайгырган жок... Колдорунун титирегенинен, көздөрүнүн жашылданганынан байкадым, — деди.

Абышка тынчсызданып сурады:

— Эх, Поллианна... Кичинекей кыздын абалы кандай азыр?

— Билбейм... Өлгөн немедей эси ооп жатат. Мисс Полли тирүү деп отурат. Канчалык кайгырса да үмүтү өчкөн жок. Кайра-кайра жүрөгүн, дем алганын тыңшап атат.

— Ким сүзгөнү белгисиз турбайбы, э?.. Деги каягынан жаракат алыптыр?

— Ай, Поллианна ай! — деп сыздады Ненси. — Чекеси сыйрылыптыр, бирок кичинекей эле. Ал эч нерсе эмес деди, мисс Полли. Баарынан ички жарааты кооптуу дейт.

Абышка үшкүрүп кетменин таянып туруп калды.

— Демек башка жеринен да чоң жаракат алган окшобойбу. Жаман болуптур, кап аййе!

Убакыт өткөн сайын Ненсинин тынчы кетти. Чыдай албай үйгө кирип кетип, дарыгер кеткенден кийин Томдун жанына кайра келди. Дарыгердин айткандарын толук түшүнбөгөнүн, кыздын сөөктөрүндө сынык жок экенин, башындагы жарасы коркунучтуу эместигин жана доктор Уоррен башын чайкап, кыздын акыбалы убакыттын өтүшү менен гана оңолорун билдиргенин айтып берди.

Дарыгер кеткен соң мисс Поллинин өңү ого бетер сумсайып, кайгы басып калыптыр. Кыз болсо дагы эле эсине келе элек экен. Төшөктө суналып жатат. Аны эсине келтиргенге аракет

кылып жатышыптыр... Ненси болгону ушуларды билет эле экен.

Поллианна эртеси түштө араң көзүн ачты. Эки жакты таң кала карап, эмне болгонун түшүнгөнгө аракет кылды. Жанында кабатырланып отурган мисс Поллиге кайрылып:

— Мага эмне болду, Полли таеже? Эмнеге тура албай атам? — деп сурады.

Анан таянып турганга аракет кылып обдулду эле, болгон жок. Жарат алган жери катуу ооруп кеткендиктен, чыңырып кайра жатып калды. Буга ишене албай дагы муңкана сурады:

— Полли таеже, мен эмнеге тура албай атам?

— Секетиң кетейин, кызым, азырынча турганга аракет кылба, макулбу? — деди мисс Полли чачтарын сылап, кызды сооротконго аракет кылып жатып.

— Эмнеге тура албай атам? Эмнеге бүт денем ооруп жатат?

Мисс Поллинин кайгы толгон көздөрү Поллианнага көрүнбөгөн бурчта турган медайымдан бир нерселерди сурап атты. Медайым баш ийкегенде мисс Полли:

— Кечээ кечинде сени машина коюп кетиптир, — деди. — Каралдым, дарыгер сени азырынча эс алсын, көп-көп уктасын деп айтып кетти.

— Эми эстедим... Жолдун аркы өйүзүнө өтөйүн деп аткам. Капталда мени көздөй машина

келатканын көргөм. Ал келгиче жетишем го деп ойлоп чуркагам... Анан... Денем сыздап чыкты... Андан аркысы эсте жок.

— Өзүңдү кыйнаба, Поллианна... Коркпо. Айыгып кетесиң. Кана, уктаганга аракет кыл, чүрпөм.

— Бирок... бир башкача болуп жатат... таеже... Буттарымды сезбей жатам!

Мисс Поллинин жалооруган көз карашы кайрадан медайымга бурулду. Бул жолу медайым өзү кыздын жанына басып келип, жайдары сүйлөдү:

— Поллианна, менин атым Хант. Таежеңе жардам бергени келдим. Сени жакшылап багабыз, коркпо. Адегенде бул ак таблеткаларды ичип алчы.

Поллианна туталанып кетти.

— Мен дары-мары ичким келген жок. Тургум келет! Мектепке барышым керек. Эртең мектепке бара албаймбы ошондо?

Мисс Полли көз жашын катып, жүзүн бурду. Бирок, анын уңулдаган үнү угулуп турду. Мисс Хант кайрадан аракет кылып кирди:

— Эртеңби? Поллианна, күчүгүм, сени анчалык эрте тургуза албайм да. Бирок бул дарыны ичсең кандай таасир бергенин биле алабыз.

Поллианна бул сөздөргө бир аз муюду, ошентсе да аялдын сөзүнө канааттанган жок.

Кайра эле: «Жакында сынактарыбыз башталат, даярданышым керек» деп жөөлүп атты.

Бөлмө жымжырт. Болгону мисс Поллинин солуктап ыйлаган үнү жаңырат. Поллианна бугун чыгарып урушканын өзү байкады, бирок убара болуптур, майнап чыккан жок. Дарынын таасири менен үнү жайлап, уйкуга кетти.

Элдин сүймөнчүгүнө айланган кичинекей кыз эртеси да, андан кийинки күндөрү да мектепке бара алган жок. Туура бир апта эс-мас абалда эси эңгиреп жатты. Убакыт жылып, аз-аздан өзүнө келе баштаган кыз кыска-кыска суроолорду сурап, кайрадан терең уйкуга чөмүлчү.

* * *

Арадан бир жума өткөн соң Поллианна абалын түшүнө баштады. Бул убакта дене табы түшүп, оорусу бир аз жеңилдеп калган. Толук эсине келген соң болгон окуяны кайрадан айтып берүүгө мажбур болушту. Айрым маселелерди үстүртөн айтып, жашырып коюшту. Кырсыкты баштан-аяк угуп чыккан Поллианна:

— Болгону жаракат алыптырмын, буга ыраазы болуп, шүгүр кылышым керек. Мындан да жаман абалга түшүп калышым мүмкүн болчу. Миссис Сноу сыяктуу төшөктө жатып калсам эмне болмок эле? Андай болсо оорулуу деп эсептелбейт экенмин. Мына, мен ушуга кубанып жатам.

Жүзүнө анча-мынча майда бырыш түшкөн мисс Полли Поллианнага жылмайып:

— Сени кубанткан көп нерсе бар, күчүгүм, — деди.

— Ооба, таеже... Мисалы оорум чечек болбогонуна кубанычтамын. Ал сепкилден дагы жаман болмок! Дагы... Көк жөтөл эмес экенине кубанычтамын. Мен бир жолу ооругам, жийиркеничтүү дарт. Анан, сокур ичеги же кызамык эмес экенине кубанычтамын, анткени кызамык жугуштуу... Сиз жаныма отура алмак эмессиз...

Мисс Полли чыдабай кетти окшойт, бирөө жакадан кармап муунтуп аткандай мукактанып:

— Поллианна, жетишет, — деди.

— Таеже, билесизби, — деди Поллианна жылмайганча ого бетер күчөп. — Жаракат алгандан кийин мени жакшы көрөрүңүздү түшүндүм. Дайыма мага «күчүгүм», «каралдым», «чүрпөм» деп сүйлөп жатасыз. Мурда мындай сөздөрдү такыр айтчу эмессиз. Ушундай таттуу сөздөрдү угузган кырсыкка ыраазы болсом ашыкча кетип калбаймынбы ыя, таеже? Негизи кайрымдуулук фондундагылар мени «чүрпөм» дешчү. Бирок мындай сөздү өз тууганыңан угуу таптакыр башкача сезимге бөлөйт экен... Эх, Полли таеже... Таежем болгонуңузга ушунчалык ыраазымын дейсиз!..

Мисс Полли бул сөздөрдү аягына чейин чыдап уга алган жок. Жүзүн басып сыртка чуркап

чыгып кетти. Поллианна таежесинин бул кылыгына түшүнгөн жок. Аны ыйлаткыдай жаман нерсе деле айткан эмес!

* * *

Ошол күнү түш оой эч кимдин оюна келбес иш болду. Жон Пендлтон балдак таянып алып жетип келиптир. Негизи мисс Полли экөөнүн ортосундагы он беш жылдык таарыныч дагы деле күчүндө эле. Мисс Полли аны кире беришten суз кабыл алды. Ошентсе да үйүнө киргизди.

Жон Пендлтон да жылуу сүйлөгөн жок.

— Мен болгону Поллианнанын акыбалын сурап келдим, — деди.

Аял да башын жерге салган бойдон:

— Сизге айтып бере алгыдай бир нерсе билсем гана! — деп жооп берди.

— Демек, анын абалы тууралуу маалыматыңыз жок... Дарыгерчи? Ал эмне деди?

— Доктор Уоррен... Ал да дартын аныктай алган жок. Нью-Йорктогу адистерге кат жазган. Жообун күтүп жатабыз.

Ой баса түшкөн Пендлтон бир шыпшынып алды.

— А Поллианначы?.. Поллианна бул абалды кандай кабыл алды?

— Байкуш кыз толук биле элек. Мен ага... Ага баарын айткан жокмун.

— Аныңыз жакшы деңизчи, бирок акыры чындыкты билиши керек эмеспи?

— Неме... Поллианна кыймылдай албай жатканын билет. Сыртынан караганда жаракат жоктой көрүнөт. Сынык да билинбейт. Бирок катуу соккудан улам омурткасына доо кеткенби деп коркуп атабыз... Кудай сактасын, шал болуп калышы да мүмкүн экен. Мисс Полли буларды айтып жатып жашка муунуп, үнү каргылданды. — Поллианна азыр бут сөөктөрүм сынды деп ойлоп жатат. Миссис Сноудой болуп төшөктө жатып калбасына, жакында басып кетерине ишеними күч. Ошол үмүтү мени кубандырды... Дайыма жакшылыкка жоруп, жагымдуу сүйлөйт, садаган кетейиним. Сөздөрүн укканда жүрөгүм чыдабай кетет.

Көз жашына муунган аял эркектин маңдайында кебетеси бузула түшкөнүн байкап нары карап кетти. Поллианнанын «Мындан ары Полли таежемди таштабайм» деген сөзү эсине түшүп, жүрөгү сыздады.

Пендлтон да көз жашын араң кармап отурат:

— Сизге айттыбы, билбейм, — деп сүйлөп баштады ал. — Акыркы күндөрү Поллианнага мени менен жаша деп аябай суранып аткам. Аны багып алайын дегем. Өзүмдүн мураскерим кылып, бардык байлыгымды өткөрүп бермекмин. Бирок аны көндүрө албай койдум.

Аял көз жашын аарчып:

— Сиз мененби? Поллианнабы? — деп сурады акыл-эсин жыйнаганга аракет кылып. — Эмнеге макул болгон жок?

— Сизди таштагысы келбеди... Кыянатчылык кылгысы келбегенин айтып туруп алды. «Таежем жалгыз калат, кайгырат» деп болбой койду. А мен болсо... Өзүңүз билесиз... Апасына болгон сүйүүмдүн калганын ага арнап, ага берейин деген элем...

Бул сөздөр аялдын көзүн умачтай ачты. Жээнин болгону милдетин аткаруу үчүн жанына алып келгенин эстеди. Андан кийин кичинекей кыздын эртең мененки *«Жакшы сөздү тууганыңан угуу кандай ырахат»* деген сөзү кулагына жаңырып туруп алды. Мээримге суусаган немеге Жон Пендлтон жыйырма беш жылдык мээримин сунуштаптыр. Мындайга зар болуп турган Поллианна бул сунушка көнүшү мүмкүн эле.

Мисс Полли муну ойлоп алып жүрөгү шуулдап коркуп кетти. Поллианнасыз жашоонун канчалык кызыксыз өтөрүнө көзү жетип калган.

Ушул убакта кабагын карыш түйүлгөн Жон Пендлтон кетүү үчүн ордунан турду. Мисс Полли бул ирет сылык узатып:

— Келгениңизге абдан кубанычтамын, мистер Пендлтон, — деди. — Келип кеткениңизди Поллианнага айтып коём. Ден соолугу тууралуу сизге билдирип турам.

ЖАМАН КАБАР

Бир жолу эртең менен Ненси Томго үйдөн көргөндөрүн таң калуу менен айтып берди. Айтымына караганда мисс Полли кичинекей кыздын жанынан айрылбай, үйрүлүп түшүп карап жатыптыр. Кыздын каалагандарын орундатыш үчүн көзүнүн агы менен тең айланып, күйпөлөктөп жүрөт экен. Ал тургай хрусталдарды күнгө чагылыштырып, бөлмөнү асан-үсөнгө айлантуунун айласын издеп атат деди.

Айтор Ненсиге кызыктай сезилген нерсенин баарын төкпөй-чачпай айтып берди. Мисс Полли керебеттин жанына отуруп алып кызматчы аялга чачын жасалгалатып атат дейт. Поллианна болсо жаткан жеринен кандай тараш керектигин аялга үйрөтүп жатыптыр.

Том кыздын ден соолугун сураганда Ненси эч кандай өзгөрүү болбогонун айтты. Кичинекей кыз болбой эле көптөгөн кубанычтуу нерселерди ойлоп таап, башкаларды таң калтырууда экен.



Абышка Поллианна ыраазы болуу оюнун мисс Поллиге үйрөтүп-үйрөтпөгөнүн сурады. Ненси болсо Поллианна бул оюнун таежесине такыр түшүндүрө албай койгонун айтты. Себеби бул оюнду кызга атасы үйрөткөн эле. Мисс Полли кызга атасы тууралуу айтууга тыюу салгандыктан, албетте, Поллианна да таежесине түшүндүрүп бере алган эмес.

* * *

Нью-Йорктон күчтүү дарыгердин келүүсү абдан маанилүү болчу. Ошондуктан Поллианнаны буга даярдоо керек эле. Мисс Полли кыз менен кеңири баарлашууга белсенди. Бир күнү Поллианнага:

— Кызым, — деди назик үн менен. — Биз доктор Уорренден башка дагы бир дарыгер чакырып, сени текшерип көргөнү оң болобу деп ойлоп атабыз. Тезирээк сакаюуңа себеп болмок.

Поллианна сүйүнүп кетти.

— Доктор Чилтонду чакырдыңызбы? Оо, Полли таеже, аны канчалык көргүм келгенин сурабаңыз! — деп кыйкырды ал.

Өңү өзгөрө түшкөн мисс Полли калтыраган үнү менен:

— Ой, кайдагы доктор Чилтон! Мен аны айткан жокмун, — деди. — Нью-Йорктон келчү өтө билимдүү дарыгер тууралуу айтайын деп аткам.

Поллианнанын сепкил баскан мурду чүрүшө түштү.

— Жакшы экен. Бирок мистер Пендлтондун сынган бутун доктор Чилтон айыктырган. Эх, Полли таеже... Мен доктор Чилтонду көргүм келип атат. Эмнеге аны алып келбей жатасыз?

Мисс Полли кызара түштү. Эмне айтарын билбей туруп калды. Акыры өзүнө да бейтааныш угулган үн менен мындай деди:

— Сүйүктүүм, секетим, доктор Чилтонду чакырбаганымдын себебин сага айталбайм. Суранам, экинчи сурабачы!

Поллианна адегенде бул сөздөргө түшүнгөн жок. Көпкө чейин ойлонуп жатты. Бир маалда көздөрүн бакырайтып:

— Аа! Эми түшүндүм! — деп кыйкырды. — Сиз таарынган жигитиңиз мистер Пендлтон болсо керек деп ойлоп жүргөм. Бирок ал эмес экенин билдим... Андай болсо... Ал доктор Чилтон... Ооба... Ооба... Андан башка болушу мүмкүн эмес. Ал дагы мистер Пендлтон сыяктуу жалгыздыгын арман кылчу. Анын дагы үйү аялга, балага муктаж экенин айтчу. Ха-ха... Кызык! Эмнеге мурда ойлободум экен?

Мисс Полли оңтойсуз боло түштү.

— Кайдагыны айтып атасың, кызым? — деп кыйкырды ал.

Поллианна кыткылыктап күлүп жиберди.

— Менден жашырам десеңиз убара болосуз, таеже, — деди. — Таарынышкан жигитиңиздин ким экенин эми билип алдым... Ооба, жигитиңиз доктор Чилтон экен!

Мисс Полли бетин жапкан бойдон бөлмөдөн атып чыкты.

* * *

Бир аптадан кийин Нью-Йорктук дарыгер да келди. Аты Мид экен. Доктор Мид Поллианнаны кесиптеши менен бирге кылдат текшерип чыкты. Ачык-айрым киши экен. Көпкө созулган текшерүү учурунда Поллианна менен бат эле тил табышып кетти. Экөө ар кайсыдан кеп козгоп, жакшы баарлашышты. Айтор бул дарыгер кызга жакты, кыз да ага...

Доктор Мид текшерип бүткөн соң доктор Уорренди карап, баш ийкеди. Мунусу сыртка чыгалы деген белги эле. Негедир кабагы салыңкы. Эки дарыгерди мисс Полли менен Хант кошо ээрчип чыкты.

Бөлмөдөгүлөр сыртка чыкканда кыздын бөлмөсүнүн эшигин жаптык го деп ойлошкон. Бирок мышык бир аз ачылып турган эшикти кененирээк ачып ичке кирди да, кыздын төшөгүнө барып орун алды. Сырттагыларга билинбегени менен ачылып калган эшиктен Поллианнага баары угулуп жатты.

Ооба, кыз оозку үйдөгү сөздөрдү аргасыз тыңшап отурду. Мисс Полли:

— Бул эмне дегениңиз? Мүмкүн эмес! Ошондо жээним мындан кийин баса албайбы? — деп сурады.

Доктор Миддин жообу мындай болду:

— Тилекке каршы, эч бир дарылоо жардам бере албайт... Кыз өмүр бою шал бойдон калат. Бул сөздөр айтылары менен Поллианнанын:

— Полли таеже! Таеже! — деген чыңырган үнү угулду.

Ачуу чаңырык баарынын жүрөгүн тилип өттү. Мисс Полли артын карап эшиктин ачылып калганын байкады да, бир нерселерди булдурап барып, өмүрүндө биринчи ирет эстен танып жыгылды.

Миссис Хант дароо бөлмөгө чуркап кирип, коркконунан көздөрү чекчейип калган Поллианнанын жанына отурду. Кыз:

— Миссис Хант, таежем кана? Таежемди чакырыңызчы! — деди алактап.

— Таежең... таежең... — миссис Хант айтарга сөз таппай калды. — Азыр келе албайт кызым. Эмне болду? Мага айта бер. Тартынба.

— Таежем... таежем уккандарымдын чындык эмес экенин айтсын. Суранам, таежем...

— Кайгырба кызым. Балким дарыгер жаңылып жаткандыр. Сен ойлонбо.

Поллианна коркуп, алактап калган эле. Колдорун эки жакка жайып:

— Кантип ойлонбой коём? Эми мындан ары дайыма ойлонууга мажбурмун. Миссис Хант, мен кантип мектепке барам? Досторума кантип жолугам?

Ызаланган кыз эчкирип ыйлап кирди.

Медайым аны соорotконго аракет кылып жатты. Поллианна көздөрүн жайнатып:

— Мындан кийин такыр баса албасам кантип бактылуу боло алам? — деп сурады. — Ар кандай нерселерге кантип ыраазы болом?

Албетте, миссис Хант ыраазы болуу оюнун билчү эмес. Кичинекей кызды сооротуу оңой эмес экенин түшүндү. Кудайдан үмүт үзбөш керектигин айтып, жооткотконго аракет кылып дарысын ичирди.

Мисс Полли Жон Пендлтонго доктор Мидин чыгарган жыйынтыгын билдирүү үчүн Ненсини жиберди. Ненси ага барып, кичинекей кыздын абалы оң эмес экенин кайгыруу менен билдирди. Мындай кабарды укkан Жон Пендлтон отурган ордунда таштай катты. Бир ооз сөз сүйлөй алган жок. Акыры акыл-эсин жыйнап, «Поллианна өзү билдиби?» деп сурады. Ненси болгон окуяны баштан-аяк айтып берди эле, Пендлтон «Эх, менин байкуш кызым!» деп боздоду.

Ненси кичинекей кыз мындай абалда кубана турчу бир нерсе таппай атканын, оюнун токтотконун кошумчалады. Жон Пендлтон болсо

бул оюндан кабары бар экенин айтты. Ненсинин айтуусуна караганда, Поллианна ошол тегерек-тегилердин баарына оюнду үйрөтүптүр. Бирок азыркы тапта ушунчалык кайгыргандыктан, кубана турчу нерсеге өзү муктаж экен.

Жон Пендлтон:

— Албетте... Мунун эмнесине кубанмак эле! — деди.

Ненси үйгө кайтуу үчүн уруксат сурады. Эшиктен чыгып баратып:

— Поллианна жанагыдай абалда болгонуна карабай, сизди Жимми менен жолукту бекен деп ойлоодо, — деди. — Байкуш кыз ал баланы сизге алып келе албаганына капа болуп жатат.

* * *

Көп өтпөй бул кабар шаарчанын туш тарабына желдей тарап, эл жапырт кайгырды. Поллианна Уиттиердин баспай калганын укkан жамы журт ичтен сызып, маанайы чөктү.

Эки кишинин башы кошулган жерде ушул тууралуу сүйлөшүп жатышты. Жашыруун ыйлагандар да жок эмес эле. Ненси Поллианнанын ыраазы болуу оюнун ойной албай калганын айтканда, баарынын көзүнө жаш тегеренип, айрымдары кадимкидей эле өңгүрөп ыйлады.

Кичинекей кыздын ыраазы болуу оюнун ойной албай калганын түшүнгөн бардык достору, сезимтал кишилер, тааныганы-тааныбаганы

деле Харрингтондун үйүн карай агылды. Мисс Полли үйгө келген аялдардын, эркектердин, балдардын эч бирин таанычу эмес. Натыйжада, келгендерди таң калып кабыл алып жатты.

Кээ бири үйгө кирип дым чыгарбай отурса, айрымдары улагадан бери өтпөй, саламын айтып кетип жатты. Гүл көтөргөнү, таттуу-тарапа, мөмө-жемиш алып келгени канча. Келе албагандар да салам дубайын жолдоп, изги тилектерин айттырып жиберишти.

Жон Пендлтон көрүп келгендердин алдыңкысы болду. Ал күнү балдагы жок келген экен. Мисс Поллиге кайгысын тең бөлүшөрүн айтып:

— Чын эле колубуздан эч нерсе келбейби? — деп сурады.

Мисс Полли доктор Миддин «эч кандай мүмкүнчүлүк жок» дегенин айтты. Пендлтон өңү кубарып ордунан турду да, сыртка чыгып баратып:

— Поллианнага бир жаңылыгым бар, — деди. — Сураныч, ага Жимми Бинди багып аларымды айтыңыз! Поллианна бул кабарды укса кубанат деп ойлом.

Таң калган мисс Полли:

— Жимми Бинди бала кылган атасызбы? — деп жиберди.

Пендлтон артын карабай чыгып кетти. Мисс Полли Поллианнанын бөлмөсүнө чуркап кирип,

кубанычтуу кабарды дароо жеткирди. Пендлтон бул кабарды Поллианнаны кубантуу үчүн айтканын да толкунданууменен кошумчалады.

Албетте, Поллианна бул жаңылыкка абдан сүйүндү. «Мистер Пендлтондун үйү эми чындап уяга айланат. Ал мага үйүн уяга айлантаар бала керек экенин айткан» деп кубанып отурду. Мисс Полли баарын түшүндү. Муну түшүнүү үчүн ашыкча кепке муктаж эмес эле.

Мистер Пендлтондун артынан Милли көргөнү келди. Апасынын, тагыраагы, миссис Сноунун жүрөгү сыздап, кайгырып отурганын мисс Поллиге айтып берди. Милли кичинекей кызга абдан ыраазы экенин баса белгилегенди унуткан жок. Себеби анын арты менен майып апасы жашоого үмүт байлап, көңүлү көтөрүлгөн экен. Мурдагыдай наалыбай, кедейлерге белек кылганга кийим токуп калыптыр.

Милли чыгып кетип баратып: «Ага аябай карыздарбыз. Бул ыраазычылыгыбызды укса Поллианнанын көңүлү көтөрүлө түшөт деген ишеничтемин» деди.

— Албетте айтып коём, — деди мисс Полли мурдагыдан да көбүрөөк таңданып туруп.

Андан кийин канчалаган киши келип кетти. Келгендердин баары жакшы кабарларын айтып жатышты. Мындай көрүнүш мисс Поллини ойго салды. Мисс Бентон аттуу аял келгенде таптакыр эле оозун ачып калды.

Мисс Полли ал аялды тааныганы менен сүйлөшчү деле эмес. Мисс Бентон мурда үй-бүлөсүндө көп маселе болгонун, күйөөсү экөө ажыраша турган абалга чейин келишкенин, бирок Поллианнанын үйрөткөн оюнунун арты менен очогу бузулбай сакталып калганын айтып берди.

Мисс Полли дароо Ненсиге барып:

— Ненси, жанагы түшүнүксүз оюн тууралуу дароо айтып бер! — деп кыйкырды. — Шаардагылардын баары билет экен муну. Жалгыз менин кабарым жок. Кээ бирөө ажырашуудан баш тартса, кээси жашоосунан ырахат алып баштаптыр. Айрымдары оюндун айынан таарынышкандары менен жарашыптыр... Ушунун баары Поллианнанын арты менен болду деп атышат. Өзүнөн сурайын дедим, бирок капа кылгым келбеди. Сен деле бул оюнду билсең керек.

Ненси:

— Июнь айынан бери бул кичинекей кыз шаарчабыздагы элдин баарын кубантууга аракет кылды. Эми болсо аны бактылуу кылуу үчүн алар аракет кылып жатышат... — деп бышактап алып, оюнду түшүндүрүп берди.

Оюнду Поллианнанын атасы тапканын жана аны кызына үйрөткөнүн айтты. Куурчак күтүп аткан Поллианна кутудан балдактар чыкканда ыйлаганын, атасы ага жашоодо ыраазы болууга

көптөгөн себептер бар экенин, аларды издеп табыш керектигин айтканын баяндады.

Мисс Полли балдакка эмнеге ыраазы болуш керектигин дагы деле түшүнгөн жок. Анан калса, бөлмөсүндө төшөктө жаткан майып кызды ойлоп ого бетер жүрөгү канап турду.

Поллианна атасы менен дайыма ушул оюнду ойногонун, аны «ыраазы болуу оюну» деп атап алышканын, бул оюн ал тургай өзүнүн үй-бүлөсүн дагы бактылуу кылганын түшүндүрүп берди.

Мисс Полли булардын баарын уккан соң:

— Андай болсо Поллианна бул оюнду мага эмне себептен айткан эмес? — деп сурады.

Ненси бул суроосуна мындай деп жооп берди: «*Себеби, кичинекей кызга атасы тууралуу айтууга тыюу салган экенсиз. Жана айткандай, бул оюнду кызга атасы үйрөтүптүр. Ошондуктан Поллианна муну сизге түшүндүрө алган эмес*».

— А башкаларчы? Алар муну кантип үйрөнгөн?

Ненси Поллианнанын дайыма жардам бергенге шашканын, тааныпаанытыбаганына деле жылмайып, бул оюнду үйрөтө бергенин айтты.

Мисс Полли бул оюнда Поллианнанын дагы бир досу пайда болгонун айтыш үчүн бөлмөсүнө чуркады.

Кичинекей кыздын бөлмөсүнө киргенде үнү калтырап турган. Ага бүгүнкү келгендер туура-

луу айтып, алардын айткандары кызга жагат деп ишенерин билдирди. Албетте, бул кабарларга Поллианна да абдан сүйүндү. Кичинекей кыз таежесинин ыйлап жибербеш үчүн өзүн араң кармап турганын байкап жалоору карады да:

— Полли таеже... Сиз кудум оюнубузду билгендей сүйлөп жатасыз. Же үйрөнүп алдыңызбы? — деп сурады.

Таежеси оюнду Ненсиден укканын, жакшы оюн экенин түшүнгөнүн жана өзү да мындай кийин ушул оюнду ойноп баштарын айтты. Бул сөздөр кичинекей кыздын көзүн жашка толтурду. Кубанычтан эреркеген Поллианна:

— Эх, Полли таежем.. Сиз дагыбы? Кандай бактылуу экенимди билбейсиз да!.. Бул оюнду баарынан да сиз менен ойногонду каалагам. Бир убактарда буттарым басканы үчүн ушунчалык ыраазымын!... — деди.

YMYT

Кыштын кыска күндөрү шуулдап өтүп жатты. А бирок Поллианна үчүн убакыт жылбай туруп калгансыйт. Бирок, ал ошондо да кайратынан тайбады. Жадагалса Полли таежеси да оюнга кошулганы үчүн Поллианна бактылуу көрүнгөнгө аракет кылды.

Кичинекей кыз миссис Сноудой болуп жиптен кийим токуп баштады. Кез-кезде көргөнү келгендерди кабыл алып, алар менен баарлашат. Келе албагандардын жиберген каттарын окуп, кайгысын бөлүшкөндү үйрөндү.

Жон Пендлтон бир ирет, Жимми Бин болсо эки ирет кызды көргөнү келишти. Экөө тең жашоолоруна ыраазы эле. Мистер Пендлтон жөндөмдүү балага, Жимми болсо жылуу, бардар уяга туш болуптур.

Ушундай жагымдуу жаңылыктар менен коштолгон кыштын артынан жаз да келди. Поллианнанын ден соолугу менен алпурушкандар доктор Миддин айтканы туура чыкканына, кичинекей кыз мындан ары баса албасына

ишенип калышты. Ооба... Кичинекей кыз баса албайт болчу!..

Ишемби күндүн таңы эле. Жон Пендлтон үйүндө отурса шашып-бушуп доктор Чилтон кирип келди. Ал Поллианнанын ден соолугуна кабатырланып атканын айтып, көпкө чейин бакылдап сүйлөп отурду. Бирок кызды көргөнү ал үйгө бара албай жатыптыр.

Вашингтондо жашаган дарыгер досу Поллианнадай оорулууларды сакайткан ыкма таап-тыр. Кыздын абалы бул ыкмага ылайык келер-келбесин билүү үчүн доктор Чилтон Поллиан-наны сөзсүз өзү текшериш керек экен. Анын айыгарына чын жүрөктөн ишенип турду.

Дарыгер муну мисс Поллиге айта алмак эмес. Себеби эски сүйгөнү экөө көп жылдан бери таарынышып жүрөт. Мисс Полли өзү да үйүнө чакырбайт. Себеби, ал аял мурда доктор Чилтонго: «Сени үйүмө чакырганым — сени менен жарашууну каалаганымды билдирет» деген болчу. Доктор да басып бара алчу эмес. Себеби ал дагы катуу намыскөй неме эле.

Экөө конок бөлмөдө маселенин чечүү жол-дорун талдап, арга таппай отурушту. Мисс Полли укмуштай намысчыл. Доктор Чилтон андан кем эмес... Анда Поллианнанын айыгышы мүмкүн экенин мисс Поллиге ким айтат?

Жимми Бин бул учурда терезенин тушун-дагы гүлдөрдү сугарып жүргөн. Эки кишинин

бакылдашканы ачык терезеден сыртка шашпай угулуп турду. Жимми Бин баарын угуп, баарын түшүндү. Эч кимден жардамын аябаган ак ниет кыздын, бардар үйгө туш болушуна себепчи болгон кичинекей досунун айыгарын укканда кантип чыдап турмак эле? Жок!.. Улуулардын кур намысы үчүн жан досунун шал болуп калуусуна көз жума алмак эмес.

Колундагы чөйчөгүн ыргытып жиберди да, «Поллианна экөөндүн ушул сөзүңөрдү угуп, ыргылжың болуп отурганыңарды көрсө кускусу келмек» деп сүйлөнүп көчөгө чыкты. Ал ошол бойдон Харрингтондордун үйүн көздөй шуулдап жөнөдү.

Мисс Поллинин тилемчи, селсаяк деген сөздөрү аны иренжитсе да, Поллианнанын кадыры үчүн жек көрүү сезимин басып, сүйлөшүүгө бел байлады.

Ошентип ал мисс Поллиге доктор Чилтон Жон Пендлтонго учурашканы келгенин айтты. «Чилтон» деген атты укkан аялдын тула-бою дүркүрөп кетти. Бирок баланын сөзүн аягына чейин укмак болуп унчукпай отурду. Бала болсо экөөнүн ортосунда болгон сөздөрдү, доктор Чилтон Поллианнанын сакаярына ишенгенин айтып берди.

Ал тургай экөөнүн ортосунда «намыс» деген сөз көп айтылганын, анын бул жерге кандай тиешеси бар экенин түшүнбөй койгонун да

билдирди. Аны кызарып-татарып угуп отурган мисс Полли болсо «намыстын» эмне экенин жакшы билчү. Бир аз деми сууй түшкөн Жимми сөзүнүн акырын:

– Ошентип Поллианна басышы мүмкүн экен. Бирок, мунун так жообу доктор Чилтон бияка келип, кайрадан текшерип көрсө гана билинет имиш. А сиз болсо аны киргизбей жатыптырсыз. Ал дагы сиз чакырмайын өз бетинче бул жерге келбей турганын айтты. Бирөө барып буларды сизге айтышын абдан каалап жатыптыр, — деп бүтүрдү.

— Ммм... Демек Поллианнанын айыгуу ыктымалы бар экен да? — деди мисс Полли кубангандай.

— Ооба, эми доктор Чилтондун сиздикине келүүсүнө уруксат бересизби?

Мисс Полли үндөгөн жок. Тек гана эрдин тиштеп, чечкиндүү кадамдар тууралуу ойлонуп туруп калды.

* * *

Ал күнү да күн батып, кайра таң атты. Поллианна шыпты тиктеп, терезеден жымыңдап тийип турган нурларды карап өзүн алаксытып жаткан. Ал аңгыча бөлмөгө доктор Уоррен кирип келди. Анын артынан күлүмсүрөп бир киши кошо кирди.

Аны көргөн Поллианна:

— Доктор Чилтон! — деп кыйкырды. — Сизди көргөнүмө абдан кубанычтамын! Бирок, таежем сизди көргүсү келбей...

Дал ушул маалда мисс Полли да жылмайып кирип келди:

— Баары жайында, кызым. Ооба, аны мен чакырдым, — деди кызды жубатып.

Бул учурда доктор Чилтондун жүзү бакыттан балкып турганын баары байкады.

Мисс Полли да анын кудуңдап алганын байкап, кызарган бойдон сыртка чыгып кетти.

Түн кирген кезде Поллианнанын бөлмөсүнүн эшиги жай ачылып, мисс Полли кирип келди да, жээнинин керебетине кыйшайды. Экөө кыйлага сырдашып отурду. Мисс Полли кубанычтан үнү дирилдеп:

— Сүйүнүчтүү кабарды алгач сени менен бөлүшөйүн деп чечтим, Поллианнам!.. — деди.

Поллианна кызыгуу менен кулак түрдү.

— Ооба, жаным... Жакында сени жезделүү кылам. Сага жезде катары доктор Чилтонду тандадым. Бул дагы сенин артың менен болду, Поллианна... Ушунчалык... Ушунчалык бактылуумун дейсиң, канчалык кубанганымды сөз менен жеткире албайм, бөбөгүм!

Бул кабар Поллианнаны кубанычка бөлөдү. Сүйүнгөнүнөн таежесин кучактап өпкүлөп жиберди. Көзүнө жаш алып туруп:

— Полли таеже, абдан кубанып турам. Эми менде арман жок. Ооба, сиздин кубанычыңызды көргөндө баспай калганыма деле кайгырбай калдым, — деди.

Полли таежеси дагы ыйлап жибербейин деп өзүн араң кармады. Доктор Чилтон ден соолугу тууралуу айткан жакшы кабарды кичинекей кызга билдирүүнү али эрте деп эсептеди. Аны ашыкча үмүттөндүрүүнү туура көргөн жок. Бул жаңылыкты жымсалдап:

— Чүрпөм, — деп сөз баштады. — Келерки аптада саякатка чыгасың. Сага окшоп ооруган бейтаптар үчүн салынган ооруканага барып кел. Ал жерде доктор Чилтондун дарыгер досу жаңы ыкмалар менен сени айыктырганга аракет кылат.

* * *

Ушул окуядан бир жума өткөн болчу. Диванда отурган мисс Полли колундагы катты онунчу ирет окуп жатты.

«Сүйүктүү Полли таежем жана Чилтон жездем!

Абдан кубанычтамын! Бүгүн керебетимден терезеге чейинки алты кадам аралыкты эч кимдин жардамы жок, өз алдымча бастым!

Кайрадан бутума турганыма сүйүнүп, жетине албай турам... Дарыгерлер, медайымдар, башка оорулуулар дагы муну көрүштү. Баары кол чаап, куттукташты. Ооруканада чогуу жат-

кан эже да абдан кубанды. Мени баары жакшы көрө окшойт... Буга ишене баштадым. Баары ыйлады, а мен күлүп жыргагым келди. Киши кантип ушундай кубанычтуу окуяга ыйласын!

Сүйүктүү таежем, бир эле кайгым бар. Ал эмне билесизби? Чилтон жездем экөөңөрдүн үлпөт тоюңарга катыша албай калат экем. Тойду бир аз кийинкиге жылдырып турсаңар кандай сонун болмок! Үйлөнүү эрте болсун деп Чилтон жездем чабалактап атканын билип эле турам! Эх... Жыйырма жылдан бери чыдамы деле түгөнсө керек.

Таеже, сизге дагы бир сүйүнчүм бар. Бүгүн мени дарылаган дарыгерлердин өз ара сүйлөшүп атканын кулагым чалып калды. Жакында үйгө кайтат экем! Сакайганда поезддин бекетинен үйгө чейин жөө басып баргым келет.

Таеже, бул жактагыларга да оюнубузду үйрөттүм. Баары мыкты деңгээлде ойноп жатышат... Бир канча убакыт баспай калганыма ыраазымын десем да болот. Себеби киши баса албай калганда гана бутунун баркын билет экен... Ии, баса, унутуп кала жаздаган турбаймынбы. Дарыгеримдин айтуусуна караганда, эртең сегиз кадам басат экемин. Буга сиз да кубандыңызбы, таеже?

Эртең да сизге кат жазам. Барыңыздарды сүйүү менен кучактап өөп

Жээниңиз, ПОЛЛИАННА УИТТИЕР».

МАЗМУНУ

ЭЛИНОР ЖАНА ПОЛЛИАННА 3
МИСС ПОЛЛИ 5
ТОМ ЖАНА НЕНСИ 13
ПОЛЛИАННАНЫН КЕЛИШИ 18
ЧАТЫРДАГЫ ЧАКАН БӨЛМӨ 28
ОЮН 39
МИЛДЕТ 47
ПОЛЛИАННА ЖАНА ЖАЗАЛАР 56
МИССИС СНОУ 65
ТАБЫШМАКТУУ КИШИ 74
КУБАНЫЧТУУ ЖАҢЫЛЫК 84
ЖИММИ МЕНЕН ТААНЫШУУ 89
КОКУСТУК 98
ДОКТОР ЧИЛТОН 113
ХРУСТАЛЬ ПРИЗМА 123
МААНИЛҮҮ СУНУШ 132
КЫРСЫК 145
ЖАМАН КАБАР 155
ҮМҮТ 168

Китептин түп нускасынын аталышы:

Pollyanna
Eleanor H. Porter

Элинор Портер

ПОЛЛИАННА

(Роман)

Даярдаган: *Тойчубек Сагындыков*

Редактор:
Насыпбек Асанбаев
Корректор:
Сейитбек Идирисов
Мукабасы:
Руслан Аруунов
Верстка:
Бакытбек Конурбаев

ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ
ТЕПКАНА
ИНВ № 225 = 00

24/2670

Жүрөгү муңга баткандар, дүйнөдө адилетсиздик көп деп эсептегендер сөзсүз Поллианна китебин окуш керек. Бул чыгарма 100 жылдан ашуун убакытта бери аны окуган ар бир кишинин жүрөгүн жылытып келет. Китепте боорукердик жана позитивдүүлүк мыкты деңгээлде чагылдырылгандыктан, акыркы баракты жапкандан кийин жашоого башкача көз караш менен карай баштайсыз. Бул чыгарма бекеринен дүйнөлүк балдар адабиятынын «Алтын казынасына» кирген эмес. Китеп балдарга арналганы менен, чоң кишилер да окуганга муктаж. 11 жашында жетим калган Поллианнанын тагдыры эч качан эскирбейт жана анын «кубануу оюну» бардык адамга жардам берүүнү уланта бермекчи.

9 789967 486546